**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**АЙДАРОВА ЖЫПАРГУЛЬ МУСАЕВНА**

# Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору, профессор

Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна

**Бишкек –2021**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**…………………………………………………………………3

**I БАП. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздери**
1.1. Өспүрүм окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрү жана педагогикалык мүнөздөмөсү…………………………………………………………………9
1.2. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окутуунун сапатын жогорулатуунун фактору катары ……..…………………..…………………………………......25
1.3. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө таасир эткен педагогикалык шарттар...35
**Биринчи бап боюнча корутунду** ……..…………………………………64

**II БАП. Орто мектептеги өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү жолдорунун илимий методдору, материалдары жана модели**
2.1. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдорун аныктаган илимий методдор, заманбап модели.............................66
2.2. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык технология.......................................................81
2.3. «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» педагогикалык технологиясынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган негизги окутуу методдору (ыкмалары)...........................................................................................................97
**Экинчи бап боюнча корутунду**………….................…………..................117

**III БАП: Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары**
3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу…..........................................119
3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо……………..134
**Үчүнчү бап боюнча корутунду** ……..........................................................144

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ**…….....................................................................146

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**………………………..............................152

**ТИРКЕМЕ**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Азыркы коом социалдык жана экономикалык кайра түзүү, сапаттуулукка карай өзгөрүү шартында терең билим алуу менен бирге турмуштук ар кандай кырдаалдардагы көйгөйлөрдү өз алдынча, чыгармачылык менен чечүүгө жөндөмдүү болгон инсандарга муктаж. Аталган маселеге байланыштуу жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу процесси окуучулардын кызыкчылыктары менен таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн эске алып, билим берүү процессинин мазмунун жана уюштуруу формаларын өзгөртүүнү талап кылат. Окуучулардын негизги ишмердүүлүктөрү тууралуу педагогика илимдеринин доктору, профессор Э. Мамбетакунов төмөнкүлөрдү жазат: «Балдардын ишмердүүлүктөрүнүн негизгилери – оюн, окуу, эмгектенүү. Оюн ишмердүүлүгү аныкталган образдарды аткаруу менен тигил же бул социалдык тажрыйбага ээ болушу. Окуу окуучунун өздүк активдүүлүгү окуу материалын жөн гана кабыл албастан, ага өзүнүн жеке ой-толгоосун пайда кылуу менен өздөштүрүүгө шарт түзөт. Ал эми окуучунун эмгектенүү ишмердүүлүгү бул аныкталган натыйжаны пайда кылуу үчүн жүргүзүлгөн аракеттеринин жыйындысы» [100, 69-70-бб].

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгү башка маанилүү ишмердүүлүктөрдүн ичинен айрыкча орунду ээлейт. Окуу-репродуктивдүү ишмердүүлүк болгону менен, окуучу окуу аркылуу дүйнөнү кабыл алат, чөйрөнү таанып-билүүсү өсөт, тарбиялык маанилүү маалыматтарды алат, сөдүк кору байыйт, сөз байлыгы артат, сөз маанисин түшүнөт, логикасы кенейет, ой жүгүртүүсү калыптанат, сүйлөө ишмердүүлүгүнө багыт алат. Педагогикалык булактар баланын окуу ишмердүүлүгү анын сүйлөө ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта өнүгөт жана андан ары уланат деп белгилешет. Өспүрүм окуучуларынын курагына жараша ар түрдүү тексттерди окуу жана түшүнүү билгичтиги бардык башка предметтер боюнча ийгиликтүү окутуунун негизинде жатат. Математика боюнча маселенин

шартын түшүнбөгөн бала, аны чече албайт; табият таануу боюнча текстти түшүнбөй – суроолорго жооп бере албайт.

Окуучулардын окуганын түшүнүү процессин жакшыртуу оюн ишмердүүлүк аркылуу ийгиликтүү болорун Кыргыз Эл мугалими, профессор И. Бекбоев белгилейт: «Азыркы мезгилде билим берүү системасында окутуунун активдүү технологиясы абдан кеңири колдонулууда. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр: дискуссия, оюндар, тегерек стол, акыл чабуулу ж.б. Оюнсуз үйрөнүү жок..., окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак болот... Ал гана эмес жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүрүлгөн нерсе бекемирээк сактала тургандыгы белгилүү», – деп, оюндарга чоң маани берген [23, 384-б].

Изилдөөнүн актуалдуулугу ошондой эле өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүнүн деңгээлинин өнүгүүсүнө байланыштуу учурдагы кырдаалга тез арада педагогикалык жооп кайтаруу зарылдыгы менен шартталган. Эл аралык PISA (Program for International Student Assessment) изилдөө программасында биздин өлкөнүн он беш жаштагы мектеп окуучуларынын окуу көндүмдөрү боюнча көрсөткүчтөрүндө терс динамика сакталып калууда. 2006-жылы 57 мамлекеттин ичинен 57-орун; 2009-жылы 65 мамлекеттин ичинен 65-орун. Бул көйгөй «окуу маданиятынын системалык кризисинин» компоненттеринин бири болуп эсептелет [81, 20-б].

Акыркы мезгилде Кыргыз Республикасында башталгыч класстардын окуучуларынан баштап окуу көндүмдөрүнүн жакшыртуусун изилдөөгө төмөнкү окумуштуулар өзгөчө көңүл бурууда. Алсак, Б.Абдухамидова, О.И.Дудкина, Г.Мадеминов, А.Ж.Муратов, Р.Орозова, С.К.Рысбаев, А.Д. Токтомаметов, М.К.Усупова, Р.Х.Шакиров, М.М.Эсенгулова жана башкалар.

Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү маселесин ар кандай илимий көз караштa ар түрдүү тарыхый мезгилдерде (19-20-кылымдарда) көптөгөн илимий изилдөөлөр арналган. Россиялык (К.Д. Ушинский, Л.С. Выготский, А.А. Леонтьев, В.А.Сухомлинский, Н.Ф.Бунаков, Л.А. Мосунова, А.Г. Асмолов,

А.М.Кушнир, М.П. Воюшина, Т.Д. Полозова) жана чет өлкөлүк (М.Адлер, Д.Пеннак, Ч.Темпл, К.Мередит) окумуштуулар бул процесстин жүрүшүнүн жана калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн карашкан, окуу көндүмдөрү менен байланышкан психикалык процесстердин өнүгүүсүн изилдешкен.

Көптөгөн изилдөөлөрдүн жүргүзүлгөндүгүнө жана көйгөйдүн актуалдуулугуна карабастан КР өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү жеткиликтүү изилдене элек. Изилдөө ишинин темасы боюнча педагогикалык, философиялык, психологиялык адабияттардын, диссертациялык, монографиялык материалдардын, илимий иштердин талдоосу төмөнкү карама-каршылыктарды аныктоого мүмкүндүк берди:

– өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмүн өнүктүрүү зарылдыгы (Мамлекеттик стандарт, предметтик стандарттар, болжолдуу программалар) менен жана «окуу көндүмү»түшүнүгүнүн маңызын, өзгөчөлүктөрүн ачып берген эмгектердин жоктугу ортосундагы;

– жалпы билим берүү мектепке коюлган окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү милдети менен окуучулардын мындай сапаттарынын өнүгүүсү үчүн педагогикалык шарттардын иштелип чыкпагандыгы ортосундагы;

– мамлекеттин стандартты киргизүүдө дисциплина аралык программалардын дарамети менен алардын окуучулардын окуп-үйрөнүү процессинде жетишсиз иштеп чыккандыгы ортосундагы.

Жогоруда аталган маселелер жана зарылдыктар изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап, диссертациялык иштин «**Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары**» деп аталышын шарттады.

**Изилдөөнүн максаты**: өспүрүм окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрү жана педагогикалык мүнөздөмөсүнүн негизинде окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперименттик изилдөө өткөрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Өспүрүм курактагы окуучулардын өнүгүүсүнүн педагогикалык мүнөздөмөсүн ачыктоо.

2. Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.

3. Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык технологияларды талдоо.

4. Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусуна окуу-тарбиялоо процессинде педагогикалык экспериментти жүргүзүү аркылуу баа берүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы:**

1. Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн педагогикалык шарттары аныкталды жана илимий жактан негизделди. Окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу; ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларын даярдоо жана өткөрүү; тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин сунуштоо.

2. Өспүрүм курактагы окуучулардын окууга натыйжалуу окутуунун теориялык маселелери талдоого алынды.

3. Жалпы орто мектептерде жүргүзүлгөн окутуу-тарбиялоо процессинде окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык технологиялар ачыкталып, баа берилди.

4. Жалпы орто мектептердеги мугалимдердин ата-энелер менен иштөө технологиясынын жаңы формалары такталды, окутуу-тарбиялоо процессине киргизилди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанүүлүлүгү:** диссертациялык изилдөөнүн теориялык натыйжаларын ЖОЖдордо, кесиптик чеберчилик институттарынын курстарынын лекциялык жана практикалык сабактарында пайдаланса болот. Изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштамалары педагогикалык багытта окуган

студенттердин билимин өркүндөтүүгө жана аларды методикалык ыкмалар менен камсыз кылууга жардам берет.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча теориядагы жана практикадагы абалын талдоодон алынган жыйынтыктар.

2. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары

3. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө педагогикалык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрү.

4. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары.

**Изденүүчүнүн жекече салымы**: Өспүрүм курактагы окуучулардын окууга натыйжалуу окутуунун теориялык маселелери талдоого алынды; жалпы орто мектептерде жүргүзүлгөн окутуу-тарбиялоо процессинде окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык технологиялар ачыкталып, баа берилди; жалпы орто мектептердеги мугалимдердин ата-энелер менен иштөө технологиясынын жаңы формалары такталды, окутуу-тарбиялоо процессине киргизилди. Өспүрүм окуучулар үчүн **«Мен олуттуу окуганга үйрөнүп жатам»** элективдүү курстун программасы, **«Ата-энелердин клубу» «Академиялык аянтча»** ата-энелер жана мугалимдер менен кызматташуу жолугушуулары аталыштагы программалар иштелип чыкты;

**Илимий иштин апробацияланышы**. Ош педагогикалык институтунда өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияда, И.Бекбоевдин 90 жашына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда докладдар окулган.

**Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 8 илимий макалаларда (анын ичинен 6 жергиликтүү, 2 макала РИНЦ журналында) жарыяланган. Алар Известия Вузов Кыргызстана (2018), Ала-Тоо университетинин Жарчысы (2019),

«Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары» (2020), Сборник научых статей (Уфа, Башкирский государственный педагогический университет им. М. Акмуллы) (2020) жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Илимий иш киришүүдөн, үч баптан, ар бир бапка жазылган корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, 191 пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, 6 диаграммадан, 12 таблицадан, 4 сүрөттөн, 8 тиркемеден турат.

# 1-БАП. ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК ТАЛДООСУ

## 1.1. Өспүрүм окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрү жана педагогикалык мүнөздөмөсү

Адамдын жашоосун мезгилдерге бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү өнүгүүнүн өзгөчө мыйзам ченемдүүлүгүнө баш ийип, тарыхый мүнөзгө ээ жана бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу. Адамдын жекече өнүгүүсүн мезгилдерге бөлүштүрүүдө айрым өзгөчөлүктөрдү эске алуу зарыл. Ар бир жаш курак мезгилинин башталышы жана бүтүшү кескин чектелбейт. Мындай өзгөчөлүк курагы боюнча мезгилдерге бөлүштүрүүдө жаш курактын такталбагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Өспүрүм курак – бул балалык менен бойго жеткен мезгил, ал биологиялык башталышка жана маданият менен аныкталган аяктоого ээ.

XIX кылымдын аягында В.Дальдын Түшүндүрмө сөздүгүндө өспүрүм 14-15 жашдагы «жаш өсүү үстүндөгү бала» деп аныкталган [55, 69-70-бб.]. Э. Шпрангердин оюу боюнча, өспүрүм куракты 13 (кыздар үчүн), 14 (эркек балдар үчүн) 17 жашка чейинки чекте каралган көз карандылык балдардын мамилелеринен бошонуу аракети менен мүнөздөсө болот [163, 43-б.].

Бул мезгил үчүн хронологиялык алкак шарттуу, багыттуу мүнөзгө ээ. Психологияда ушул мезгилге чейин өспүрүм курактын хронологиялык алкагы жөнүндө талаш-тартыштар дагы эле жүрүп жатат. Көптөгөн көз караштар бар.

Л.С. Выготский [41] 14-18 жаштагы жыныстык жетилүү мезгилин жана эки кризисти бөлүп көрсөтөт: 13 жана 17 жаштагы кризис Э.Эриксон [170] боюнча, өспүрүм курагы адам 15 жаштан баштап 20 жашка чейин өткөн иденттүүлүк баскычына туура келет. Л.Ф. Обухова [122] азыркы маалыматтарга ылайык, өспүрүм курак 11 жаштан 20 жашка чейин он жылга жакын убакытты камтыйт деген. А.М. Прихожан [96], бул мезгил 10-11

жаштан баштап 16-17 жашка чейин созулганын, заманбап мектептердеги балдардын V-XI класстарда билим алган мезгилине туура келгенин көрсөтөт. А.Г.Гримм өспүрүм курак кыздарда 12-15 жашта, эркек балдарда 13-16 жашта болгонун белгилейт. Дж.Биррендин мезгилдештирүүсүнө ылайык, бул мезгил 12-17 жашты камтыйт. Д.Б. Бромлейдин жаңы классификациясында бул курак 11-15 жаш аралыгында берилет [96]. Ушул эле узактыкты, 11 жаштан баштап 15 жашка чейин, Калифорния Университетинин Адам Өнүктүрүү Институтунун лонгитюдиналдык изилдөөнүн авторлору көрсөтүшкөн. Ж.Пиаже өспүрүм куракты 12-15 жаш аралыгында караган [122].

Курактык морфология, физиология жана биохимия көйгөйлөрү боюнча Бүткүл союздук XII конференцияда кабыл алынган курактык мезгилдештирүү схемасында өспүрүм курак – кыздарда 12-15 жаш, эркек балдарда 13-16 жаш аныкталган.

Д.Б. Эльконин сунуштаган онтогенезди мезгилдештирүүсүндө, өспүрүм курак жетилүү катары каралган учурда, басым организмдин физикалык өнүгүүсүнө эмес, ишмердүүлүктүн алдыңкы түрлөрүнүн алмашышы жана өнүгүүсү менен шартталган жаңы психикалык формациялардын пайда болушуна жасалат. Бул мезгилдештирүүдөгү өспүрүм куракт ын чектери 10-11 жаштан 15-16 жашка чейин аныкталат [176, 61-б.].

Я.А. Коменский биринчилерден болуп жаңы социалдык көрүнүшкө – өспүрүмдүн өнүгүү мезгилине көңүл бурган. Адамдын табиятынан улам, ал жаш муундун жашоосун ар бири алты жаштан төрт курактык мезгилге бөлөт. Ал 6-12 жаштан өспүрүм курактын чегин аныктайт. Мындай бөлүштүрүүнүн негизине ал жаш өзгөчөлүктөрдү коёт; айрыкча, өспүрүм курак алардын аткаруучу органдары – тили жана колу менен эс тутумунун жана элестетүүсүнүн өнүгүүсү менен мүнөздөлөт [81, 16-б.].

Ж.Ж. Руссо өспүрүм куракты адам «экинчи жолу төрөлүү» деп мүнөздөгөн, ал кезде адам «жашоодо өзү төрөлөт». Ошол эле учурда Руссо

бул мезгилдин маанилүү өзгөчөлүгүн – өзүн-өзү таануунун өсүшүн баса белгилеген. 1762-жылы чыккан «Эмиль же тарбиялоо жөнүндө» романында ал ушул мезгилдин адам жашоосундагы психологиялык маанисин белгилеген. [139, 94-б.].

Ж.Ж.Руссонун идеяларын С.Холл 1904-жылы жарык көргөн «Өсүү: анын психологиясы, ошондой эле физиология, антропология, социология, секс, кылмыштуулук, дин жана билим менен байланышы» деген эмгегинде андан ары өнүктүргөн. Ал бул кубулушту түшүндүргөн концепцияны сунуштап гана тим болбостон, узак мезгил бою өспүрүм курак менен байланышкан салттуу көйгөйлөрдүн спектрин аныктаган. Немец романтизминин философиясынын рухунда өспүрүм мезгилинин мазмуну Холл тарабынан аң-сезимдин кризиси, «Бороон жана чабуул» мезгили катары белгиленет, аны жеңип чыгуу менен адам «жекелик сезимге» ээ болот. [170, 37-б.]

Инсандын өнүгүүсүнүн биогенетикалык жана социогенетикалык теориялары өнүгүүнүн биологиялык шарттуулугуна багытталат, социалдык-психологиялык касиеттер алардан келип чыгат же алар менен айкалышат. Өнүгүү процессинин өзү негизинен жетилүү катары чечмеленет, анын баскычтары универсалдуу. Куректык процесстердин өнүгүү түрлөрү жана вариациялары генетикалык жактан шартталган конституциялык типтерден келип чыгат. Бул теорияларда С.Холлдун [170] рекапитуляция теориясын белгилесек болот. Ал үчүн өспүрүм курагы, бойго жетилгенден (12-13 жаш) баштап бойго жеткенге чейинки (22-25 жаш) аралыктагы мезгил, романтизм дооруна барабар. Анын теориясы дароо психологдор тарабынан сынга алынган, балдар оюнунун жаныбарлардын же алгачкы адамдардын жүрүм-туруму менен сырткы окшоштугу алардын жүрүм-турумунун психологиялык иденттүүлүгүн билдирбейт деп белгилешкен.

Баштапкы чекити адамдын ичинде болуп жаткан процесстер болгон биогенетикалык мамиледен айырмаланып, социогенетикалык теориялар куректын касиеттерин коомдун түзүлүшүнө, социалдашуу методдоруна жана

объектинин башка адамдар менен өз ара аракетине таянып түшүндүрүүгө аракет кылышат. К.Левин баланын жашоо дүйнөсүн анын жакынкы чөйрөсүнө, микро чөйрөгө көз каранды кылып, аны коом менен чектеп, тегин, генетикалык өзгөчөлүктөрүн жокко чыгарат [96].

Классикалык психологдор өспүрүмдүн инсандыгын сапаттык башкача деңгээлде карашкан.

З. Фрейддин мезгилдешүүсүндө өспүрүм курак 12 жаштан баштап 18 жашка чейин өзгөрүлөт жана ал жыныс стадиясы деп аталат. Балдардын сексуалдык умтулууларынын кайтып келиши менен мүнөздөлөт, эми мурдагы бардык эрогендик зоналар биригип, өспүрүм бир максатка – кадимки жыныстык баарлашууга умтулат. Бирок, кадимки жыныстык баарлашууну ишке ашыруу татаал болушу мүмкүн, мына ошондо жыныстык стадиясынын жүрүшүндө фиксация феноменин же өнүгүүнүн мурунку баскычтарынын тигил же бул түрүнүн бардык өзгөчөлүктөрү менен регрессиясы байкалышы мүмкүн. Ушул баскычта, «Мен» инстанциясы кайрадан өзү жөнүндө билдирет, «Бул» агрессивдүү импульстарына каршы күрөшүшү керектигин өзүн сезет. Алсак, мисалы, ушул баскычта Эдип комплекси кайрадан пайда болушу мүмкүн, ал жигитти бир жыныстагы адамдардын баарлашуусу үчүн артыкчылыктуу тандоого гомосексуализмге түртөт. Агрессивдүү «Бул» импульстарына каршы күрөшүү үчүн, «Мен» инстанциясы эки жаңы коргонуу механизмин пайдаланат. Бул аскетизм жана интеллектуализация. Аскетизм ички тыюулардын жардамы менен бул көрүнүштү кармайт, ал эми интеллектуализация аны кыялдагы жөнөкөй көрүнүшкө түшүрөт жана ушундай жол менен өспүрүмгө ушул жадатма каалоолордон арылууга мүмкүнчүлүк берет [170].

Өспүрүм курагын изилдөөдө маанилүү орунду Э. Шпрангердин теориясы ээлейт, ал жандыктын ички дүйнөсү табигый же социалдык шарттуулуктарга негизинен таянбайт деп эсептейт. Ал тараптан 14-17 жаш менен чектелген өспүрүмдүк баскыч, балдардын көз карандылыктан арылууга аракеттенүүсү менен байланышкан кризис менен мүнөздөлөт. Бул

курактын башкы жаңы түзүлүштөрү катары «Мен» түшүнүгүнүн ачылышын, ой жүгүртүүнүн (рефлексиянын) пайда болушун, өз жекелигин аңдап-түшүнүүсүн байкаса болот [163].

В.С. Мухина идентификациялоо жана обочолонтуу аркылуу инсанды өнүктүрүү жана болуу механизмдерин түшүнүүгө принципиалдуу жаңы мамилени сунуш кылат. Анын оюу боюнча, идентификация – бул адамдын ар тараптуу маңызын бир адам тарабынан өзүнө ыйгарып алуу механизми. Обочолонтуу – бул адамдын өзүнүн табигый жана адамдык маңызын коргоо механизми [116, 25-27-бб.].

Өспүрүм мезгилине В.С. Мухина кийинки орунду берет. 11-12 жаштан 15-16 жашка чейинки өспүрүм курак – өспүрүм үй-бүлөсү менен болгон мамилесин жаңыдан баалай баштаган мезгил. Инсан катары өзүн табууга умтулуу, ага жылдан жылга таасир эткендердин бардыгынан алыстоо зарылчылыгын жаратат жана бул биринчи кезекте ата-энелерге тиешелүү. Бул мезгилде өспүрүм курбулары менен болгон мамилесин баалай баштайт. Өзүнө окшош адамдар менен таанышууга умтулуу доско болгон чоң муктаждыкты жаратат. Дал ушул достук аркылуу өспүрүм адамдардын жогорку деңгээлдеги өз ара аракеттенүү сапаттарын өздөштүрөт: кызматташуу, өз ара жардамдашуу, өз ара байланыш түзүү, башкалар үчүн тобокелдикке баруу. Өспүрүм кезиндеги достук, өспүрүмдөрдүн өз ара идентификациялоого болгон каалоосунун аркасында мамилелердеги шайкештикти жогорулатат. Эгерде үй-бүлөдөгү өспүрүмдөр негативисттер болсо, анда алар теңтуштарынын арасында көбүнчө конформисттер болушат. Өзүнө жана башкаларга болгон ой жүгүртүүлөр өспүрүм курагында алардын жеткилеңсиздигинин тереңдигин ачып берет – ал эми өспүрүм психологиялык кризис абалына түшөт. Субъективдүү жагынан алганда, бул татаал башынан өткөрүүлөр. Бирок өспүрүмдүк кризис өспүрүмдү ал жөнүндө балалык кезинде ал таптакыр ойлонбогон ушунчалык терең билимге жана сезимге байытат [116, 29-б.].

Н.Левитов өспүрүм куракты «маргиналдык» мезгил катары карайт, анда бала коомдогу өз ордун табуу жолунда, анын чоң адамдардын социалдык турмушуна кирүүсү жүргөн учуру [96].

И.В. Андрееванын [12] мамилесине негизделген өспүрүмдөрдүн социалдашуу процессинин мазмуну үч тармактан турат: ишмердүүлүк, баарлашуу, өзүн-өзү билүү. Ушул тармактардын баары үчүн жалпы мүнөздөмө болуп өспүрүмдүн тышкы дүйнө менен социалдык байланыштарынын кеңейтүү, көбөйтүү процесси эсептелет. Түшүнүү жеңил болуу үчүн ар бир тармактын мүнөздөмөсүн бере кетели.

**1) Ишмердүүлүк тармагы.** Социалдашуу процессининин баарынын жүрүшүндө өспүрүм ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн өздөштүрөт. Өспүрүм курактагы балдар мектепте жолдоштору жана чоң адамдар менен баарлашуунун, мамилелердин жаңы тутумуна киришет. Өспүрүмдүн үй-бүлөдөгү, ошондой эле күнүмдүк жашоодо теңтуштар арасындагы орду өзгөрүлөт.

Ишмердүүлүк тармагы кеңейет, ал эми башкысы, бул ишмердүүлүктүн мүнөзү сапаттуу өзгөрүлөт, анын түрлөрү жана формалары орчундуу татаалдашат. Өспүрүмдөр ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө: окуу-билим берүү, коомдук-саясий, маданий-массалык иштерине, дене тарбия жана спорт ишмердүүлүгүндө, уюштуруу иштерине ж.б. катышышат.

Көлөмү боюнча өспүрүмдүн жашоосундагы негизги орун окуу ишмердүүлүгүнө таандык. Бирок, кенже мектеп курагына салыштырмалуу, өспүрүмдүн окуу ишмердүүлүгү орчундуу өзгөрүлөт. Окуп-үйрөнүүгө шыктануу сапаттуу өзгөрөт. Окуу ишмердүүлүгүндө өспүрүм орчундуу деңгээлде коомдук тартиптин мотивдерин жетекчиликке алат: өзүнүн окуучу катары милдетин аткарууну каалоо, келечектеги ишке мыкты даярдануу жана коллективде ардактуу орунга жетишүү. Ал жакшы академиялык көрсөткүчтө жеке кадыр-барктын гана эмес, анын инсандыгынын социалдык маанисин көрөт, б.а. социалдык баа берүүгө да, жеке өзүн-өзү тастыктоого да умтулат.

Өспүрүм курактагы баланын социалдык көз карашынын өзгөрүүсү, анын жашоодо, коомдо, чоң адамдар менен болгон мамилесинде белгилүү бир орунду ээлөөгө умтулуусу, өспүрүмдүн «Мен жана менин коом үчүн пайдам», «Мен жана менин коомдук жашоого катышуум» тутумунда өзүн-өзү баалоого болгон муктаждыгынын кескин жогорулашынан көрүнөт. Өспүрүмдүн коомдогу орду анын коомдук таанылган мүнөзгө ээ болгон ишмердүүлүккө катышуу даражасы (же мүмкүнчүлүктөрү) менен аныкталат: дал ушул ишмердүүлүк ушул курактык мезгилде алдыңкы болуп эсептелет.

**2) Байланыш тармагы.** Чоң адамдар менен байланыш курбулар менен болгон байланышка алмаштырылат. Бул баланын чоң адамдар каалабаган же түшүнө албаган өзүнүн «дүйнө концепциясын» түзө башташы менен байланыштуу. Өспүрүм курбу-курдаштарынын тобунда өзүн инсан катары көрсөтүүгө аракет кылат, чоң адамдар менен пикир алышуу муктаждыгынан курбулары менен баарлашуу муктаждыгы үстөмдүк кылат. Мына ошентип, өспүрүмдүн чоң адамдар менен болгон баарлашуусунда, эң алгач, ал башкалардан алган баалоо муктаждыгы канааттандырылат. Өз ара баа берүүнүн ылайыктуулугуна улуу жана кичүү абалдарынын айырмачылыгы олуттуу тоскоол кылат. Теңтуштары менен баарлашууда баалоо дагы жана өнөктөштү баалоо дагы муктаждыгы шайкеш канааттандырылат. Мына ушундан улам, баарлашуу боюнча өнөктөш катары теңтуштардын теңдиги курчап турган дүйнө жөнүндө өспүрүмдөрдүн ылайыктуу түшүнүктөрүн калыптандыруунун өбөлгөсү болуп саналат.

Д.Б. Эльконин, О. В. Драгунова баарлашууну өспүрүмдөрдүн алдыңкы ишмердүүлүгү катары аныктайт. Бул ишмердүүлүктүн башкы мазмуну болуп баарлашуу процессинде өнүгө турган өспүрүмдөрдүн инсандык өз ара мамилелери эсептелет, жолдошторунун чөйрөсүндө өзүн, жалпысынан тышкы дүйнө менен өз ара мамилени аныктоого мүмкүндүк берет. Өспүрүм курагында баарлашууга умтулуу максаттын жана кызыкчылыктардын жалпылыгына негизделип, теңтуштарын бириктирген кандайдыр бир топко тиешелүү болууга каалоону чакырат [178, 182].

Өспүрүмдүн баарлашуусунун мазмуну өзүнө руханий жана баалуулук маселелерин (жашоонун мааниси, дүйнөлүк көйгөйлөр) камтыйт: турмуштун окуялар тарабы (үй-бүлөнүн жашоосу, тааныштар топтору, өздөрүнүн жана алардын айланасындагылардын аракеттери); эмоционалдык башынан өткөрүүлөр (таасирлер, бир нерсеге же кимдир бирөөгө болгон мамиле, маанай, сезимдер, башынан өткөрүүлөр); предметтик тарап (күнүмдүк маселелер, кеңири маанидеги нерселер).

**3) Өзүн-өзү билүү тармагы.** Өспүрүмдүн инсандык өзүн-өзү билүүсүн өнүктүрүүнү Т.В. Драгунова изилдеген, ал биологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөр социалдык шарттарда ушул жашка өзгөргөн жыйындысынын фонунда жүрөт, анда өспүрүмдөрдүн инсандык сапаттарына талаптар жогорулайт деген [178, 96-б.]. Өспүрүм куракта инсанды өнүктүрүүдө биринчи жолу өзүн-өзү түшүнүү иш-аракеттери (өзүн-өзү таанып билүү, өзүнө-өзү байкоо жүргүзүү, өзүнө-өзү мамиле кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу, жүрүм-турум жана ишмердүүлүк) инсандын керектүү муктаждыктарынын бири болуп калат. Бул муктаждыктын өнүгүү даражасы өзүн өзү түшүнүүсүн калыптанышына таасирин тийгизет, өспүрүмдүн айланадагы адамдар менен, чоң адамдар менен дагы, теңтуштар менен дагы мамилелеринин мүнөзүн олуттуу өзгөртөт; социалдык институттарды, социализация механизмдерин жана жолдорун байкаларлык кайра түзүүгө алып келет. Өспүрүмдө чоң адамдарга, ата-энелерге, мугалимдерге карата курч сынчылдык менен билдирилген, көз карандысыздыкка, боштондукка чыгууга, өз алдынчалуулукка ээ болууга умтулуу; чоң адамдар менен жогорулаган чыр-чатак жеткиликтүү көрүнөт.

Социалдаштыруунун жүрүшүндө өзүн-өзү түшүнүүнү өнүктүрүү – бул ишмердүүлүктүн жана баарлашуу чөйрөсүн кеңейтүү шартында социалдык тажрыйбага дайыма ээ болуу менен аныкталуучу, көзөмөлдөнүүчү процесс. [4, 121-б.].

Мына ошентип, социалдашуу процесси өспүрүм үчүн «кеңейтилген чындыкты» жараткан үч белгиленген тармактардагы өзгөрүүлөрдүн

биримдиги катары гана түшүнүлүшү мүмкүн, анда ал жакынкы микро чөйрөнү гана эмес, бүтүндөй коомдук мамилелер тутумун өздөштүрүү менен, аракеттенет, таанып-билет жана баарлашат. Ушул өздөштүрүү менен катар өспүрүм ага өзүнүн тажрыйбасын, өзүнүн чыгармачыл мамилесин киргизет, ошондуктан чындыкты активдүү кайра өзгөртүүдөн башка, аны өздөштүрүүнүн башка формасы жок.

Өздөрүнүн баалуулуктар тутумун түзүү өспүрүмдөрдүн түбөлүк философиялык көйгөйлөргө, адеп-ахлак жөнүндөгү идеалдуу идеяларга кайрылышы менен коштолот. Ата-энелер (же ал тургай бүтүндөй коом) тарабынан жарыяланган адеп-ахлактык принциптердин чындыкка дал келбестигин түшүнүү, аларды кескин жана катуу сындоодо, «козголоң көтөрүүдө», кээ бир учурларда – өспүрүм бала үчүн «коомдун абийиринин» үлгүсү болуп кызмат кылган өзүнүн муундун адеп-ахлагын идеалдаштырууда байкалат. Өспүрүмдөрдө өзүн тереңирээк түшүнүүгө, өз сезимдерин, маанайларын, пикирлерин, мамилелерин түшүнүүгө умтулуу байкалат. Өспүрүмдүн жашоосу кандайдыр бир мазмундуу мамилелер, кызыгуулар, башынан өткөрүүлөр менен толтурулушу керек.

Өспүрүм мезгили «оор» жана «татаал» деп эсептелет, себеби:

– **биринчиден,** салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде, мурунку өзгөчөлүктөрүнүн, кызыкчылыктарынын жана мамилелердин көптөгөн сапаттык өзгөрүүлөрү жүрөт, алар өнүгүү процессине өңгүл-дөнгүлдүү, бороонду мүнөзүн берет;

– **экинчиден,** болуп жаткан өзгөрүүлөр көбүнчө өспүрүмдө башкача тартиптеги (аны тарбиялоодогу кыйынчылыктар) олуттуу субъективдүү кыйынчылыктардын пайда болушу менен коштолот;

– **үчүнчүдөн,** өспүрүм чоң адамдардын таасирине берилбейт, анда тил албастыктын, каршылык көрсөтүүнүн жана наразычылыктын (өжөрлүк, оройлук, негативизм, обочолонуу) ар кандай түрлөрү пайда болот.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр бул баскычты өткөөл мезгил катары мүнөздөшөт. Ошондой эле, ушул өткөөл мезгилде мүнөздөрдүн жарылышы,

кумарлардын толкундоосу жана ушул сыяктуу көрүнүштөр орун алат, бул өспүрүм курагын оор жана түшүнүксүз кылат.

Өспүрүм куракты өзүнчө баскыч катары эмес, өнүгүү динамикасында кароо зарыл, анткени онтогенездеги баланын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, ушул өнүгүүнүн күчүн түзгөн карама-каршылыктар жөнүндө билмейинче, өспүрүмдүн акыл-эс өзгөчөлүктөрүн аныктоо мүмкүн эмес.

Л.С. Выготскийдин эмгегинде, өспүрүм курак ар кандай психотравмалык факторлордун таасирине өтө эле жакын шарттардын жыйындысы катары берилген. Алардын эң күчтүүсү ата-энелердин татыксыз жүрүм-туруму, алардын ортосундагы чыр-чатактуу өз ара мамилелер, өспүрүмдүн жана башкалардын көз карашы боюнча маскаралоочу кемчиликтердин бар болушу, өспүрүмгө карата адепсиз мамилеси, ага ишенбестиктин же сыйлабастыктын көрсөтүлүшү. Мунун бардыгы окуу-тарбия иштерин татаалдаштырып гана тим болбостон, кээде аны дээрлик мүмкүн кылбайт. Ушундай негизде өспүрүмдүн жүрүм-турумунда ар кандай четтөөлөр пайда болушу мүмкүн [42, 171-б.].

Э.Штерн өз эмгегинде өспүрүм куракты инсанды калыптандыруунун баскычтарынын бири деп караган. Анын оюу боюнча, «өткөөл курак ойлордун жана сезимдердин, умтулуулардын жана идеалдардын өзгөчө багытын гана эмес, аракеттенүүнүн өзгөчө ыкмасын дагы мүнөздөйт». Э.Штерн өспүрүм куракты баланын оюну менен олуттуу, жоопкерчиликтүү ишмердүүлүк ортосундагы аралык катары сүрөттөйт жана ал үчүн «олуттуу оюн» деген жаңы түшүнүктү тандайт. «Олуттуу оюндун» мисалы катары спорт менен машыгуу, кесип тандоо жана ага даярдануу боло алат [166, б.18].

Д.Б Эльконинин концепциясында, өспүрүм курагы, бардык жаңы мезгил катары эле, мурунку мезгилдин алдыңкы ишмердүүлүгүнөн келип чыккан жаңы түзүлүштөр менен байланыштуу. Окуу ишмердүүлүгү дүйнөгө багыт алуудан өзүнө багыт алууга «бурулуш» алып келет. «Мен киммин»

суроосунун чечилишин чындык менен кагылышуу аркылуу гана табууга болот [176, 152-б.].

Жогоруда айтылгандардан өспүрүм курактын өнүгүүсүнүн социалдык кырдаалын бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу.

Өнүгүүнүн социалдык кырдаалы – бул ушул коомдо кабыл алынган мамилелер тутумундагы өспүрүмдүн өзгөчө абалы. Ал эми өспүрүм куракта бул балалыктан көз карандысыз жана жоопкерчиликтүү бойго жеткенге өтүүнү билдирет. Өспүрүм балалык менен бойго жеткендин ортосундагы аралык абалды ээлейт. Өспүрүм өз жашоосу менен жашай баштаган учурда, ата-энелер тарабынан көптөгөн көзөмөл ишке ашырылат, ал өспүрүмдүн жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизет жана натыйжасында өспүрүм өз алдынча болуу, эркиндикти колдонууну үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Бул учурда анын өз алдынчалуулукка умтулуусу активдешип, ага ата-энелер катуу көзөмөл менен мамиле кылып, өспүрүмдү өз теңтуштарынан обочолонтушат, ошону менен өспүрүмдөрдүн тирешүүсү күчөй баштайт.

Ата-эне өспүрүмдүн жашоосунда улуу досу катары иш алып барышы керек, анткени бул өспүрүмдүн инсандык сапатын нормалдуу өнүктүрүүнүн маанилүү шарты болуп эсептелет. Ата-энелер менен болгон мамилелерде өспүрүмдү кызыкчылыктардын жана хоббилердин биримдигинин негизинде уюштурулган биргелешкен ишмердүүлүккө кошуу оң болуп эсептелет. Мындай ишмердүүлүктү аткарууда ишенимдүү мамилелер, биргелешкен башынан өткөрүүлөр, сезимдер, маанайлар пайда болот.

Өспүрүмдүн жашоосунда ата-эненин маанилүү ордуна карабастан, чыр-чатактардын бар болушу, агрессиянын, оройлуктун, өжөрлүктүн көрсөтүлүшү ушул мамилелерге мүнөздүү. Мунун бардыгы өспүрүмдүн өзүн чоң адамдай сезип, ошондуктан өзүнө карата туура мамилени талап кылгандыгы жана ата-эне өспүрүмгө баладай мамиле жасоону улантуусу менен байланыштуу. Эгер ата-эне өспүрүмгө болгон мамилесин өзгөртө турган болсо, алардын баарлашуусу жемиштүү болот.

Өспүрүм курактагы алдыңкы ишмердүүлүк жекече-инсандык баарлашуу болуп саналат, анын жүрүшүндө өспүрүмдүн инсандык сапаттарынын толук кандуу өнүгүүсү жүрөт. Көз караштар, принциптер, идеалдар, турмуштук максаттар калыптанат, жүрүм-турум эрежелери өздөштүрүлөт. Ал эми бул ишмердүүлүктүн башкы позитивдүү өзгөчөлүгү – реалдуу коомдук мамилелерди моделдештирүү, бул өспүрүмдүн коомдун активдүү жашоосуна кирүү муктаждыгына өбөлгө түзөт.

Өспүрүмдүн коомдун активдүү коомдук жашоосуна кириши маалыматтын көп агымы менен коштолот, турмуштук тажрыйбалар ар түрдүү болуп, жашоо темпи тездейт, билим алуусу татаалдашат. Ушундан улам, маалыматтын көп агымы менен сезүү, кабылдоо, элестетүү, эс тутум, ой жүгүртүү, сүйлөө сыяктуу таанып-билүү процесстери активдешип жана өнүгө баштаганын белгилей кетүү керек.

У. Нейссердин изилдөөлөрүнүн негизинде өспүрүм курактагы **ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн** төмөнкү өзгөчөлүктөрүн ажыратууга болот:

1.окутуу процессинде өспүрүм бардык ой жүгүртүү аракеттерин логикалык деңгээлде өздөштүрөт;

2.акырындык менен, өспүрүм аткарган кээ бир ой жүгүртүү операциялары бирдиктүү интегралдык түзүлүшкө айланат.

3.абстракттуу ой толгоолордо абстракттуу идеяларды талдоо, каталарды жана логикалык карама-каршылыктарды издөө [40, 69-70-бб.].

Ошентип, өспүрүмдөр кандайдыр бир нерсеге жаңы, тереңирээк жана жалпыланган көз карашка ээ болуу менен, ой жүгүртө баштагат, башкача айтканда, аларда интеллектуалдык өнүгүү менен түздөн-түз байланыштуу болгон дүйнө таанымынын калыптануусу жүрөт.

Таанып-билүү процесстеринин өнүгүүсү чоңойгон сайын окуу программаларынын татаалдашкандыгынан көз каранды. Өспүрүм чоңдордун ой жүгүртүүсүнүн логикасына ээ болот, анын кабыл алуу жана эс тутум сыяктуу таанып-билүү процесстеринин андан ары өнүгүүсү байкалат. Өспүрүм куракта **эс тутумдун** ар кандай түрлөрү өздөштүрүлөт: оозеки-

логикалык, эркин, механикалык, логикалык. Ушул түрлөрдүн жардамы менен эрксиз жаттоонун өндүрүмдүүлүгү басаңдайт, ошол эле учурда ортомчулукта эстеп калуунун натыйжалуулугу жогорулайт.

Өспүрүм куракта элестетүү ой жүгүртүү, кабыл алуу жана эс тутум менен катарлаш өнүгөт.

**Элестетүү –** бул чындыкты чагылдырган түшүнүктөрдү кайра өзгөртүү жана ушул негизде жаңы түшүнүктөрдү жаратуу процесси.

Элестетүү өспүрүмдүн психикалык жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелгенин баса белгилөө керек. Л.С. Выготский өспүрүмдүн элестетүүсү – бул фантазияга айланган оюн деп болжолдогон [40, 69-70-бб.]. Фантазия – элестетүүнүн өндүрүмү болуп эсептелет, анын маңызы аң-сезимде чагылдырылган чындыктын көрүнүшүн өзгөртүү. «Фантазия» термини элестетүү менен синоним катары пайдаланылат.

Өспүрүмдүн фантазиясы жөнгө салуу функциясын аткарат. Чыныгы жашоодогу өспүрүмдүн муктаждыктарына жана каалоолоруна канааттанбоо фантазиялык дүйнөдө оңой камтылат, ошондуктан элестетүү жана фантазия кээ бир учурларда чыңалууну басаңдатып, ички карама-каршылыктарды жоюп, өзүнө ишеним берет.

Өспүрүм курагында окуу көндүмдөрүнүн, ошондой эле монолог жана жазуу кебинин жигердүү өнүгүүсү улантылат.

Өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүнүн өнүктүрүүнүн негизги өзгөчөлүгү болуп окулган материалды түшүнүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу эсептелет. Өспүрүмдөрдүн монологдук сүйлөөсү да орчундуу өзгөрөт, оозеки баяндаманы өз алдынча даярдай билүү, ой жүгүртүү, ойду билдирүү жана аларга далил сунуштоо жөндөмдүүлүгү калыптанат. Өз кезегинде, жазуу кеби өспүрүмдүн жаза алуу жөндөмдүүлүгүнөн баштап, конкреттүү же эркин темада өз алдынча дил баянга чейин жакшырат.

Демек, өспүрүм куракта таанып-билүү процесстери жогорку деңгээлге жетет. Ой жүгүртүүнүн өнүгүү закон ченемдүүлүктөрү көп жагынан башка психикалык процесстердин иштешинин жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн

аныктайт. Айрым авторлор дал ушул инсандык өнүгүү мезгилинде интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөр максималдуу деңгээлге жетет деп эсептешет. Алсак, россиялык психолог Я.А. Пономарев чыгармачыл процессти адамдын интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн ар кандай деңгээлдеринин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасы катары карайт жана интеллектуалдык өнүгүүнүн туу чокусуна 12 жашында эле жетишет деп эсептейт [130, 19-20-бб.].

Белгилей кетсек, И.С. Кон өспүрүмдүк курактагы төмөнкү жаңы түзүлүштөрүн аныктаган [82, 12-б.].

**1-таблица. – Өспүрүмдүк курактагы жаңы түзүлүштөр (И.С.Кон боюнча ыңгайлаштырылган)**

| № | Жаңы түзүлүштөр | Баяндоосу |
|---|---|---|
| 1. | Жетилгендик сезими | *Жетилгендик сезими* өспүрүмдүн бойго жеткенде өзүнө карата мамилесин калыптандырат. Ал башкалардын ага чоң адамдай мамиле кылышын, анын пикирин жана муктаждыктарын эске алышын каалайт. |
| 2. | Өзүн-өзү түшүнүүнү өнүктүрүү, инсандык идеалды калыптандыруу. | *Өзүн-өзү түшүнүүнү өнүктүрүү, инсандык идеалды калыптандыруу* өспүрүмдүн өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрүн билүүсүнө багытталган, бул өспүрүмдүн кемчиликтерине сын көз карашы менен аныкталат. Өспүрүмдүн идеалы адатта башка адамдардын сапаттарынан жана артыкчылыктарынан турат. Бирок чоң адамдар дагы, теңтуштар дагы окшоштуруу үчүн идеал болгондуктан, карама-каршылыктуу болуп чыгат жана негизинен, бир адамга дал келе бербейт. Балким, өспүрүмдүн идеалына дал келбешинин себеби ушул болсо керек, бул тынчсызданууга негиз берет. |
| 3. | Өзүн-өзү түшүнүү же ой жүгүртүүгө жөндөмдүү | *Өзүн-өзү түшүнүү же ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүктүн* негизги формасы болуп салыштыруу эсептелет. Өспүрүм, салыштыруу аркылуу өзүнө-өзү баа берүүсүн калыптандырат жана коомдогу ордун аныктайт. Анын жүрүм-туруму |

| | | |
|---|---|---|
| | лүк. | башкалар менен баарлашууда пайда болгон өзүнө-өзү баа берүү сезими менен башкарылат. Өзүнө-өзү баа берүү сезимин өнүктүрүүдө ички ченөлчөмдөргө көп көңүл бурулат. |
| **4.** | Карама-каршы жыныска кызыгуу, жыныстык жетилүү. | *Карама-каршы жыныска кызыгуу, жыныстык жетилүү.* Өспүрүм куракта эркек балдар менен кыздардын ортосундагы мамиле өзгөрөт. Карама-каршы жыныстагы адамдар катары гана бири-бирине кызыгуу күчөйт. Ошондуктан, өспүрүмдөр өзүнүн тышкы көрүнүшүнө кам көрө башташат: кийим, чач жасалгалоо, фигура, баарлашуу стили ж.б. Натыйжада, аларда жакшыруу муктаждыгы пайда болот, ошону менен өзүн-өзү өркүндөтүү жана өзүн-өзү тарбиялоо менен алектене башташат.<br>Андан ары физиологиялык өнүгүү карама-каршы жыныстагы өспүрүмдөр арасында сексуалдык тартылуу пайда болушу мүмкүн экендигине алып келет. Сексуалдык мамилелер көбүнчө өспүрүмдөрдүн кызыгуусун туудурат жана өзүнө жана башкасына болгон жоопкерчилик сезими канчалык өнүкпөсө, ошончолук өзүнүн жана карама-каршы жыныстын өкүлдөрү менен жыныстык байланышка даяр болот. Биринчи сексуалдык байланыштар өспүрүмдүн кийинки интимдик жашоосуна чоң таасирин тийгизиши мүмкүн. |
| **5.** | Толкундануунун жогорулашы, маанайдын тез-тез өзгөрүлүшү. | *Толкундануунун жогорулашы, маанайдын тез-тез өзгөрүлүшү,* физиологиялык өзгөрүүлөр, жетилгендик сезими, чоң адамдар менен болгон мамиленин өзгөрүшү, алардын камкордугунан кутулууга умтулуу, ой жүгүртүү (рефлексия) – ушунун бардыгы өспүрүмдүн эмоционалдык абалы туруксуз болуп калышына алып келет. Мунун бардыгы маанайдын тез-тез өзгөрүлүп турушун, толкундоонун жогорулашын, «жарылуучу зат», көз жашын, агрессияны, кайдыгерликти көрсөтөт. |
| **6.** | Эрктик сапаттардын өнүгүүсү. | *Эрктик сапаттардын өнүгүүсү.* Эрктик сапаттарды калыптандырууда белгилүү бир ырааттуулук бар, мында алгач негизги динамикалык жана физикалык сапаттар (күч, ылдамдык, реакциянын ылдамдыгы) өнүгөт, андан кийин узакка созулган жүктү көтөрө билүү (чыдамдуулук, кармануу, туруктуулук жана сабырдуулук) менен байланышкан сапаттар өнүгөт. Ошондон кийин гана татаал жана билинбеген эрктик сапаттар (көңүлдү |

| | | |
|---|---|---|
| | | топтоо, иштөөгө жөндөмдүүлүк, көңүл коюу) калыптанат. |
| **7.** | Жеке мааниге ээ ишмердүүлүктө өзүнө-өзү ишенүү жана өркүндөтүүгө муктаждык. | *Жеке мааниге ээ ишмердүүлүктө өзүнө-өзү ишенүү жана өркүндөтүүгө муктаждык.* Дал ушул өспүрүм куракта билгичтиктер, көндүмдөр, ишкердик сапаттар калыптанып, келечектеги кесипти тандоо процесси менен айырмаланат. Бул куракта балдардын ар кандай ишмердүүлүккө болгон кызыгуусу, өз колу менен бир нерсе жасоого умтулуусу артып, келечектеги кесип жөнүндө алгачкы кыялдары пайда болот. Окуп-үйрөнүүдө жана эмгекте баштапкы кесиптик кызыкчылыктар пайда болот, бул керектүү ишкердик сапаттарды калыптандырууга ыңгайлуу шарттарды түзөт. «Чоң адамдай» жасоонун зарылдыгы өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү тарбиялоого, өзүн-өзү өркүндөтүүгө жана өзүнө-өзү кызмат кылууга шыктандырат. Жакшы жасалган жумуш башкалардын жактыруусуна ээ болот, бул өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү тастыктоосуна алып келет. |
| **8.** | Өзүн өзү аныктоо. | *Өзүн өзү аныктоо.* Жеке баалуулуктарды калыптандырууда, кийинчерээк өспүрүмдүн ишмердүүлүгүнүн мазмуну, анын баарлашуу чөйрөсү, адамдарга болгон мамиленин тандалмачылыгы, ушул адамдарга баа берүү жана өзүн-өзү сыйлоо аныкталат. Кесиптик өзүн-өзү аныктоо процесси башталат. Өспүрүм куракта уюштуруучулук жөндөмдүүлүк, ишкердүүлүк, ишкердик байланыштарды түзүү, биргелешкен иштер жөнүндө макулдашуу, милдеттерди бөлүштүрүү ж.б. жөндөмдүүлүгү калыптана баштайт. Бул сапаттар өспүрүм тартылган ишмердүүлүктүн бардык тармактарында: окууда, эмгекте, оюнда өнүгө алат. Өспүрүм курактын аягында өзүн-өзү аныктоо процесси иш жүзүндө аяктайт жана кийинки кесиптик калыптандыруу үчүн зарыл болгон кээ бир билгичтиктер жана көндүмдөр калыптанат. |

Мына ошентип, өспүрүм курактагы окуучулардын өнүгүүсүнүн педагогикалык мүнөздөмөсү боюнча педагогикалык адабияттарды талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Педагогикалык булактар жана адабияттарда курактык мезгилге бөлүштүрүү – бул маанилүү экендиги белгиленет. Өспүрүмдүн психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү менен таанышып чыгып, өспүрүм курагы – баланын өнүгүүсүндөгү өзгөчө мезгил, ал көп жагынан чечүүчү мүнөзгө ээ, ушул учурда ага өнүгүп жаткан чөйрөнү туура түзүү керектигин аныктай алдык. Ошондой эле өспүрүмдүн психологиялык абалына өзгөчө көңүл буруу керектигин, өзүн-өзү түшүнүүдө олуттуу өзгөрүүлөр бар экендигин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары тастыктайт.

Өспүрүмдүн инсандык касиетинин маанилүү өзгөчөлүгү – бул өзүн-өзү тастыктоого умтулуу, ал көз-караштардын, ойлордун, чечимдердин өз алдынчалыгына, коомдо өз ордун ээлөөгө умтулуусунда жана эң алгач, теңтуштарынын арасында чагылдырылат. Өспүрүмдөрдө коллективизм, жолдошчулук, милдет жана ар-намыс сезимдери ачык көрсөтүлөт. Алар теңтуштарынын коллективинде кабыл алынган адеп-ахлак нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин тез үйрөнүшөт, жолдошторунун коомдук пикирин жогору баалашат.

## 1.2. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окутуунун сапатын жогорулатуунун фактору катары

Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү – заманбап билим берүүнүн бирден бир негизги көйгөйү. Окуу жана сабаттуулуктун деңгээли тыгыз байланышта, себеби сабаттуулук окуу үчүн керек, ал эми окуу сабаттуулукту өнүктүрөт. Изилдөөлөрдүн талдоосу Кыргызстан сабаттуулуктун деңгээли боюнча өнүккөн өлкөлөрдүн арасынан артта калганын күбөлөндүрөт. Мисалы, 6 жаштагы балдардын сабаттуулуктун эң бийик деңгээли Канадада – 32%, Россияда – 14% (2003), 10 жаштагы балдардын сабаттуулугунун эң бийик деңгээли Англияда – 24%, Россияда – 8% (2003), Кыргызстанда көпчүлүк окуучулардын билим деңгээли мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына жооп бербейт [182, 2-б.].

Ар бир адамдын окуу көндүмүнүн калыптануу деңгээли окуунун төрт өзөктүү факторунун биргелешкен таасири менен аныкталат: дайыма окууга муктаждыгынын калыптанышы, маалыматтын жеткиликтүүлүгү, китептердин жеткиликтүүлүгү, мазмундун жеткиликтүүлүгү.

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө сабаттуулук жана окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча комплексттик улуттук программалар бар. Мындай программалар көпчүлүк калк активдүү окурмандардын курамына кошулушуна түрткү берет. Окуу жана сабаттуулукту өнүктүрүү – бул педагогикалык гана көйгөй эмес, бул маанилүү долбоор жана жалпы мамлекеттин милдети.

Заманбап билим берүү окуу көндүмүн басма сөз текстин окуунун автоматташтырылган билгичтиги катары түшүнөт, бул кабыл алынган чыгарманын (маалыматтын) идеясын аңдап-түшүнүүнү жана окулганга өз мамилесин калыптандырууну билдирет. Өз кезегинде, мындай окурмандык ишмердүүлүк тексттин үстүнөн окуганга чейин, окуу процессинде жана окугандан кийин ой жүгүртүү билгичтигине ээ болушун болжолдойт. Дал ушул мыкты окуу көндүмүнө негизделген «олуттуу окуу» баланы маданий салт менен тааныштыруунун, окуу дүйнөсүнө сүңгүп кирүүнүн жана анын инсандыгын өнүктүрүүнүн каражаты болуп калат. Ошол эле учурда, окуу көндүмү – башталгыч мектепте дагы, орто мектепте дагы ийгиликтүү окуунун ачкычы экендигин, ошондой эле заманбап адам туш болуп жаткан кубаттуу маалымат агымында багыт алуунун ишенимдүү каражаты экендигин унутпоо керек. Өлкөдөгү социалдык-экономикалык кырдаалдын өзгөрүшүнө байланыштуу коомго жаңы билимге ээ болуп, аны ар кандай ишмердүүлүктө колдоно алган адам керек.

Окуу – бул адамдын маданий ишмердүүлүгүнүн эң байыркы түрү, андан тышкары, окутуунун негизги каражаты жана курчап турган дүйнө менен таанышуу куралы. Окуу ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү катары окуучулардын акыл-эс, эстетикалык жана сөз өстүрүүсүн өнүктүрүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт.

Д.Б.Эльконин окуу деген эмне экендигин биринчи жолу аныктаган. Ал окуганга алгачкы үйрөтүүнү ишмердүүлүк теориясынын айрыкча, кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы жана акыл-эс аракеттери көз карашынан баалаган. Аракеттердин негизги предмети болуп бул угулган кеп эсептелет, б.а. «анын графикалык модели боюнча тыбыштык образды калыбына келтирүү боюнча аракеттер». Бул мезгилде тыбыштар жана тамгалар менен аракеттердин ыкмалары ишке ашат» [176, 64-б.].

Окуу – татаал психофизиологиялык процесс. Анын ишине көрүү, кыймыл, угуу анализаторлору катышат, Г. Ананьев жазат: «Бул процесстин негизинде «анализаторлордун өз ара аракеттенүүсүнүн татаал механизмдери жана эки сигналдык системалардын убактылуу байланыштары жатат» [13, 11-б.].

Ал эми белгилүү россиялык методист Н.Ф. Бунаков мындай деп жазган: «Окуу – башталгыч мектептин негизги куралы, аны менен ал өз окуучуларынын акыл-эс жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө таасир эте алат, алардын ойлорун жана кызыгуусун өнүктүрөт жана бекемдейт» [34, 7-б.]. Советтик көрүнүктүү педагог В.А.Сухомлинский Н.Ф.Бунаковдун оюн улантып, «Окуу – терезе, ал аркылуу балдар дүйнөнү жана өзүлөрүн көрүшөт, таанып-билишет. Бул окуучуну көркөм жана илимий-популярдуу адабияттар менен тааныштыруунун уникалдуу куралы» – деп баса белгилейт [151, 19-б.].

Жогоруда баяндалгандарга таянып, биз окуу жана жазуу билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу оозеки кепти өнүктүрүү менен гана, ошондой эле ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз көз каранды болгон талдоо билгичтиги менен ийгиликтүү болот деген тыянакка келебиз. Окуу процессинде кеп жана ой жүгүртүү бири-биринен ажырагыс, Л.С.Выготский бир канча жолу бул тууралуу айткан. Ал сөздүн мааниси сөздүн туура маанидеги ой жүгүртүүсү деп жазган [42].

Чындыгында, окуу – бул билимдин булагы, баланын таанып-билүү жана сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле чыгармачыл күчүн

өркүндөтүү жолу. Окуу – баланын адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн күчтүү каражаты. Окуу билгичтиктери жана көндүмдөрү акыл-эс ишмердүүлүгүнүн түрү катары жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жана өзүн-өзү тарбиялоонун каражаты катары да калыптанат. Окуучулардын ийгиликтүү окуусу окуу көндүмүнөн көз каранды.

Калыптанбаган окуу көндүмү бардык сабактар боюнча ийгиликтүү окууга тоскоол болот, анткени окуу – жалпы окуп-үйрөнүү көндүмү. Ар кандай мамилелерди колдонсо дагы, көпчүлүгүндө мугалим менен ата-энеге балага окугандарын түшүнүүгө үйрөтүү, окууга болгон туруктуу кызыгуусун жана өз алдынча окууга болгон муктаждыгын калыптандыруу өтө кыйынга турат. Ал эми чечилбеген көйгөй – бул мектептеги ийгиликсиздикке жана жалпы эле ийгиликсиздикке түз жол. Мектептин, өзгөчө башталгыч мектептин эң маанилүү милдеттеринин бири – кийинки бардык билим берүүнүн фундаменти жана негизинен гуманитардык циклдин предметтерин өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү болуп саналган ар бир окуучуда толук кандуу жана кылдат өздөштүрүлгөн окуу көндүмүн калыптандыруу.

Эми көндүм деген эмне экендигин тереңирээк карап көрөлү. Билгичтиктер менен көндүмдөр бири-бири менен өз ара байланышта, педагогикада аларды айырмалоо адатка айланган. Бирок окумуштуулар алардын мамилелери жөнүндө бир пикирге келишкен жок. Ар бир түшүнүктүн аныктамасына кайрылалы. Билгичтик – бул аң-сезимдүү аткарылган аракет. Көндүм – бул автоматизмге чейин жеткирген аракет, билгичтиктин жогорку даражасы [55].

Ушундан улам аны өздөштүрүүдө жогорку деңгээлге жеткирилген окуу билгичтиги акырындык менен окуу көндүмүнө өтөт деген жыйынтык чыгарса болот. «Көндүм – бул узак убакыт бою уюштурулган көнүгүүлөрдүн натыйжасында иштелип чыккан автоматташтырылган аракеттер», – деп белгилейт М.Р. Львов [101, 13-б.].

Педагогикада «окуу көндүмү» термини басма текстин үн чыгарып окуу боюнча автоматташтырылган билгичтиги катары мүнөздөлөт. Бул учурда,

текст тууралыгы менен аныкталат (катасыз, ийкемдүү окуу); шар окуу (окуу ылдамдыгы); түшүнүүсү (тексттин чыныгы мазмунун жана автордун ниетин түшүнүү) жана көркөмдүүлүгү (окуганда интонацияны сактоо). Алгачкы эки сапат (туура жана шар окуу) окуу ыкмасы менен айкалышуусуда (тамга боюнча, муундап, бүтүндөй сөз менен, аралаш) окуу техникасы деп аталат [37].

«Окуу көндүмү» термини менен катар «окуу техникасы» деген түшүнүк колдонулат. Окуу техникасы – бул окуу ыкмасы, темпи жана анын тууралыгы.

Окуу техникасы жана түшүнүү окуу процессинин эки тарабы катары каралат. Техника – бул окуганын түшүнүүнүн ажырагыс бөлүгү. Ал эми окуунун негизги максаты болуп түшүнүү эсептелет, – деп жазат Т.Г. Егоров [66, 12-б.].

Окуу көндүмүнө төмөнкүдөй 4 компонент кирет: туура окуу, шар окуу, түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу, көркөм окуу.

Бул компоненттердин арасында алдыңкы орунда түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу турат. *Түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу* – автордун ниетин аңдап-түшүнүү, ушул идеяны жүзөгө ашыруучу көркөм каражаттарды түшүнүү; окуган нерсеге болгон өз мамилеңди түшүнүү деп чечмеленет. Түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу зарыл турмуштук тажрыйбадан, сөздөрдүн лексикалык маанисин түшүнүүдөн, алардын шайкештигинен жана бир катар шарттардан көз каранды. Түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу тилдин ар бир бирдигинин: сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөмдөрдүн маанисин түшүнүү менен тыгыз байланыштуу. Текстти түшүнүү окуучулардын окуу техникасын өздөштүргөндүгүн жана учурдагы окуу процесси кыйынчылыксыз өтөт деп болжолдойт [66, 14-б.].




**1-схема. Окуу көндүмүнүн 4 компоненти.**

Окуучулар текстти түшүнүп (аң-сезимдүү) окушу үчүн, талдоо мазмун жана көркөм каражаттар тарабынан жүргүзүлөт. Ошентип, түшүнүп (аң-сезимдүү) окуунун эң негизги шарты – анын мазмунун түшүнүү [53].

*Туура окуу* – бул окулган нерсенин маанисине таасир этүүчү катасыз окууну билдирет. Туура окууну калыптандыруу эки багытта жүрөт:

**1-багыт:** көрүү (визуалдык) кабыл алууну өркүндөтүүгө, дем алууну жөнгө салууга жана артикуляциялык аппаратты өнүктүрүүгө багытталган белгилүү бир машыгуу көнүгүүлөрүн пайдалануу;

**2-багыт:** көркөм чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө көп жолу кайталап окуу принцибин колдонуу. Аны М.И. Оморокова [125] сунуштап, В.Г. Горецкий жана Л.Ф. Климанова [78] тарабынан сүрөттөлгөн. Бул принцип текстти талдаганда окуучу дайыма мазмундук жактан маанилүү болгон үзүндүлөрдү кайра-кайра окуганга кайрылып келишин көздөйт. Ошентип, чыгарманын идеясын түшүнүп гана тим болбостон, тез жана туура окууга жетишүүнү камсыздайт [125].

*Шар окуу* – бул окуган текстти түшүнүүнү шарттаган окуу ылдамдыгы. Бул ылдамдык убакыт бирдигинде окулган басылып чыккан белгилердин саны менен өлчөнөт (адатта, бул 1 мүнөттөгү сөздөрдүн саны). Окуу ылдамдыгы окуучулардын курагын жана акыл-эс ишмердүүлүгүнүн жүрүшүнүн динамикасын эске алуу менен оптималдуу диапазондо болушу

керек. Окуу ылдамдыгын аныктоодо ал баланын темпераментине байланыштуу экендигин дагы эске алуу керек [182, 89-б.].

*Көркөм окуу* – бул чыгарманын башкы идеясын жана ага болгон өз мамилесин оозеки кеп каражаттары аркылуу угуучуларга жеткирүү. Көркөм окуу сапат катары чыгарманы талдоо процессинде калыптанат. Л.А.Горбушинанын оюу боюнча, текстти көркөм окуу – бул оозеки кепте бир каражатты табууну билдирет, анын жардамы менен чыгармада камтылган бардык идеяларды жана сезимдерди жазуучунун ниетине ылайык, жеткиликтүү так жана чындык менен жеткирүүгө болот. Мындай каражат болуп интонация эсептелет [47].

Интонация – бул үндүү сүйлөөнүн биргелешкен аракеттенүүчү элементтеринин жыйындысы, алардын эң маанилүүсү басым, темп жана ритм, тынымдар, үндү көтөрүү жана түшүрүү [47].

Бул окуу компоненттеринин бардыгы бири-бирине байланыштуу жана бири-биринен көз каранды. Ошентип, окуучуну окуганга үйрөтүү процесси окуу көндүмүнүн бардык төрт компонентинин үстүнөн бир мезгилде иштөөнү эске алуу менен, ушул компоненттердин бардыгын комплексттүү жана тыгыз өз ара байланышта калыптандыруу менен, курулушу керек. Окуганга үйрөтүүнүн негизги милдети – балдарда бул көндүмдөрдү калыптандыруу.

Окууга үйрөнүү процесси шар окууну, муун боюнча окуй билүүнү калыптандыруудан башталат. Андан соң толук сөздөр менен окуу жүрөт. Окуу процессинин динамикасына байкоо жүргүзүү төмөнкү жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет: шар окуу канчалык жогору болсо, окуганын түшүнүү ошончолук жакшы болот, башкача айтканда, тууралыкты шарттоочу аң-сезимдүү окуу. Ушул үч сапаттын негизинде окуу көндүмүн түзгөн чынжырдын эң татаал звеносу катары көркөм окуу калыптанат.

Толук кандуу окуу көндүмү – бул бардык башка мектептик предметтер боюнча кийинки окуп-үйрөнүү үчүн негиз, маалымат алуунун негизги булагы, ал тургай баарлашуу ыкмасы. Окуу көндүмдөрүнө ийгиликтүү ээ

болуу – баланын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жалпы өнүгүүсүнүн көрсөткүчтөрүнүн бири, ошондой эле окутуу процессиндеги кыйынчылыктар тигил же бул психикалык процесстин (көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү, кеп) өнүгүүсүндөгү кээ бир көйгөйлөр жөнүндө айта алат. Окуу, таанып-билүү ишмердүүлүгү катары, тексттик маалыматты кабыл алуу жана иштетүүнү камтыйт, окуучулар үчүн эрктүү аракеттерди, тереңирээк көлөмдү жана туруктуу көңүл бурууну талап кылган татаал жана узак процесс.

Мектеп окуучуларынын тарбиясы жана өнүгүүсү окуу менен тыгыз байланышта. Бул балдар окуганын түшүнүү үчүн мугалимге системалуу иштөөнү эскертет. Окуу окуучуларга таанып-билүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачат ошондой эле, бири-бири менен баарлашууга мүмкүндүк берет. Эгер окуучуда окуу көндүмдөрүн өздөштүрүүдө көйгөй жаралса, анда, анын эс тутум, кеп же көңүл буруу сыяктуу психикалык процесстеринин өнүгүүсүндө кыйынчылыктар бар экендиги жөнүндө айтышы мүмкүн. Бул окуганды үйрөтүүгө өзгөчө көңүл буруу керектигин далилдейт.

Окуу көндүмүн калыптандыруу процессин башкаруу төмөнкү шарттарды аткарууда мүмкүн болот:

– бул көндүмдү калыптандырууда кабыл алуу, эс тутум, ой жүгүртүү сыяктуу маанилүү психикалык процесстердин өнүгүүсүнө таянуу керек;

– окуу процессин баланын сабакка, окууга жана жалпысынан китепке кызыгуусу калыптанышы үчүн куруу керек.

Демек, класстан класска шар, түшүнүп окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү жана өнүктүрүүнүн үстүнөн системалуу, максаттуу иш керек.

Окуу көндүмү төмөнкүдөй эки тараптан курулат: а) окуунун техникалык тарабы; б) окуунун маңыздык тарабы. **Окуунун техникалык тарабы** төмөнкү аспекттерден турат: окуу ыкмасы, окуу темпи (ылдамдыгы), окуу ылдамдыгынын динамикасы (жогорулашы), окуунун тууралыгы.

**Окуунун маңыздык тарабына:** окуган чыгарманы (маалыматты) түшүнүүсү жана көркөмдүүлүгү кирет.

Эң башкысы, окуганын түшүнүү, анткени бала окууну маалымат алуу үчүн курал катары пайдаланууга үйрөнөт, бул процесс көндүм деңгээлине жетиши үчүн окуганга үйрөнүү керек, б.а. автоматизмге алып келген билгичтик.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкү окуу билгичтиктерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

– негизги нерсени тексттен бөлүп алуу, ал ким же эмне жөнүндө экендигин түшүнүү, татаал жана керектүү маалыматты бөлүп көрсөтүү билгичтиги;

– подтексттин маанисин түшүнүү;

– -ексттик талдоо, б.а. тексттин ар кайсы бөлүктөрүн салыштыруу;

– аракеттерди өз тажрыйбасына которуу;

– текстти чечмелөө: керектүү маанини чыгаруу;

– окугандар боюнча ой жүгүртүү, өз ойлорун билдирүү;

– текстке баа берүү, автордук позицияны көрүү, чыгарманын жалпы маанайын сезүү, окугандарга болгон өз мамилесин калыптандыруу жана өз тандоосун түшүндүрүү [74, 5-б.].

Окуу билгичтиктерин жогорку деңгээлде өздөштүргөндө гана, алар окуу көндүмдөрүнө өтүүгө жөндөмдүү боло алышат.

Окуу жана түшүнүү калыптанган окуу көндүмүнүн негизинде гана бирдиктүү болот. «Үн чыгарбай» окуу – бул окууну өздөштүрүүнүн бийигирээк деңгээли болуп эсептелет, эгерде үн чыгарып жана толук сөздөр менен окуу толук калыптанбаса, анда аны киргизүү мүмкүн эмес.

К.Д. Ушинский сунуш кылган аң-сезимдүү окуу маселеси бир мезгилде көптөгөн суроолорду жараткан: көркөм чыгарманы анын эмоционалдык негизин бузбай түшүнүүгө кантип жетишүүгө болот, логикалык жана «эстетикалык» талдоонун ортосундагы эң туура айкалышууну кантип

орнотууга болот жана башкалар, мына ушул суроолорго биринчилерден болуп окуу китептерин түзүү менен, К.Д.Ушинский чечүүгө аракет кылган. Окуу китептерин түзүүдө ал окулган нерсенин бардыгы түшүнүктүү болушу керек деген принципти карманган [156, 60-б.].

Окуучуну аң-сезимдүү окууга үйрөтүү үчүн аны туура, катасыз окуганга үйрөтүү керек, анткени туура окулган нерсени гана түшүнүүгө болот. Класстагы ар бир окуучуда толук кандуу окуу көндүмү калыптанган учурда, орустун көрүнүктүү методисти Н.А.Корф белгилеген чакыруусуна көңүл буруу маанилүү: «ар бир мугалим бир эле мезгилде эки процессти өркүндөтүүгө үйрөтүшү керек: а) окуганга; б) окуганын түшүнүүгө» [125]. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу билим берүүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири. Бул көндүм кийинки бардык билим берүү үчүн негиз (фундамент) болуп саналат.

Мына ошентип, окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү окутуунун сапатын жогорулатуунун фактору боюнча педагогикалык адабияттарды талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучу үчүн окуу процесси – бул татаал, алгылыктуу оор процесс, анын элементтери бири-бири менен өтө эле начар байланышта болбостон, өз алдынча, өздүк кыйынчылыктарды алып келет. Окутуудагы ийгиликтин ачкычы – балада кабыл алуу, эс тутум, ой жүгүртүү жана сүйлөө сыяктуу өтө маанилүү таанып-билүү процесстеринин өнүгүүсүнөн көз каранды.

Түшүнүп (аң-сезимдүү) окуу көндүмдөрүн ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн мугалим класста белгилүү бир иштөө режимин камсыз кылышы керек:

– окуу көнүгүүлөрү күн сайын болушу керек;

– окуу үчүн тексттерди тандап алуу кокусунан эмес, балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана тексттердин адабий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүшү керек;

– туура эмес окуунун алдын алуу үчүн системалуу иш жүргүзүлүшү керек;

– окуу учурунда кетирилген каталарды оңдоонун максатка ылайыктуу системасы пайдаланышы керек;

– үн чыгарбай окууга үйрөтүү атайын уюштурулуп, бир нече кадамдарды камтышы керек: шыбырап окуу, окулуп жаткан нерсенин үнсүз артикуляциясы, «тынч окуу» (ичинен сүйлөө планында), иш жүзүндө үн чыгарбай окуу.

## 1.3. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө таасир эткен педагогикалык шарттар

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү зарылдыгы окутуу системасындагы айрым бир жалпы тенденциялар менен шартталган:

– окуучулардын маалыматты кабыл алуу түрлөрүнүн ар түрдүүлүгү;

– окутуунун маалыматтуулук формаларынан проблемалуулук жана илимий изденүүнүн элементтерин камтуу менен активдүү методдорго өтүү;

– окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышына басым жасоо менен өспүрүм куракта командалык, биргелешкен ишмердүүлүктөрдүн маанилүүлүгү [126, 8-б.].

Окуунун маңыздык тарабы жана анын механизмдери өзгөчө «окуганын түшүнүү» түшүнүгү окумуштууларды көптөн бери кызыктырып келет. Бул биринчи кезекте жалпы мектептик орто билимдин Мамлекеттик жана предметтик билим берүүчүлүк стандарттарын иштеп чыгууга байланыштуу, аларда билим берүүнүн натыйжаларына жаңы талаптар көрсөтүлөт.

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы №590 токтомунун редакциясына ылайык окутуунун натыйжасы катары Мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктүн тизмесин жана калыптануу деңгээлин аныктайт. Негизги компетенттүүлүк болуп конкреттүү предметтердин мазмуну аркылуу калыптануучу жана ишке ашырылуучу, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделүүчү билим берүүнүн натыйжасы саналат.

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартында маалыматтык, социалдык-коммуникациялык, «өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү» негизги компетенттүүлүк катары сунушталат. Ар бир компетенттүүлүктөрдүн аспекттеринде окуганын түшүнүү маанилүү орунга ээ, алар 2-таблицада кенен сунушталат. Орто мектепте өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү көп аспектилүү жана татаал педагогикалык көрүнүштү элестетет [95, 8-б.].

**2-таблица. – Негизги компетенттүүлүктөр жана алардын баяндоосу**

| | Компетенттүүлүктөр | Баяндоо |
|---|---|---|
| . | **Маалыматтык компетенттүүлүк** | 1) Өз ишин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу, негиздүү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматтарды пайдаланууга даярдык.<br>2) Маалымат менен иштей билүүнү талап кылат: жетишпеген маалыматты максатка умтулуу менен издөө, айрым фрагменттерди салыштыруу, гипотезаларды бирдиктүү талдоо жана коюу ыкмаларына ээ болуу.<br>3) Адамга сын көз менен ой жүгүртүлгөн маалыматтын негизинде акылга сыярлык чечимдерди кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. |
| . | **Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** | 1) Өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу.<br>2) Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даярдык жана аны жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү.<br>3) Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын ресурстарын жана социалдык институттарды пайдаланууга мүмкүндүк берет. |
| | **«Өз алдынча** | 1) Маалыматта, окуу жана турмуштук |

| | | |
|---|---|---|
| | **уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү» компетенттүүлүгү** | жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык. |

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин талдап, биз аныкталган маселени натыйжалуу чечүү педагогикалык шарттардын белгилүү системасын түзүү жана ишке ашыруу менен мүмкүн болот деген тыянакка келдик. «Педагогикалык шарттар» дегенде эмнени түшүнүп жатканыбызды тактоо маанилүү.

Педагогиканын теориясында жана практикасында бул түшүнүктүн көптөгөн аныктамалары жана чечмелөөлөрү бар. Философиялык категория катары «шарт» термини предметтин айланасындагы кубулуштарга болгон мамилесин туюнтат, ансыз ал жашай албайт. Шарттар объективдүү дүйнөнүн предметке салыштырмалуу сырткы көп түрдүүлүгүн түшүндүрөт, ал эми предметтин өзү кандайдыр бир шартталган нерсе катары көрүнөт. Тигил же бул кубулушту түзүүчү себептен айырмаланып, шарт бул кубулуштар пайда болгон, жашаган жана өнүккөн айлана-чөйрөнү түзөт.

Чоң советтик энциклопедияда бул терминге төмөнкүдөй түшүндүрмө берилген: «шарт – бул объектилердин (буюмдар, алардын абалы, өз ара аракеттешүүсү) комплексинин орчундуу компоненти, алардын бар болушунан бул көрүнүштүн жашоосунун зарылчылыгы келет». Бул аныктамада шарт изилденип жаткан кубулушка таасир этүүчү объектилердин бүтүндөй комплекси катары каралат [10].

Педагогикалык адабияттардагы «педагогикалык шарттар» түшүнүгүнүн аныктамасын карап көрөлү.

В.И. Андреев педагогикалык шарттарды «окутуу процессинин жагдайлары, алар белгилүү бир дидактикалык максаттарга жетүү үчүн окутуунун мазмунунун, методдорунун (ыкмаларынын), ошондой эле уюштуруу формаларынын элементтерин максаттуу тандоонун,

конструкциялоонун жана колдонуунун натыйжасы болуп эсептелет» деп түшүнөт [11, 321-б.].

Л.И.Савванын эмгектеринде педагогикалык шарттар коюлган көйгөйдү натыйжалуу чечүүсүн, жашоосун, иштешин жана өнүгүшүн аныктаган тышкы объектилердин жана ички жагдайлардын жыйындысы катары каралат [141, 10-б.].

М.И.Ерецкий педагогикалык шарттарды факторлордун аракеттеринен шартталган педагогикалык закон ченемдүүлүктөрдүн көрүнүшүнө өбөлгө түзүүчү (же каршы турган) факторду коштоочу педагогикалык жагдайлар деп аныктайт [141, 32-б.].

М.Е.Дуранов педагогикалык шарттар – бул педагогикалык факторлор ишке ашкан жагдайлар, чөйрө деп белгилейт [58, 231-б.].

Биздин изилдөөбүздүн контекстине Е.В.Яковлев менен Н.О.Яковлеванын көз караштары ылайыктуу деп таптык. Алар педагогикалык шарттар катары педагогикалык процесстин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чараларынын жыйындысын түшүнүшөт [189, 110-б.].

Ошентип, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары деп, окуу көндүмүнүн деңгээлин жогорулатууга багытталган педагогикалык процесстин иш-чараларынын жыйындысын түшүнөбүз. Белгилеп кетүүчү нерсе, педагогикалык шарттарды процесске киргизүүнүн натыйжалуулугу төмөнкүдөй талаптардын аткарылышынан көз каранды:

1.жетишиле турган түпкү максатты, натыйжаны аныктоонун тактыгы;

2.педагогикалык процесстин иштеши жана өркүндөтүлүшү өз ара байланышкан шарттардын жыйындысы менен жетишерин түшүнүү.

Мына ошондуктан, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн биз педагогикалык шарттардын жыйындысын комплексттүү киргизүүгө маани берилип, төмөнкү педагогикалык шарттарды аныктоого мүмкүндүк берди:

**Биринчи педагогикалык шарт.**Окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу.

**Экинчи педагогикалык шарт.** Ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларын даярдоо жана өткөрүү.

**Үчүнчү педагогикалык шарт.** Тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин сунуштоо.

Ар бир педагогикалык шарттардын өзгөчөлүктөрүнө токтолуу, алардын маңызын, ишке ашыруусун, ордун түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

**Биринчи педагогикалык шарт.** ***Окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу.*** Ар бир бала уникалдуу, ар түрдүү жөндөмдүүлүктөргө ээ жана ар кандай: угуу, көрүү, сезүү ж.б. каналдарын (сезимдердин органдары) пайдалануу менен, алган маалыматты өз алдынча кабыл алып, иштеп чыгат. Окуганга натыйжалуу үйрөтүү процессинде мугалим окуучулардын маалыматты визуалдык, вербалдык, аналитикалык (логикалык), кинестетикалык жана башка кабыл алуунун түрлөрүнө багытталган ыкмаларды колдонуууга багыт алышы зарыл. Сабакта мугалим кабыл алуунун бардык каналдарын (көрүү, угуу, кинестетикалык жана аналитикалык) пайдалануу менен окуучуларга маалыматты сунуштаса, анда алардын ар биринде кабарды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болот [182, 12-б.].




**1-сүрөт. Маалыматты кабыл алуу түрлөрү.**

Эгер мугалим окуучуда маалыматты кабыл алуунун кайсы түрү үстөмдүк кылганын билсе, анда алар менен мамиле куруу, көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды тандоо, окуунун керектүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн баалоо жеңил болот. Төмөндөгү 3-таблицада [182, 34-б.] кабыл алуу түрлөрүнүн мүнөздөмөсү сунушталып жатат.

**3-таблица. – Кабыл алуу түрлөрүнүн мүнөздөмөсү**

| № | Кабыл алуунун түрлөрү | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| 1. | **Көрүү (визуалдуу)** | Окуучунун көрүү кабыл алуусу үстөмдүк кылат, ал сүрөтү жакшы тартылган материалды тезирээк кабыл алат, байкоо жүргүзүү жолу аркылуу окуу көндүмдөрүн жеңил калыптандырат. Кабыл алуунун ушундай түрүн жетишкендиктери мыкты окуучуларга материалды өздөштүрүү убагында сүрөттөрүн тартууну суранса болот. |
| 2. | **Угуу** | Окуучу маалыматты угуу аркылуу жакшы кабыл |

| | | |
|---|---|---|
| | **(вербалдуу)** | алат, сөз материалдарын жакшы эстеп калат, ал эмне жасап жатканына комментарий берүү, көндүмдөргө ээ болууга түрткү болот. Аудиалга эстеп калуу процессинде тыбыштарды чыгарганда, эриндерин кыймылдатканда эскертүү бербегенге аракеттенүү керек, ал тапшырманы ушундай шартта аткарганды жакшы көрөт. |
| **3.** | **Кыймыл (кинестетикалык)** | Маалыматтын көпчүлүк бөлүгүн сезим аркылуу (жыт билүү, сезүү) жана кыймылдын жардамы менен кабыл алган окуучулар. Кабыл алуусу ушундай болгон окуучу маалыматты эмоция аркылуу кармап көрүшү, сезиши, өткөрүшү керек. Кинестетиктер булчуң эс тутумунун жардамы менен окугандарына байланыштуу, тапшырмалар кыймыл, оюндар, денелик көнүгүүлөр, бий жана музыканы, колдор менен иштөөнү, кагаздан, пластилинден жана башка материалдардан бир нерселерди (подделки) жасоо, аракеттердин театрализациясы пайдаланылат. Жаңы билимдерди сезимдер менен, образдуу ой жүгүртүү, чыгармачылык менен байланыштыруу керек. |
| **4.** | **Аналитикалык (Логика)** | Ушул типтеги окуучулар маалыматты негизинен логикалык аңдап-түшүнүү аркылуу, сандардын, белгилердин, логикалык жүйөлөрдүн жардамы менен кабыл алат. Ушул типке мүнөздөмө берүү менен, терминдер эскертилет: математикалык, сынчыл ой жүгүрткөн, логик, баалоочу. Ушул типтеги окуучулар үчүн логикалык түшүндүрмө жана далилдик негиз абдан маанилүү. |

**Экинчи педагогикалык шарт. Ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларын даярдоо жана өткөрүү.**

Окуучулардын жакынкы чөйрөсү, башкача айтканда үй-бүлөсү, үй-бүлө мүчөлөрү алардын таанып-билүүчүлүк жана социалдык-эмоционалдык өнүгүүсүнө орчундуу таасир эте тургандыгы белгилүү. Сабаттуулукка ээ болуу (б.а. окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу) – бул окуучулардын таанып-билүүчүлүк өнүгүүсүнүн элементтеринин бири болуп эсептелет. Россиялык окумуштуу Е.Л. Григоренко балдардын сабаттуулугунун калыптануусуна үй-бүлөнүн таасири тууралуу изилдөө иштерин жүргүзүп,

төмөнкү ойлорду белгилейт: «Үй-бүлөлүк чөйрөнүн мүнөздөмөсүнүн бири – бул ата-эненин социалдык-экономикалык макамы (СЭМ). СЭМ үй шартында түзүлгөн жана баланы сабаттулукка үйрөтүүгө багытталган кырдаалдардын саны (башкача айтканда, жыштыгы) менен дагы жана сапаты менен дагы байланыштуу. СЭМ баланын сабаттуулугун ар тараптуу, башкача айтканда, мектептин ишмердүүлүгүнүн жана функционалдык сабаттуулугунун глобалдык көрсөткүчтөрүнө, ошондой эле дифференциалдуу, башкача айтканда, сабаттуулуктун элементтерине таасир этет. СЭМ суммативдик көрсөткүч болуп саналат жана көптөгөн факторлордун таасирин чагылдырат, бирок көпчүлүк учурларда ал баланын ата-энесинин билими, иштегендиги жана кирешесинин көрсөткүчтөрү менен индекстелет»[51, 138-б.].

Бала тараптан окуганды жана орфографиялык чеберчиликти өздөштүрүүдө маанилүү болгон мүнөздөмөлөрдү белгилөө үчүн, «сабаттуулуктун үйдөгү чөйрөсү»[1] (мындан ары СҮЧ) термини киргизилген, ал сабаттуулуктун калыптанышы жана өнүгүшү менен көбүрөөк байланыштуу көрүнгөн үйдөгү чөйрөнүн мүнөздөмөлөрүн сүрөттөө үчүн пайдаланылат. Теориялык жактан алганда биз, үч багыттын мисалын келтире алабыз, алардын жардамы менен СҮЧ окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусуна таасир этет.

**4-таблица. – Окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусуна таасир этүүгө жардам берген үч багыт**

| Багыт | Баяндоосу |
|---|---|
| **Биринчи багыт** | Үйдөгү чөйрөнүн түз таасири менен байланыштуу: китептер жана кагаз жүзүндөгү дагы, электрондук ММКда дагы үзгүлтүксүз окулган жана көп болгон үй-бүлөлөрдө окуу көндүмүнө ээ болуу баалуу жана жагымдуу болгон атмосфера сунушталышы мүмкүн; мындай үй-бүлөдөгү чоң адамдар сабаттуулукка болгон мамиленин ролдук үлгүсүн көрсөтүшөт, мына ошентип балада билимдерди өздөштүрүүсүнө керектүү |

[1] «сабаттуулуктун үйдөгү чөйрөсү» (home literacy environment, HLE).

| | |
|---|---|
| | мотивацияны калыптандырышат. Балдар ата-энелерин туурап гезит жана китептерди окуган тураган (имитациялык) окутуу – бул СҮЧтүн баланын өнүгүүсүнө тийгизген таасиринин эң типтүү мисалы. |
| **Экинчи багыт** | Басма материалдары ашыкча бар болгон үй-бүлөлөр, адатта, сабаттуулугу жогорку деңгээлдеги, сүйлөө маданияты жана басма материалдарындагы эрудициясына ээ ата-энелер тарабынан түзгөндүгү белгилүү. Өз кезегинде, бул ата-энелер балдарына сабаттуулугун калыптандыруу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө, аларга, атап айтканда, оозеки жана басма сөз маалыматтарына кеңири мүмкүнчүлүктү камсыз кылышат. Мындай жагымдуу чөйрө окуу көндүмүн өнүктүрүүдөн мурун таанып-билүү көндүмдөрүн тез калыптанышына өбөлгө болору белгилүү. |
| **Үчүнчү багыт** | ачык (түз) окутууну стимулдаштыруу, бул аркылуу басма материалдарына жеткиликтүүлүгү жогору болгон үй-бүлөлөрдүн балдары мектепке чейин сабаттуулуктун негизги көндүмдөрүнө ээ болушат (б.а. алфавитти билүү). |

Чындыгында эле, ата-энелердин сабаттуулугу жогору болгон үй-бүлөлөрдүн балдары сабаттуулукту өздөштүрүүнүн кийинки баскычтарына ата-энелердин билим деңгээли жана сабаттуулугу төмөн үй-бүлөлөрдүн курбуларына караганда мектептин мыкты даярданып келишет. Мына ошондуктан, ата-энелердин сабаттуулугунун жогорку көрсөткүчү менен үй-бүлөлөрдүн балдарынын мектептик окутуунун шартында билимди өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт деп айта алабыз.

Кыргыз Республикасында «Келгиле, окуйбуз!» долбоору (2017-2021) окуучулардын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча көптөгөн иштерди жүргүзүп, иш-чараларды өткөрүшкөн. Алардын арасында ата-энелерди мектептин жана окуучулардын турмушуна кеңири катыштыруу маселеси.




**2-схема. Ата-энелердин мектептин жана окуучулардын турмушуна катышуусунун үч стратегиясы.**

Долбоор негизги үч стратегияны сунуш кылат (2-схема):

1. Ата-энелер менен жагымдуу **байланыш** түзүү.

2. Ата-энелердин толук кандуу катышуусу үчүн **мүмкүнчүлүктөрдү жана иш-чаралардын көп түрдүүлүгүн камсыз кылуу**.

3. Жалпы көйгөйлөрдү чечүүгө ата-энелердин катышуусун **колдоо.**

мектепте өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө үй-бүлөлүк окуу салтын жана маданиятын калыбына келтирүү маанилүү. ата-энелер балдардын окуу өркүндөтүүгө багытталган ишмердүүлүктө башкы ролдорду ойношу зарыл. Мугалимдер ар кандай татыктуу демилгени көтөрүп чыгышып, аны туруктуу практикага киргизүү максатында ата-энелердин колдоосун алуу үчүн жагымдуу байланыш түзүшү күтүлөт. Антпесе, мындай демилгелердин натыйжасы көрүнбөй калат.

Биздин изилдөөбүздүн контекстинде бул педагогикалык шартты процесске киргизүүдөн мурун биз өзүбүздүн алдыбызга окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө үй-бүлөнүн катышуусу тууралуу өзөктүү суроолорду коюп, маселени терең изилдөөгө аракет кылдык:

1. Эмне үчүн үй-бүлөлүк окуу үй-бүлөнүн бош убактысын өткөрүү формасы катары дээрлик жок болуп кетти?

2. Үй-бүлөнүн окуу маданиятынан алысташына эмне себеп болду?

**Биринчиден,** технологиялык процесс китепти окууну ордунан жылдырды: оюндар, интернет, социалдык тармактар жана телекөрсөтүү балдарда жана жаштарда «клиптик ой жүгүртүү» деп аталган нерсенин өнүгүүсүнүн негизги себептери болуп калды. Мындай ой жүгүртүү өзүнөн-өзү маалыматты, сезимдерди жана таасирлерди алуунун жай жана татаал жолу катары китеп окууну жокко чыгарат.

**Экинчиден,** окууга балдардын жана ата-энелердин кандайдыр бир милдеттүү түрдө бар болгон мамилелери, аң-сезим деңгээлинде бул процессти терс кабыл алуусун калыптандырат.

**Үчүнчүдөн,** ата-энелердин окууга мотивациясы жетишпейт. Бул бир нече себептерге байланыштуу:

– ата-энелер балага үн чыгарып окуп берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшпөйт, бул үй-бүлөлүк практиканын жоктугу баланын окуу ишмердүүлүгүнүн калыптанышына кандай таасир этерин, «Чоң адам балага» жана «Баланын өз алдынча окуусу» ортосундагы айырманы түшүнүшпөйт;

– ата-энелер өздөрү активдүү китеп окушса дагы, балага үн чыгарып окуу процесси аларды кызыктырбайт. Мындай иш алар үчүн кызыксыздай сезилет;

– ата-эне баласы үчүн бир кыйла маанилүү милдеттерди көрүшөт: мектептеги, спорттогу ийгиликтер, балдарда пайдалуу компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган ар кандай кошумча билим берүү бирикмелерине баруу;

– ата-энелер үй-бүлөлүк окуу практикасында тез натыйжаларды көрө алышпайт, баланы китеп менен тааныштыруунун ушул ыкмасын натыйжасыз деп эсептей башташат;

– бала үй-бүлөлүк окууга терс мамилени көрсөтөт, анткени ата-эне окууга сунуш кылган китепке кызыксыз же окуу процесси өзү деле кызыктуу эмес, анткени ата-эне, баланын айтымында, жаман окуйт (эмоционалдуу эмес, сүрөттөрдү көрсөтпөйт, тынч окуйт ж.б.).

**Төртүнчүдөн,** үй-бүлөлүк окуу практикасында колдонула турган балдарга арналган басылмалар үйдө жок болушу мүмкүн.

Бул себептерди аныктагандан кийин биз мектептик практиканын алкагында өспүрүм курактагы окуучуларынын, класс жетекчилери менен биргеликте алардын ата-энелерин тартуу менен бир нече иш-чараларды өткөрдүк. Иш-чаралар өткөрүлгөн максаттуу аудитория – бул ата-энелер жана өспүрүм курактагы окуучулар (6-8-класс). Ар бир иш-чара белгилүү бир курактагы өспүрүм окуучуларга багытталган. Бул алардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болгон: 6-класстын окуучуларына чыгармаларда дагы, оюндарда дагы бир нерсе түшүнүктүү жана кызыктуу, ал эми 8-класстын окуучуларына татаалыраак чыгармаларды жана оюндарды сунуш кылуу керек.

Мындай иш-чараларды өткөрүүдө биз эки педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктай алдык. Иш-чаралардын негизги принциби – бул интерактивдүүлүк жана фасилитациялоо, башкача айтканда, өз ара аракеттешүү, бардык аракеттерде өспүрүмдөрдү жана алардын ата-энелерин колдоо, көмөктөшүү болду. Мындай практикалык иш-чаранын негизинде төмөнкү теориялык өбөлгөлөр жатат:

1. Окуу оюн катары сунушталат. Баланын оюн ишмердүүлүгүнүн бир нече теориялары бар, алардын бардыгында бир маанилүү багыт аныкталган – кээде өзүнөн-өзү жаралган оюн, баланын ички каалоосу, оюн ишмердүүлүгүнө умтулуусу менен демилгеленип, табигый муктаждыгы болуп саналат. Ошол себептен биз мындай иш-чараларды өткөрүүдө китеп жөн гана окулбастан, кызыктуу оюн менен коштолсо, анда окуунун өзүнүн маңызы боюнча ушул оюнга айланып, анын ажырагыс компоненти болуп калат деп сунуш кылып көрдүк. Мына ошентип, балада жагымсыз сезимдерди козгогон жана окууга кандайдыр бир милдеттүү нерсе катары караган мамилеси өзгөрүлөт. Бул практикалык иш-чараны даярдап, өткөрүү үчүн «Р. Отунбаеванын демилгеси» Фонду тарабынан өткөрүлгөн «Окуу кербени» фестивалынын материалдары негиз боло алды.

2. Экинчи теориялык өбөлгө болуп Гордон Ньюфелддин [121] жакындык теориясы болгон. Ата-энесине жана жакындарына жакындык, бул теорияга ылайык, ар бир адамдын негизги муктаждыктарынын бири. Ошондуктан, мисалы, ушул муктаждыкка байланыштуу ата-энеге окшош болууга умтулуусу, бала чоң адам ушул китепти окуп жаткандыктан эле китеп окууга кызыгууга мүмкүнчүлүк берет. Белгилүү болгондой, балдарыңды кандай тарбияласаң дагы, алар сизге гана окшош болушат. Ал эми баланын эмоционалдык жактан табиятынан ата-энесине жакын болушун каалоосу, айрыкча, ата-эненин көңүлү баласына багытталса, ал канааттануу алат деп эсептөөгө жардам берет.

3. Изилдөө ишибизге катышкан мугалимдердин, класс жетекчилер өз балдары менен өз ара аракеттенүүсүнүн педагогикалык тажрыйбасын колдонуп, талдоо жүргүзүүгө аракет кылдык. Мисалы, окуунун көркөмдүүлүгү жана эмоционалдуулугу баланын кабыл алуусуна жана көңүл буруусуна таасир этери байкалган. Мындан тышкары, кайсы бир учурда баланын окуу учурунда көңүлүн буруу үчүн, ар кандай интерактивдүү «нерселер» жардам берет – күтүлбөгөн жерден жарыкты өчүрүп, дубалды кагып, эшикти жаап, ж.б. Мындай интерактивдүү учурлар өзүнөн-өзү жаралат, бирок алар ар дайым 100% иштешкен. Ар кандай курактагы балдар үчүн ар кандай окуу узактыгы болушу керектигин унутпоо маанилүү.

Мындай интерактивдүү иш-чараларда окуучулар ар бир сөзгө, алардын айтылышына, окулушуна, көркөмдүүлүгүнө маани берише башташат. Интерактивдүүлүк маалыматты кабыл алуунун бардык каналдарын камтыйт: көрүү, угуу, кинестетикалык жана аналитикалык. Ошентип, ар бир угуучунун жекече өзгөчөлүктөрү эске алынып, канааттандырылат. Окуу ар дайым музыкалык фонограммалар, ызы-чуу эффекттери, слайддар же басылып чыккан материалдар, оюндар жана окулуп жаткан чыгарманын сюжетине байланыштуу чыгармачыл-класстар менен коштолот.

Интерактивдүү иш-чаранын жүрүшүндө пассивдүү жана активдүү ишмердүүлүктөрдүн кезектешүүсү орун алат, себеби бул тез чарчоодон жана көңүлдү жоготуудан сактайт.

Жогоруда белгилегендей, окуу өзү өтө эле эмоционалдуу. Интерактивдүү иш чаранын алып баруучусу (класс жетекчи, башка мугалим же жогорку класстын окуучусу) ар кандай үн, темп менен окуй алышы, окулуп жаткан чыгарманын каармандарынын эмоциясын жана өзүнүн эмоциясын угармандарга жеткирүүсү маанилүү көрсөткүч болуп эсептелет.

Интерактивдүү окуу иш чарасынын эң маанилүү күтүлүүчү натыйжасы – ата-эненин өткөрүлгөн иш-чарадан алган таасирлеринен кийин үй-бүлөдө окуу процессинде колдоно алышы. Башкача айтканда, ата-эне бул иш-чаранын активдүү катышуусу болуу менен, баласынын жүрүм-турумун байкап, үй-бүлөлүк окууда кандай педагогикалык жана оюн техникаларын колдонсо болоорун, балага кандай таасир этерин талдайт. Мына ошентип, ата-эне «окуунун» экинчи тарабында болуу менен, бул интерактивдүү иш-чара жөнүндө көрсөтмөлүү түшүнүккө ээ болот жана бул алган тажрыйбасын үйдөгү окуу практикасында чагылдыра алат деп айтсак болот.

Окууну кызыктуу жана унутулгус оюнга айландыруу, интерактивдүү көнүгүүлөрдү колдонуу, ата-энелердин катышуусу мындай интерактивдүү иш-чаранын жаңылыгы катары бааланды.

Бул интерактивдүү иш-чараны практикада даярдоо жана жүзөгө ашыруу бир нече баскычтан турду (3-схема).

**1-баскыч – максаттуу аудиторияны аныктоо.**

Бул кадамдын жыйынтыгы боюнча, кийинки бардык кадамдар жана баскычтар жүзөгө ашырылат. Албетте, биздин максаттуу аудиториябыз өспүрүм курактагы окуучулар жана алардын ата-энелери. Өспүрүм курактагы окуучулардын топторун ар түрдүү класстан алганыбыз өз китебин жана өз ишин тандап алууга, алардын курагына ылайык түшүнүктүү болгон интерактивдүү көнүгүүлөрдү, оюндарды тандап алууга, окуу узактыгын жана

активдүү жана пассивдүү иш-аракеттердин кезектүүлүгүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Иллюстрациялык мисал үчүн, 6-8-класстын окуучулары жана ата-энелер үчүн интерактивдүү окуу жүргүзүү практикасы тиркемеде сунушталат.

**2-баскыч – интерактивдүү иш-чаранын техникалык мүнөздөмөсүн аныктоо.**

Бул баскыч дагы катышуучу окуучулардын жаш курагы менен аныкталат. Иш-чаранын техникалык мүнөздөмөлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

– окуучулардын максималдуу саны;

– интерактивдүү компоненттер менен окуунун максималдуу узактыгы;

– таза окуунун ар бир тынымдарынын максималдуу узактыгы;

– таза окуу узактыгынын жана интерактивдүү компоненттердин оптималдуу айкалышы.

Бул техникалык мүнөздөмөлөр изилдөө ишинин алкагында биздин жеке педагогикалык тажрыйбабыздын негизинде аныкталган.

Ал эми оңдоо-түзөтүүлөр апробациядан кийин жакшыртылып, ишке киргизилди.

**3-схема. Интерактивдүү иш-чараны даярдоо жана өткөрүү баскычтары**




**3-баскыч – китеп тандоо.** Бул окууга даярдануунун эң алгачкы баскычы, балким эң маанилүүлөрүнүн бири. Китеп менен чыгарма бирдей нерселер эмес экендигин түшүнүү маанилүү. Китеп – бул бир нече маанилүү аспектилердин айкалышы:

– түздөн-түз чыгарманын өзү, анын көркөм баалуулугу жана социалдык көйгөйлөрү, кызыктуу жана маңыздуу окуялар менен мазмунунун канныкандыгы, баланын жаш курагына ылайык келүүсү. Эгерде чыгарма чет тилде болсо, анда котормо варианты дагы мааниге ээ;

– китептин мукабасы жана басып чыгаруунун сапаты, анткени бул элементтер баланын китепти кабыл алуусуна таасир этет. Бул жерде ар бир кичинекей нерсе маанилүү: мукабанын материалы жана текстурасы, тыгыздыгы, жыты жана текстурасы, иллюстрациялардын болушу жана түстүү көрсөтүлүшү, интерактивдүү элементтердин (клапандар, конверттер, терезелер) бар болушу. Жакшы чыгарылган китепти чоң адамдар дагы, балдар дагы колуна кармоо алда канча жагымдуу;

– бар болгон иллюстрациялардын көркөм баалуулугу. Балдар китеп окуп жаткан учурда китептеги иллюстрацияларды көрүүнү абдан жакшы көрүшөт, ошондуктан балдардын эстетикалык табитин тарбиялоо иллюстрациялар чыгарманын көркөм стилине дал келүүсүн талап кылат.

**4-баскыч – окуу сценарийин иштеп чыгуу.**

**А) Интерактивдүү компоненттерди иштеп чыгуу.** Интерактивдүү компоненттерди тандоо дээрлик чексиз болушу мүмкүн, көбүнчө, ар кандай иш-аракеттерди жана жандуу окуяларды интерактивдүү чечмелөөгө болот. Башкача айтканда, алгач өспүрүм окуучулар сценарийди иштеп чыгуу үчүн чыгарманы (маалыматты) окуп чыгышат, чыгармадан көрсөткүсү келген иш-аракеттерди жана окуяларды аныктайт, андан кийин алар үчүн ар кандай интерактивдүү көнүгүү, оюндарды ойлоп табат. Интерактивдүү компонентти тандоонун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– өспүрүм курактагы окуучуларына түшүнүктүүлүгү жана максатка ылайыктуулугу;

– коопсуз реквизиттерди колдонуу мүмкүнчүлүгү;

– бардык окуучулардын окуу процессине бир мезгилде бирдей катышуу мүмкүнчүлүгү;

– тексттин үзүндүсүнүн мааниге шайкештиги;

– тексттин үзүндүсү окуучунун мүнөзүнө шайкеш келүүсү (активдүү же тынч, катуу же тынч);

– логикалык жана түшүнүктүү корутундунун болушу.

**Б) Чыгарманын экспликациясын иштеп чыгуу.**

Бул кадам чыгарманы түшүнүүгө, тексттин башкы окуяларын жана үзүндүлөрүн аныктоо үчүн арналган. Сценарийди даярдоонун ушул баскычынын туура өтүшү окурманга эң чоң эмоционалдык басым жасашы керек болгон тексттик үзүндүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө, ошондой эле ушул эмоциялардын мүнөзүн аныктоого мүмкүндүк берет. Экспликацияны даярдоонун аягында экспликациянын тууралыгын текшерүү үчүн чыгарманы үн чыгарып окуп чыгуу сунушталат.

**В) Музыкалык коштоону тандоо.** Музыкалык коштоо сюжетке жакшы сиңип, тексттин каармандарынын маанайына шайкеш келип, иштин атмосферасын сезүүгө жардам берет. Белгилеп кетүүчү нерсе, музыкалык коштоону тандоодо «алтын орто» тууралуу унутпоо зарыл, анткени үн эффекттеринин өтө көп саны кабыл алууга жолтоо болот, ал эми алардын жетишсиздиги кээде окуучуларга текстти сезип жана эмоция алууга мүмкүндүк бербей калат. Ошондой эле текст менен музыканын бирдиктүү гармониясын, бирдиктүү стилин жаратуу маанилүү экендигин дагы унутпоо керек. Албетте, жандуу үндөрдү колдонуу кызыктуу ачылыш болушу мүмкүн: эшикти каккылоо, суу куюлган үн жазылбаган үн, кыйкырык, күлкү, жандуу музыка, коңгуроо үнү ж.б.

**Г) Визуалдык колдоону тандоо.** Визуалдык колдоо – бул окуучунун маалыматты кабыл алуусунун визуалдык каналына таасир этүүчү кошумча ыкма.

Визуалдык маалымдама катары сиз төмөнкүлөрдү колдоно аласыз:

– тиешелүү китептерден иллюстрациялар;

– чыгарманын сюжетине байланыштуу сүрөттөр жана фотосүрөттөр;

– чыгарманын сюжетине байланыштуу видеотасмалар, тасмалар, мульттасмалар же алардын үзүндүлөрү;

– ылайыктуу учурда китептин сюжетинен «пайда болгон» декорациялар, костюмдар, реквизиттер.

**Д) Чыгармачыл-класс тандоо.** Чыгармачыл-класс – акыркы интерактивдүү элементи болуп саналат жана окуучулардын эсинде окулган чыгарманы бекемдөө үчүн багытталган. Чыгармачыл-класстын талаптары интерактивдүү компоненттердикине окшош.

**Ж) Окууга киргизүү үчүн оюнду тандоо же иштеп чыгуу.** Бул оюндун максаты – өспүрүм окуучуларды окууга багыттоо, алардын көңүлүн буруу жана керектүү атмосфераны түзүү. Типтүү оюндарды колдонсо болот, же программа үчүн жекече иштеп чыкса болот. Оюндун талаптары дагы интерактивдүү компоненттерге окшош.

**З) Сценарийдин формасын толтуруу.** Алып баруучу программанын бардык блокторун бириктирет. Ал интерактивдүү иш-чаранын сценарийине айланат. Сценарийдин формасынын мисалы тиркемеде берилген.

**5-баскыч – интерактивдүү окуунун репетициясы.**

Интерактивдүү окуу сөзсүз кайталанышы керек. Репетициянын максаты – оюн реквизиттерин эске алуу менен программанын ар бир бөлүгүн иштеп чыгуу. Алып баруучу сценарийден эмес, китептен окугандыктан, музыка кайсы учурларда күйгүзүлүп, качан интерактивдүү иштей баштапшы керектигин жатка билиши керек.

Интерактивдүү иш-чараны өткөрүүгө алып баруучуга жардамчы дайындалса, жеңилирээк болот, анткени ал музыканы күйгүзөт, реквизиттерди берет, интерактивдүү бөлүктөрдө жардам берет. Жардамчы сценарийин формасы боюнча иштейт, ага репетициянын кереги жок.

**6-баскыч – интерактивдүү окуу.**

Интерактивдүү окуунун өзү иштелип чыккан сценарийге ылайык жүрөт. Окуучуларды китеп окууга киргизүү боюнча оюндан кийин дароо алып баруучу мугалим аларга окуй турган китебин көрсөтөт. Курагына жараша ар бир окуучуга китепти окуунун алдында кармоого, мукабасын үтүктөөгө мүмкүнчүлүк берсе жакшы болот. Мындай иш-аракеттин

тарбиялык максаты күчтүү – окуучуну китепти объект катары гана эмес, адабий чыгармачылыктын чыгармачылыгы катары сыйлоого тарбиялайт.

Интерактивдүү иш-чара үчүн физикалык чөйрөнү стандарттуу уюштурулушунан кетүү максатка ылайыктуу деп айтуу керек, анткени бул интерактивдүү иш-чара а) бир эле жолу болбойт, кийинки өтүүсүнө өбөлгө түзөт; б) кызыгууну жоготпошу керек; в) окуучулар эркин атмосфераны сезүүсү керек; г) окуучуларга мектептеги сабакты элестеттирбеш керек. Физикалык чөйрөнү уюштуруунун ар кандай мүмкүнчүлүктөрү бар:

– жумшак отургучтарга же креслолордо тегерек отуруу;

– пуфтарда же жаздыктарда жерде отуруу;

– килемдердин үстүндө отуруу.

**7-баскыч – ата-энелер менен жагымдуу маанайда талкуулоо.**

Интерактивдүү иш-чараны жүзөгө ашыруунун маанилүү баскычы – ата-энелер менен жагымдуу маанайда талкуулоо. Талкуулоону жай маанайда өткөрүү абдан маанилүү, ата-энелер бул маанайды жакшы сезе алышат. Эгерде мугалим аларга жагымдуу чөйрө түзүп сүйлөшүүгө чакырса, алар дагы жайбаракат иш-чарага байланыштуу бардык суроолорду бере алышат, үй-бүлөлүк окууда өзүлөрүнүн жыйынтыктарын бири-бири менен талкуулашат, төмөнкүдөй суроолорго жооп издөөгө аракет кылышат:

1. Балага китеп кантип тандоо керек?
2. Көркөм окуганга кантип үйрөнсө болот?
3. Бала китепти бузуп койсо, эмне кылуу керек?
4. Өз ара интерактивдүү окууну кантип жүргүзүү керек?
5. Китеп үчүн интерактивдүү оюндарды кантип тандаса болот?

**8-баскыч – рефлексия (ой жүгүртүү) баскычы.**

Бул баскыч төмөнкү максаттарды көздөйт.

**Биринчиден,** даярдалган жана өткөрүлгөн интерактивдүү иш-чаранын сапатын баалоо керек. Көпчүлүк учурда баа берүү методу катары – ата-энелерге жөнөкөй анкеталык сурамжылоону сунуштоо, анда алар 0дон 10го чейин субъективдүү бааларын коюп, эмнени жактырганын жана эмнени

өзгөрткүсү келгендигин көрсөтүшөт. Мугалим (алып баруучу) алган анкеталардын талдоосун жүргүзөт, кийинки иш-чараларга чейин каталардын үстүнөн иштөө өткөрөт. **Экинчиден,** маанилүү максат болуп интерактивдүү иш-чаранын өспүрүм окуучуларга жана алардын ата-энелерине тийгизген таасирин баалоо эсептелет. Интерактивдүү иш-чарага ата-энелердин жана окуучулардын катышуусунун натыйжалуулугун төмөнкү чен-өлчөмдөр менен бааласа болот:

а) интерактивдүү окуудан кийин берилген суроолордун саны жана тематикасы;

б) үй-бүлөлүк практикада интерактивдүү окуу тажрыйбасын колдонуусу;

в) интерактивдүү иш-чаранын өткөрүлүшүндө активдүү катышуусу;

г) ата-энелер бул тажрыйбаны үйдө канчалык деңгээлде колдоно баштагандыгы.

Биздин оюбуз боюнча, мындай интерактивдүү иш-чаранын технологиясы универсалдуу жана бардык билим берүү уюмдарында ар түрдүү курактагы окуучулар жана алардын ата-энелерин камтуу менен колдонсо болот деп айта алабыз.

**Үчүнчү педагогикалык шарт. Тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин сунуштоо.** Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө алардын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу маанилүү орунду ээлейт.

Өспүрүм курак физиологиялык жана психологиялык аспектиде таанып-билүүчүлүк өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө багытталган. Өспүрүмдөр метептеги жана үйдөгү окуп-үйрөнүү процессинде өз алдынча таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү менен окууга туш болушат, өспүрүм окуучуларынын долбоордук ишмердүүлүк сыяктуу түрлөрү менен активдүү алектенүүсү тууралуу Мамлекеттик билим берүү жана предметтик стандарттарда басым жасалат. Окуу материалдары татаалдашып,

окуучулардан негизги жана ар түрдүү предметтик компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүүсүн талап кылат.

Биздин изилдөөбүздүн жүрүшүндө өспүрүмдүк курактын өзгөчөлүктөрү тууралуу теориялык булактарды талдоонун натыйжаларын эки чоң блокко бөлүү зарылчылыгы келди. Биринчиден, өспүрүм курактын физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрү ачыкталып, теориялык блокко (1-бапка) киргизилди. Экинчиден, өспүрүм куракка тиешелүү калыптанып калган терс ойлорду, мисалы, «окуу мотивациясы төмөндөйт», «мүнөзү кескин оор боло баштайт», «эч кимди укпай калат» ж.б. сыяктуу ойлорду четке кагуу максатында өспүрүмдөрдүн окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндөгү олутуу оң өзгөрүүлөрдү терең талдоо сунушталынып, педагогикалык шарт катары кароо зарылчылыгы бар экендиги белгиленүүдө.

Ушул жаштагы балдардын жүрүм-турумунда чоң адамдардын жүрүм-турумун тууроо, ошол эле мезгилде көз карандысыздыкка умтулуу жана ар түрдүү маалыматтарды активдүү алуу байкалат. Бул мезгилде баланын жүрүм-туруму курдаштарынан жана алардын пикирлеринен өтө көз каранды Өспүрүм үчүн баарлашуу артыкчылыктуу мүнөзгө ээ. Өспүрүмдөр бири-бири менен өз ара аракеттенишип, рефлексияга (ой жүгүртүүгө) үйрөнүшөт. Курчап турган дүйнөнү жана бири-бирин биргелешип изилдөө баалуулуктарга айланат. Өспүрүмдөр теңтуштары менен баарлашуу аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жана өзүн-өзү ишке ашырууга умтулушат. Ушул муктаждыктарды канааттандыруу үчүн өспүрүмдөргө жоопкерчилик дагы, эркиндик дагы талап кылынат. Анын үстүнө, эркиндик көбүнчө бойго жетүү укугу катары каралат. Өспүрүмдөрдүн чөйрөсүндө ийгилик абдан баалуу. Карым-катнаш аркылуу өспүрүмдөр иштин жаңы түрлөрүн өздөштүрүү механизмин курушат, өзүнө ишенишет, билим алууга жаңы мотивация алышат [3, 88-б.].

Өспүрүмдөрдө эрктүүлүк сапаттарынын аң-сезимдүү өнүгүшүндө өзүн-өзү көзөмөлдөө түрүндө көрүнгөн, өзүн-өзү тарбиялоого умтулуу калыптанат. Кесип тандоонун зарылдыгын түшүнүү окуп-үйрөнүүнүн жаңы

мотиви боло баштайт жана таанып-билүү иш-аракетинин өнүгүшүнө түрткү берет [3, 45-б.]. Ушуга байланыштуу, чоң адамдар өспүрүмгө өзүн-өзү тарбиялоонун, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн мааниси эмнеде экендигин жана кандай жолдор менен бул процесстердин каалаган натыйжасына жетүүгө боло тургандыгын түшүндүрүшү керек.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучулары ар кандай кызыкчылыктар менен мүнөздөлөт жана алар тез-тез өзгөрүп турушат [30, 113-б.]. Алардын өнүгүүсүн өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү баалоо, таанып-билүү иш-аракеттерин, билимди жана турмуштук тажрыйбаны өздөштүрүүгө өз алдынча билим берүү ишмердүүлүгү аркылуу көндүмдөрүн өркүндөтүү менен, конструктивдүү «тарапка» багыттоо керек [15, 145-б.]. Көптөгөн изилдөөчүлөр белгилегендей, 12-13 жашында өспүрүмдөрдө өз инсандыгына, анын оң жана терс жактарына, мүнөзүнүн касиеттерине, өзүн-өзү таанып-билүүгө, курдаштарынын арасында жана жалпы коомдо өз ордун табууга кызыгуусу пайда болот [92, 201-б.].

Бул куракта өспүрүмдөрдүн өз алдынча таанып билүү иш-аракетин жүргүзүү, өз алдынча жана чыгармачыл активдүүлүгүн, кызыгуусун, өз ишинин практикалык маанисин көрүүгө умтулуусун жогорулатуу зарылдыгы менен байланышкан жаңы мотивдери пайда болот. Өспүрүмдөрдө эрудициянын жана чыгармачылыктын ар кандай иш-аракеттерде көрүнүшү үчүн аң-сезимдүү муктаждык байкалат [30, 115-б.].

Өз алдынчалуулуктун акыркы баскычы өспүрүм мезгилинин аягына туура келет [68, 18-б.; 135, 91-б.]. Э. Мамбетакунов жана Т.Сияев «Педагогиканын негиздери» атуу эмгегинде мындай деп белгилешет: «13 жаштан 15 жашка чейин эс тутумунун интенсивдүү өсүшү байкалат, логикалык байланыштарды түзүүгө негизделген семантикалык жаттоо көндүмдөрү өздөштүрүлөт, демек, абстрактуу материал дагы ийгиликтүү жатталат» [105, 4-б.].

Дагы бир белгилеп кетүүчү аспект – бул өспүрүмдөрдүн жоопкерчилигинин жогорулашы, алар өз жашоосун пландаштырууга, өзүнө

өзү баа берүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасай башташат. Өспүрүмдүн баарлашуу чөйрөсү жана таанып-билүү кызыкчылыктары тез кеңейгендиктен, өз алдынча окуп-үйрөнүү маанилүү боло баштайт, мындай процесс анын ой жүгүртүү, баарлашуу, эс тутум, кеп маданияты сыяктуу бардык психикалык тармактарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Заманбап өспүрүм, Т.П.Авдулованын айтымында, «ашыкча сүйлөйт, өтө мобилдүү, көп учурда өзүнө ашыкча талаптарды коет, кээде өзүн өтө жалгыз сезет, ырым-жырымдарды жакшы көрөт, көп учурда өзүн өзү төмөн баалайт, баш катырмаларды жакшы көрөт, өзүн-өзү сындайт, өзүнүн жүрүм-турумунун объективдүү баасына даяр эмес, көп учурда ишмердүүлүктүн жаңы түрүндө чечкинсиз»[3, 86-б.]. Өспүрүм доордун кесилишинде турат. Заманбап дүйнөлүк тенденциялардын фонунда цивилизациянын жана өлкөнүн өнүгүүсүндөгү карама-каршылыктар өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү аныктоо өзгөчөлүктөрүнө, акыркы мезгилдерде мүнөзү улам-улам өзгөрүп турган таанып-билүү процесстерине алардын катышуусуна таасирин тийгизүүдө. Коомдун бардык чөйрөлөрүндө байкалган ааламдашуу, маалыматташтыруу, компьютерлештирүү, технологиялашуу тенденциялары билим берүү чөйрөсүндө дагы байкалат. Мындай тенденциялардын оң натыйжалары тууралуу көптөгөн изилдөөлөр белгилешет.

**5-таблица. – Тенденциялардын оң натыйжасы (окумуштуулардын ойлорунун жалпылоосу)**

| | Оң тенденция |
|---|---|
| . | Жаңы билим алуу оңой жана ылдамыраак боло баштады [151, 106-б.]. |
| . | Маалымат алмашуу өтө тез жүрүүдө [138, с. 106]. |
| . | Баарлашуу мүмкүнчүлүктөрү жыйырма жыл мурдагыга караганда азыр бир топ кеңирирээк. |
| . | Интернет-технологиялардын өнүгүүсү (кызыгуу боюнча клубдар, социалдык тармактар, торчолор) ар кайсы өлкөлөрдөгү теңтуштарынын ортосундагы баарлашуу чектеринин жок болушуна алып келди. |
| . | Ушундан улам көпчүлүк өспүрүмдөр башка тилдерди интенсивдүү үйрөнүүдө, анткени тилди билүү алардын баарлашуу тармагын (торчосун, чөйрөсүн) кеңейтет. |
| . | Башка өлкөдөгү теңтуштар менен баарлашууга болгон муктаждык өспүрүмдөрдүн таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын кеңейтет [206]. |
| . | Китептер, илимий макалалар, музыка, сүрөт – бардык дүйнөлүк баалуулуктар кыйла жеткиликтүү болуп калды. Аларды социалдык тармактарда талкуулап, бааласа болот, бири-бирине адаттан тыш нерселерди китеп болобу, обон же сүрөт болобу сунуштаса болот. |
| . | Интернеттеги интеллектуалдык баарлашуу белгилүү бир тема боюнча кругозордун кеңейишине түрткү берет, айрыкча мектептен тышкары, өз алдынча билим алууга умтулуусун арттырат. Интернет өспүрүмдөр арасында жаңы расмий эмес кызыгуу топторунун түзүлүшүнө өбөлгө түзөт. |

Е.В. Емельянованын оюу боюнча, өспүрүмдөргө турмуштук практика аркылуу өнүгүү жана билим алуу муктаждыгы мүнөздүү, баарлашууга, турмуштук кызыктуу окуяларга, чыгармачыл өзүн-өзү ишке ашырууга муктаждык жана күчтүү сапаттарды жана тажрыйбаны күнүмдүк турмушта аң-сезимдүү колдоно билүү мүнөздүү [30, 136-б.].

Бирок, өспүрүм курактагы окуучулардын ушундай оң сапаттарынын өнүгүүсүнө карабастан, биздин мектептердеги окутуу процессинде окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн жетишсиз деңгээли, аналитикалык билгичтикеринин жоктугу, сөз байлыгынын начардыгы, психофизикалык мүнөздөгү кыйынчылыктар, элестетүүсү (фантазия) өнүкпөгөндүгү байкалат.

Мындай көйгөйлөрдүн аныкталышын биз окуучуларга жеткиликтүү деңгээлде окуу көндүмдөрүнүн бийик деңгээли калыптанышына өбөлгө түзгөн окуу китептериндеги жана сабактардагы тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдери сунушталбагандыктан деген ойдобуз. Окуучуларга репродуктивдүү гана тапшырмалар берилет, аларды эс тутуму абдан жакшы өнүккөн алдыңкы гана окуучулар аткара алышат.

Сунушталган педагогикалык шартты бекемдөө максатында биз 7-11–класстарда колдонулган төмөнкү окуу китептеринин талдоосун жүргүздүк:

1. Математика – 7-класс: Н.И. Ибраева, А.А. Касымов.
2. Геометрия – 7-9-класс: И.Б.Бекбоев, А.А.Борубаев, А.А.Айылчиев.
3. Биология – 7-класс: А.Токтосунов, К.Бейшебаев, Б.Мамытова, Д.Кадыралиева.
4. Орто кылымдар тарыхы – 7-класс: Ө.Осмонов, Ш.Каримова.
5. Кыргызстан тарыхы – 7-класс:Т.К. Чоротегин, Т.Н.Өмүрбеков.
6. Жалпы химия – 11-класс: Т.Т.Кудайбергенов, С.М. Молдогазиева, Г.И.Иманкулова.
7. Алгебра жана анализдин башталышы – 10-11-класс, Колмогоровдун редакциясы алдында.

Талдоонун жыйынтыгы төмөнкүлөрдү көрсөттү:

1. Окуу китептерин талдоо жалпысынан алар билим берүүгө басым жасалганы, суроолор өспүрүмдөрдөн кайра кайталап айтып берүүгө багытталган фактологиялык болгону, көнүгүүлөрдүн көпчүлүгү кайталап айтып берүүнү гана эске алгандыгын аныктоого мүмкүндүк берди.
2. Тапшырмалар репродуктивдик мүнөздө же таптакыр тапшырмалар жок, фактологиялык суроолор гана бар («Орто кылымдар тарыхы» жана «Кыргызстан тарыхы»).
3. Логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө тапшырмалар азыраак (талдоого алынган окуу китептеринин арасынан 7-класс үчүн «Математика» (Авторлор: Н.И. Ибраева, А.А. Касымов) китебинде гана тапшырмалар, көнүгүүлөр, суроолор практикалык колдонууга берилген).

4. Окуу китептерининин мазмунунда ар кандай булактардан маалымат издөө (отчет, билдирүү даярдоо); маселени ар кандай жолдор менен чечүү, иштин натыйжаларын көрсөтүү (байкоо жүргүзүүгө байланыштуу тапшырмаларды долбоорлоо, узак мөөнөттүү тажрыйбаларды өткөрүү) сыяктуу тапшырмалар кездешпейт.

5. Окуу китептеринде тапшырмалардын көпчүлүгүнүн формулировкасы так жана ачык эмес жана өз алдынча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун милдеттери эске алынбайт.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде окуу көндүмүн бир гана адабият сабактарында эмес, башка предметтердин сабактарында дагы өнүктүрүү маанилүү экендиги тастыкталды. Ошондуктан, биз педагогикалык шартты сынап көрүү максатында эки предметти негизги сабак катары тандап алдык. «Биология» жана «Кыргызстан тарыхы». Бул предметтерди тандоонун себеби а) бул предметтерге башка предметерге караганда азыраак саат бөлүнөт; б) бул предметтер 5-11-класстарда окулат, башкача айтканда, ал бүтүндөй өспүрүм курагын камтыйт, бул учурда өспүрүмдөрдүн окуу көндүмүнүн өнүгүү динамикасына байкоо жүргүзүү ыңгайлуу болот; в) эки предмет тең интеграциялык билимдерди сунуштай алат, бул ар түрдүү предметтик үстөмдүктөр билгичтиктеринин өнүгүүсүнө негиз түзөт.

Биз мугалимдер биргеликте 7,8,9-класстар үчүн тапшырмаларды иштеп чыктык. Тапшырманын түзүлүшүн бирдей кылдык, ал мугалимдерге түшүнүктүү болушу маанилүү болду, ага төмөнкүлөрдү киргиздик:

•кириш сөз (анда маселенин маңызы ачылат);

•тапшырманын максаты (эмне кылуу керек, натыйжасы кандай болушу керек?);

•аны аткаруу формасы (жеке, жуп менен, команда менен);

•натыйжаны көрсөтүү формасы (оозеки, жазуу жүзүндө, моделди колдонуу менен, компьютердик презентация);

• баа берүү чен-өлчөмдөрү (ийгиликке жеткирүүчү аракеттер);

• «шыбырап айтуулар» (натыйжага кадамдар).

Белгилеп кетүүчү нерсе ар бир тапшырманын түрлөрү өтө көп, алар:

1. максат коюунун өзгөчөлүктөрү боюнча (максатты кабыл алууга, – максатты кайра формулировкалоого, максатты өз алдынча формулировкалоого тапшырмалар);

2. маалымат булактарынын өзгөчөлүктөрү боюнча (окуу китеби; башка булактар, анын ичинде интернет булактарын пайдалануу менен);

3. аткаруу формасы боюнча (жеке, жуп менен, команда менен);

4. ой жүгүртүү (рефлексия) формасы боюнча (оозеки, жазуу жүзүндө);

5. натыйжаны көрсөтүү формасына ылайык (оозеки презентация, тажрыйбалардын, эксперименттин, байкоо жүргүзүүнүн натыйжаларын көрсөтүү, компьютердик презентация, долбоор, доклад, план, таяныч конспект, схемалар, таблицалар, комбинациялар);

6. аткарылган тапшырмага баа берүү боюнча (мугалим тарабынан бааланат, мугалим жана классташтар баалашат, башкалар жана өзүн өзү баалашат);

7. аткаруу орду боюнча (класста, мектептен тышкары, мектептен тышкары жана үйдө);

8. көз карандысыздык даражасы боюнча (мугалимдин колдоосу менен, кеңештери менен, консультациясы менен);

9. татаалдык даражасы боюнча (бир жана бир нече тапшырмаларды иштеп чыгууга багытталган).

Жогоруда белгиленген тапшырмалардын түрлөрүн окутуу процессинде колдонуу өспүрүм курактагы окуучуларда окуу көндүмүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Окуучунун ишмердүүлүгү активдүү болуп, мугалим процессти башкарууга, кыйналган окуучуларга жардам берүүгө көңүлүн топтойт. 6-таблицада кээ бир тапшырмалардын түрлөрү боюнча окуучунун ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү сунушталынат.

**6-таблица. – Тапшырмалардын түрлөрүнө жараша окуучулардын ишмердүүлүгү**

| | Тапшырмалар | Окуучулардын ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| . | Өз ишмердүүлүгүнүн максатын аныктоо билгичтигин калыптандырууга багытталган тапшырмалар. | Окуучу андан эмне талап кылынарын түшүнүүгө аракет кылат, бирок ал өзү дагы максатты кайрада формулировкалап, өз алдынча максатты аныктай алат. |
| . | Ар кандай маалымат булактары менен иштөөгө багытталган тапшырмалар. | Ушул типтеги тапшырмалар менен иштөөдө окуучулар маалыматты табуу стратегияларын өздөштүрүшү керек: тапшырманын негизинде Интернеттен издөө суроосун түзүп, китептерден жана башка булактардан издөө, ошондой эле логикалык операцияларды: талдоо, топтоштуруу, салыштыруу, жалпылоо, систематизациялоо жүргүзүү. |
| . | Рефлексия билгичтигин калыптандырууга багытталган тапшырмалар. | Бул тапшырмалар окуучулардын өзүнө өзү ылайыктуу баа берүү сезимин өнүктүрүү максатында берилет: алар эмне кылышкан, эмне жакшы иштеген жок, эмне түшүнүксүз болду, ийгиликсиздиктин себептери кандай, алардын оюу боюнча, аларды жеңүү, тапшырмаларды аткарууда кандай эмоциялар пайда болду, натыйжаларга канчалык деңгээлде канааттанышты. |
| . | Өз алдынча ишмердүүлүктү чечүү жолдорун тандоо билгичтигин өнүктүрүүгө багытталган тапшырмалар. | Сабактын башталышында мугалим тапшырманы сөзсүз тактага жазып коет. Окуучуларга өзүнүн өнөктөшүн табуу тапшырмасын берилет жана алар менен эки-экиден иштешет. Мугалим алдыдагы аткара турган тапшырмага жана анын натыйжасын кантип баалана тургандыгы жөнүндө кыскача нускама айтат. Окуучулар өз алдынча иштешет, андан соң кошунасы менен, убакытка байланыштуу кичи топтордо ишти уюштурса болот. |

Мына ошентип, окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары боюнча адабияттарды талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Окууга үйрөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо – мугалимдин ишин жеңилдетүүгө алып келет. Себеби процесс ачык, түшүнүктүү, ырааттуу түзүлө баштайт. Үч сунушталган педагогикалык шарттар ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мугалимдердин педагогикалык, методикалык комптенттүүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл. Мугалим окуучулардын окуганын кабыл алуусунун кайсы түрү үстөмдүк кыларын билүүсү, окуунун бир формасынан баскычтуу өтүүнү кармануусу, ошондой эле окуудагы негизги концептуалдык багыттарды колдонуусу маанилүү. Бул окуучуларга окуу техникасын ишенимдүү өздөштүрүүгө шарт түзөт жана мүмкүнчүлүк берет. Ар бир окуу сабактарынын маанилүү түзүүчүсү болуп чыгармачыл мамилени пайдалануу эсептелинет.

## Биринчи бап боюнча корутунду

Өспүрүмдүк куракта окуучуларынын турмуштук мамилелер системасынын бардыгы кайра курулат жана ал жаңы талаптарды канчалык ийгиликтүү аткара алгандынан көпчүлүгүндө аныкталат.

Окуу – өспүрүмдүк курактагы окуучунун алдынкы ишмердүүлүгү, ал баланын өнүгүүсүндө болуп жаткан маанилүү өзгөрүүлөрдү аныктайт. Системалуу окуу, балдардын жаңы билим жана билгичтиктерди өздөштүрүүсү, курчаган чөйрөгө активдүү кызыгуусу, жаңы таанып билүү муктаждыктарынын өнүгүүсү үчүн шарт түзөт. Бул тууралуу белгилүү окумуштуулар, педагогдор өзүлөрүнүн эмгектеринде тастыкташат.

Д.Б. Эльконин окуу деген эмне экендигин биринчи жолу аныктаган. Ал окуганга алгачкы үйрөтүүнү ишмердүүлүк теориясынын айрыкча, кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы жана акыл-эс аракеттери көз карашынан баалаган.

Педагогикада «окуу көндүмү» термини басма текстин үн чыгарып окуу боюнча автоматташтырылган билгичтиги катары мүнөздөлөт. Бул учурда, текст тууралыгы менен аныкталат (катасыз, ийкемдүү окуу); шар окуу (окуу ылдамдыгы); түшүнүүсү (тексттин чыныгы мазмунун жана автордун ниетин түшүнүү) жана көркөмдүүлүгү (окуганда интонацияны сактоо). Алгачкы эки сапат (туура жана шар окуу) окуу ыкмасы менен айкалышууда (тамга боюнча, муундап, бүтүндөй сөз менен, аралаш) окуу техникасы деп аталат

Калыптанбаган окуу көндүмү бардык сабактар боюнча ийгиликтүү окууга тоскоол болот, анткени окуу – жалпы окуп-үйрөнүү көндүмү. Ар кандай мамилелерди колдонсо дагы, көпчүлүгүндө мугалим менен ата-энеге балага окугандарын түшүнүүгө үйрөтүү, окууга болгон туруктуу кызыгуусун жана өз алдынча окууга болгон муктаждыгын калыптандыруу өтө кыйынга турат. Ал эми чечилбеген көйгөй – бул мектептеги ийгиликсиздикке жана жалпы эле ийгиликсиздикке түз жол. «Окуу көндүмү» термини менен катар «окуу техникасы» деген түшүнүк колдонулат. Окуу техникасы – бул окуу ыкмасы, темпи жана анын тууралыгы.

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин талдап, биз аныкталган маселени натыйжалуу чечүү педагогикалык шарттардын белгилүү системасын түзүү жана ишке ашыруу менен мүмкүн болот деген тыянакка келдик. Мына ошондуктан, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн биз педагогикалык шарттардын жыйындысын комплексттүү киргизүүгө маани берилип, төмөнкү педагогикалык шарттарды аныктоого мүмкүндүк берди: биринчи педагогикалык шарт – окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу; экинчи педагогикалык шарт – ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларын даярдоо жана өткөрүү; үчүнч үпедагогикалык шарт – тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин сунуштоо.

Ар бир педагогикалык шарттардын өзгөчөлүктөрүнө токтолуу, алардын маңызын, ишке ашыруусун, ордун түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

# II БАП. ОРТО МЕКТЕПТЕГИ ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖОЛДОРУНУН ИЛИМИЙ МЕТОДДОРУ, МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МОДЕЛИ

## 2.1.Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдорун аныктаган илимий методдор, заманбап модели

**Изилдөөнүн объектиси** – Өспүрүм курактагы окуучулар жана алардын ишмердүүлүгү. **Изилдөөнүн предмети –** Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталган.

Педагогикалык изилдөөлөрдү аткарууда колдонулган илимий методдордун чөйрөсү бир кыйла кеңири экендиги белгилүү. Биздин изилдөө ишибиздин объект жана предметине жараша биз теориялык жана эмпирикалык методдордун арасынан кээ бир методдорду бири-бирин толуктоо менен колдондук.

Теориялык методдордун арасынан биз моделдөө методун ийгиликтүү колдоно алдык. Бул метод өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн идеалдуу абалынын моделин куруу менен байланышта болду. Моделдештирүү түздөн-түз кабыл алуу мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берет.

Орто мектептеги өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү моделин түзүүдөгү башкы максатыбыз, биздин оюбузча, ар түрдүү методдорду биримдикте жана бүтүндүктө пайдалануу менен, моделдин ийкемдүүлүгүн камсыз кылуудан, анын тез реакция жасашынан жана ар дайым өзгөрүлүп турган шарттарга ылайыкташуусунан турат. Биз сунуш кылган моделдин компоненттери өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү процессинин ички уюштурулушун – максатын, милдеттерин, негизги идеялардын мазмунун, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берет жана ушул процесстин

элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүнүн туруктуу кайра жаралуусуна жооп берет.

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү модели деп биз окутуу процессинин бирдиктүү системасын түшүнөбүз, анда окутуу мамилелеринин топтому окуу көндүмүнүн калыптануусуна, ошондой эле алардын инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган.

Автордук моделди (2-схема) иштеп чыгууда биз белгилүү бүтүн системаны түзгөн законченемдүү, функционалдуу байланышкан компоненттердин жыйындысы катары системалык мамиленин көз карашынан карадык. Моделдеги компоненттерди бөлүп көрсөтүү, аны блокторго бөлүүгө мүмкүндүк берет, алар өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн максаттуу процессин дагы так көрсөтүүгө мүмкүнчүлүктү камсыз кылат.

Бул модель өз ара байланышкан 3 блокту айкалыштырат: максаттык, мазмундук-процесстик, баалоо- натыйжалык.

**Моделдин максаттык блогунда** максатка, милдеттерге, принциптерге басым жасалат. Моделди ишке ашыруунун алкагында мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүн уюштурууда негиз кылган принциптерге түшүндүрмө бере кетели.

***Гумандуулук принциби*** – бул принципте адамга эң бийик баалуулук катары мамиле жасап, ар бир инсандын жеке нарктуулугун сыйлоо менен мугалим менен окуучунун ортосундагы өз ара аракеттешүүнү уюштуруу сунушталынат. Мугалимдин окуучуга болгон мамилеси өздүк өнүгүүсүнө жоопкерчиликтүү мамиле кылган инсан катары мүнөздөлөт.

***Баалуулукка багыт алуу принциби*** – мугалимдин окуу көндүмүнүн өнүгүүсү окуучунун ийгилигине позитивдүү ишенүүсү, келечекте сабаттуу инсан катары мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошо тургандыгына басым жасоосуна дайыма көңүл бурулат.

***Диалогдук өз ара аракеттешүү принциби*** – окуучуну субъект-субъекттик процесстин башкы оюнчусу катары карайт. Бул принцип

окуучунун окуп-үйрөнүү процесси учурунда ишке ашат. Мындан тышкары, окуучуларды шыктандыруучу окутуу чөйрө түзүүгө көңүл бурулат.

***Маданиятка шайкештик принциби*** – Биздин изилдөөбүздүн контестинде өспүрүм курактагы окуучулардын окуу маданиятын калыптандыруу баалуулуктарына таянуу маанилүү болду.

***Педагогикалык колдоо принциби*** – окуучунун жекече дараметин ача турган педагогикалык процессти, системаны куруу. Бул принциптин өзөгүн өспүрүм курактагы окуучулар кездешкен инсандык, психологиялык, социалдык кыйынчылыктарды жеңүүдө мугалимдин фасилитатор (К.Роджерстин аныктамасы) болуусу түзөт. Окуп-үйрөнүү процессинде мугалим-фасилитатор өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүүсүндө төмөнкүдөй чөйрө түзүүгө көңүлүн бурат: а) тандоо эркиндиги; б) окуучу үчүн ишмердүүлүктүн максаттуулугу жана манилүүлүгү; в) демилгени көрсөтүүсү; г) позитивдүү баалуулуктарга багыт алуусу.

**Мазмундук-процесстик блок** өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн баскычтарын, аныкталган педагогикалык шарттардын тизмесин, окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө, сабактарда жана башка класстан тышкаркы иш-чаралардагы ата-энелер, китепканачылар, мугалимдер менен иштөө кадамдарын камтыйт.

Т.Г. Егоров окуу көндүмдөрүн калыптандыруунун үч баскычын бөлүп көрсөтөт: аналитикалык, синтетикалык жана автоматташтыруу баскычтары (4-таблица). Аналитикалык баскычтан автоматташтыруу баскычына чейинки жолду окуучу окутуу процессинде мугалим класста белгилүү бир иштөө режимин камсыз кылган шартта өтүшү мүмкүн, мисалы:

1) окуганга көнүгүүлөр күн сайын болушу керек;

2) окуу үчүн текст балдардын өзгөчөлүктөрүн жана көркөм тексттерди эске алуу менен түзүлүшү керек;

3) ката окуунун алдын алуу боюнча системалуу иш жүргүзүлүшү керек;

4) окуу учурунда кетирилген каталарды оңдоочу максаттуу система пайдаланылышы керек;

5) бир нече кадамды камтыган «үн чыгарбай» окуганга үйрөтүү уюштурулушу керек: шыбырап окуу, окулуп жаткан нерсени үнсүз артикуляциялоо, үн чыгарбай окуу.

**7-таблица. – Окуганга үч баскычтуу үйрөтүү**

| Аналитикалык | Синтетикалык | Автоматташтыруу |
|---|---|---|
| • Окуу процессинин башкы компоненттери болуп: кабыл алуу, айтылыш жана түшүнүү эсептелгени менен мүнөздөлөт. Окурмандын ишмердүүлүгүндө алар «чачылган» жана баладан өзүнчө операцияларды жасоо үчүн белгилүү бир аракеттерди талап кылат.<br>• Т.Г.Егоровдун оюу боюнча, муундар боюнча окуу, окуучу көндүмдү калыптандыруунун биринчи - аналитикалык баскычта тургандыгынын белгиси. Аналитикалык баскыч адатта сабаттуулукка окутуу мезгилине туура келет [12, б.75]. | • Синтетикалык баскыч окуунун бардык үч компоненти тең бир эле учурда жүргөн шартта башталат. Бул баскычта окуучу толук сөздөр менен окуй баштайт жана анын синтетикалык баскычта тургандыгынын негизги белгиси - окууда интонациянын болушу.<br>• Ар бир окуучунун чыгарманын айрым бирдиктерин түшүнүп гана тим болбостон, аларды окулган материалдын ажырагыс мазмунуна байланыштырып турушу маанилүү. Эгерде окурман окугандарынын жалпы маанисин түшүнсө, анда интонация пайда боло баштайт, деп белгилейт Т.Г.Егоров [12, б.75]. | • Окуу техникасы автоматизмге жеткирилгендиги жана окурман тарабынан маани берилбегени менен мүнөздөлөт. Окуучунун аракеттери текстти түшүнүүгө багытталган. Бул баскычта бала өзүнчө окуганга аракет кылат.<br>• Окуучулардын ушул баскычка жеткендигинин белгиси - алардын өз алдынча окуган ишине болгон эмоционалдык реакциясы, мугалимдин суроолору жок эле таасирлерин жана эмоцияларын бөлүшүүгө каалоосу. |

Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн төмөнкү педагогикалык шарттар түзүлсө, натыйжалуу болот:

1) Окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу.

2) Мектеп китепканасы, ата-энелер менен кызматташуу иштерин жүргүзүү.

3) Ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды сунуштоо.

Окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө, сабактарда жана башка класстан тышкаркы иш-чаралардагы ата-энелер, китепканачылар, мугалимдер менен иштөө кадамдарын тактоо натыйжалуулукту камсыздайт. Биздин изилдөөбүздүн алкагында төмөнкү кадамдарды сунуштайбыз:

*1-кадам. Диагностика.* Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, маалыматты кабыл алуу стилдерин аныктоо. Жыйынтыгы мугалим үчүн да, окуучу үчүн да ачык-айкын болушу маанилүү, себеби алар кийинки ишмердүүлүгүн пландаштырууда негиз катары кызмат кылат.

*2-кадам. Даярдык.* Конкреттүү окуучунун окуу көндүмүнүн мүмкүнчүлүктөрүн эске алган окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн жана иш-чаралардын негизги түрлөрүн аныктоодон турат.

*3-кадам. Мазмундук-ишмердүүлүк.* Белгиленген убакыт жана мөөнөт боюнча, конкреттүү аткаруучулар менен иш-чараларды ирettүү ишке ашыруу, окуу көндүмүнүн калыптануу чен-өлчөмдөрү менен жыйынтыкты салыштыруу жана ченөөсү жүрөт.

- *4-кадам. Рефлексия (ой жүгүртүү).* Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүү деңгээлинде пайда болгон өзгөрүүлөр талданат, процесстин натыйжалуулугуна баа берүүсү ишке ашырылат.

Баалоо-натыйжалык блогу окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн түзүмүн түзгөн 4 чен-өлчөмдү камтыйт. Ушул чен-өлчөмдөргө ылайык, жалпы окуу көндүмдөрүн өнүгүү деңгээлине баа берүүгө болот. Биздин изилдөө ишибиздин контекстинде окуу көндүмүнүн өнүгүүсүнүн белгилүү деңгээлин аныктоого мектептеги окуп-үйрөнүү процессин ишке ашырууда өспүрүм курактагы окуучуларынын негизги компетенттүүлүктөрүнүн: маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өз ишин уюштуруу, көйгөйлөрдү чечүү калыптануусуна дагы байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мына ошондуктан, Мамлекеттик стандартты негиз кылуу менен, биз моделде окуу көндүмүнүн өнүгүүсүнүн үч деңгээлин сунуштайбыз: репродуктивдүү (төмөнкү), продуктивдүү (орто), чыгармачылык (жогорку).

**8-таблица. – Окуу көндүмүнүн өнүгүүсүнүн үч деңгээли**

| **Репродуктивдүү (төмөнкү деңгээл)** | **Продуктивдүү (ортоңку деңгээл)** | **Чыгармачыл (бийик деңгээл)** |
|---|---|---|
| Окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен | Курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка | Өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө |

| | | |
|---|---|---|
| мүнөздөлөт. | кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт. | ашырууну түшүндүрөт. |
| Окуучу:<br>-аталыштарын билет;<br>-керектүү маалыматты бөлүп карай алат;<br>-ресурстарынын ролун жана маанисин түшүнөт;<br>-практикалык аракеттерди чечүү үчүн алган билимдерин жана билгичтиктерин колдонот. | Окуучу:<br>-негизги түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын мазмунун түшүнөт жана аларды белгилүү кырдаалдарда колдоно алат;<br>-өз ара байланышты көрсөтө алат;<br>-өзгөрүүлөр жана айлана-чөйрөнүн шарттары ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын түзө алат;<br>-татаал эмес эксперименттерди өз алдынча жүргүзө алат. | Окуучу:<br>-акыл ишмердүүлүгүнүн логикалык ыкмаларына ээ (талдоо, топтоштуруу, жалпылоо, салыштыруу);<br>-жаңы мааламыттарга багыт ала алат жана ылайыктуу түшүнүктөрдү формулировкалоо үчүн бул маалыматтын зарылдыгын аныктай алат;<br>-изилдөөнү пландаштырып жана жүргүзгөнгө, жазып, жыйынтыгын талдоого жана жалпылоого жөндөмдүү;<br>-илимий маалыматты баалай алат жана аны көйгөйлөрдү чечүүдө колдонот. |

Моделдештирилген окуп-үйрөнүү процессинин жыйынтыгы коюлган максатка жетишүү – өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн – жогорку деңгээлде калыптанышы.

Моделдештирүү методу педагогикалык изилдөөдө эмпирикалык жана теориялык жыйынтыктарды-педагогикалык объектини изилдөө процессинин жүрүшүндө логикалык конструкцияларды жана илимий абстракцияларды курууну айкалыштырууга мүмкүндүк берет.

Мына ошентип, сунуш кылынган модель окуп-үйрөнүү процессинде өзөктүү педагогикалык принциптерди колдонуу аркылуу өспүрүм курактагы

окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет жана педагогикалык процесстин мазмунуна, түзүлүшүнө жана уюштуруу жолдоруна түзмө-түз жана кыйыр таасир этет.

Эмпирикалык изилдөө методдорунун ичинен биз байкоо жүргүзүү, анкеталык сурамжылоо методдору, педагогикалык эксперимент методдорун колдондук. Бул эмпирикалык методдор изилдөө предмети ортосундагы көрүнүктүү байланыштарды белгилөөгө жана сүрөттөөгө жардам берди.

Илимий методдорду тандоодо биз Т.П. Сальникова [1, 8-б.] белгилеген тандоо эрежелерин жана төмөнкү принциптерин негиз кылдык:

– изилдөө методдорунун жыйындысы (комплекси);

– алардын изилденип жаткан кубулуштун маңызына, алынышы керек болгон жыйынтыктарга, изилдөөчүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө шайкештиги;

– субъекттерге зыян келтириши мүмкүн болгон моралдык нормаларга каршы келген эксперименттерге тыюу салуу жана изилдөө методдорун колдонуу.

Эмпирикалык методдор учурдагы билим берүү практикасында педагогикалык маселени чечүү абалын сүрөттөөгө мүмкүндүк берди жана теориялык жыйынтыктарды практикалык жактан текшерүү мүмкүнчүлүгүн шарттады.

Биз колдонгон эмпирикалык методдордун мүнөздөмөсүн сунуштайбыз.

**Байкоо жүргүзүү методу**. Максаттары менен милдеттери маанилүү, текшерилип, көзөмөлгө алууга мүмкүн болгон процесстерди, кубулуштарды, кырдаалдарды, фактыларды багыттуу, тутумдуу, тикеден-тике кабыл алууга жана каттоого негизделген баштапкы маалыматты топтоо куралы. Байкоо жүргүзүү методу өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлин жогорулатууда ишмердүүлүктөрүн иликтөө үчүн пайдаланылды. Байкоо жүргүзүү методун колдонууда биз төмөнкү талаптарды, мүмкүн болушунча, толугураак сактоого аракет кылдык:


Максаттык компонент
Максаты: Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү
Милдеттери: Окуучулар:
• аналитикалык баскычтан автоматташтыруу баскычына өтүшөт;
• сабактарда жана башка класстан тышкаркы иш-чараларда ата-энелер, китепканачылар, мугалимдер менен кызматташышат;
Педагогикалык принциптер:
– гумандуулук – баалуулукка багыт алуу –диалогдук өз ара аракеттешүү– маданиятка шайкештик –педагогикалык колдоо
Мазмундук-процесстик компонент
Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн
Аналитикалык баскыч
Синтетикалык баскыч
Автоматташтыруу баскычы
Педагогикалык шарттар
1) Биринчи шарт – Окутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу.
2) Экинчи шарт –Класстан тышкаркы (кружок) ишмердүүлүктү күчөтүү.
3) Үчүнчү шарт - Мектеп китепканасы, ата-энелер менен
Мугалимдер
1. Диагностика
2. Даярдык
3. Мазмундук-ишмердүүлүк
4. Рефлексия (ой жүгүртүү).
Ата-энелер,
Баалоо-натыйжалык
Окуу көндүмүнүн өнүгүү деңгээли
I. Репродуктивдүү (төмөнкү); II. Продуктивдүү (орто); III. Чыгармачыл (жогорку).
Натыйжа: «Чыгармачыл» деңгээлинде окуу көндүмдөрү өнүккөн өспүрүм курактагы окуучу

**4-схема. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү модели.**

1. Байкоо жүргүзүүнүн негизги максатын аныктадык жана программасын алдын-ала түздүк.
2. Байкоо жүргүзүүнүн түрлөрүнө изилдөө жүргүздүк, тандадык.
3. Мектептин жана айылдын (шаардын) китепканасы менен өспүрүмдөргө арналган биргелешкен мектептен тышкаркы иш-чараларды пландаштырдык.

Байкоо жүргүзүү камтылган жана камтылбаган болушу мүмкүн. Камтылган байкоо жүргүзүү изилдөөчү белгилүү бир убакытка чейин изилдөө объектиси болуп калган өспүрүмдөр тобунун мүчөсү болуп калат деп болжолдойт. Эгер сиз алардын коомчулугунун кабыл алынган мүчөсү болуп калсаңыз, анда сиз балдар жөнүндө башка методдор бербегенден көбүрөөк маалымат ала аласыз. Камтылбаган байкоо жүргүзүү «сырттан» байкоону камтыйт. Ошондой эле, балдар алар изилдөө объектиси болуп эсептелгенин билген учурдагы *ачык байкоо жүргүзүүнү* жана алардын жүрүм-турумуна жана ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүлүп жатканын билбеген учурдагы *жашыруун байкоо жүргүзүүнү* айырмалашат.

Байкоо жүргүзүүнү ишке ашыруунун негизги шарты болуп байкоо жүргүзүүнүн максатынын (эмнеге байкоо жүргүзөсүз жана эмне үчүн?), планынын бар болушу жана анын натыйжаларын күндөлүккө, таблицаларга, жазуулар жүргүзүлүүчү матрицаларга жазуу. Биздин контекстте өспүрүм курактагы, б.а. 5-9-класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү. Бул учурда байкоо жүргүзүүнүн максаты төмөнкүдөй болду: өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнүн деңгээлин аныктоо. Байкоо жүргүзүүнүн маалыматын таблицага жаздык.

| Окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү | Деңгээлдер | | |
|---|---|---|---|
| | Төмөнкү | Орто | Жогорку |
| | + | | |
| | + | | |
| | | + | |

Байкоо жүргүзүүнүн натыйжалары токтотулгандан кийин гана жыйынтык чыгарууга болот. Андан сырткары, биз талдоо толук болсун үчүн мектеп китепканасына келген өспүрүмдөргө байкоо жүргүздүк. Ошондой эле мектептин жана шаардык китепканалардын өспүрүм окурмандарынын формаларын талдадык.

**2). Сурамжылоо методу.** Сурамжылоо методу педагогикалык изилдөөлөрдүн практикасында барган сайын популярдуу болууда. Сурамжылоо түз (сүйлөшүү, маектешүү) жана ортомчулук (анкета) болушу мүмкүн. Ошондой эле, топтук жана жекече, бетме-бет жана сырттан, оозеки жана жазуу жүзүндөгү сурамжылоолорду айырмалашат.

***Аңгемелешүү*** – бул изилдөөчүнүн диалогунун негизинде маалымат алуу методу. Аңгемелешүүнүн ийгиликтүү болушунун башкы шарты – бул адам менен (биздин контекстте өспүрүм окуучу) жеке байланыштарды түзүү, достук маанайды, ишенимди сунуштоо. Өспүрүм окуучу аны түшүнүүгө жана жардам берүүгө умтулган, сындабаган, айыптабаган, өзүнүн көз карашын таңуулабаган, бирок жөн гана угуп же жакшы кеңеш бере алган кызыкдар адамды көргөн учурда, сизге чынчыл жоопторду берет. Аңгемелешүү өзгөчө ийкемдүүлүктү жана сезимталдыкты, балдардын жеке өзгөчөлүктөрүн билүүнү, угуу жана эмоционалдык абалын түшүнүү билгичтигин талап кылат.

Аңгемелешүү жеке, топтук же коллективдик болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө дагы, ал олуттуу даярдыкты талап кылат. Аңгемелешүүнүн максатын ойлонуу, сүйлөшүүнүн темасын аныктоо, аны өткөрүү планын түзүү, суроолорду түзүү, көйгөйлүү кырдаалдарды, талкууланып жаткан

көйгөй боюнча карама-каршы көз караштарды тандоо керек ж.б. Аңгемелешүүнүн максатын койгондо, изилдөө иштин милдеттери менен гана чектелбеш керек. Мектеп окуучулары үчүн бул таанып-билүүчүлүк мүнөзгө ээ болушу керек. Окуучулар менен аңгемелешүүдө алынган маалыматтар жазылат жана башка изилдөө методдордун жардамы менен алынган маалыматтар менен салыштырылат.

Аңгемелешүү өз ара маалымат алмашуу мүнөзүнө ээ. Эгерде изилдөөчү өз оюн билдирбестен гана суроолорду берсе, анда биз *интервью* менен алектенебиз.

Аңгемелешүү методун колдонуу менен өспүрүм окуучулардын окууга болгон ички мотивациясын жана башка сапаттарынын (ой жүгүртүү (рефлексия), эмпатия) калыптанышын талдадык.

Эгерде сурамжылоо жазуу жүзүндө жүргүзүлсө, анда биз анкета алуу жөнүндө сөз кылабыз. Анкета алуунун артыкчылыгы – изилдөө каалаган сандагы окуучуларды камтый алат, алынган маалыматтарды иштеп чыгуу оңой. Бирок, анкеталарды даярдоо – бул кесиптик билимди талап кылган татаал процесс экендигин эске алуу керек.

Формасы боюнча, анкеталар *ачык* болуп бөлүнөт, бул учурда окуучулар коюлган суроого өздөрү жооп беришет жана *жабык,* мында жооптордун мүмкүн болгон варианттарынын тизмеси сунушталат.

**Интервью алуу методу.** Изилдөө учурунда мектеп администрациясынын, ата-энелердин, класс жетекчилердин, мектептин китепканачыларынын катышуусу менен алдын ала даярдалган суроолор берилип, талкуулоо өткөрүлдү. Интервью алуу методу суроолорду жооп берүүчүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө максималдуу жакындаштырылып багытталды. Бул метод ар бир изилденүүчүдөн алдын-ала даярдалган суроолорду камтыйт.

Интервью алууну уюштурууга талаптар:

– изилденүүчүнүн көнүмүш шарттарында же сурамжылоо темасына байланыштуу шарттарда (үй же жумуш чөйрөсү) жүргүзүү;

– убакыттын жетиштүү өлчөмүн аныктоо;

– үчүнчү жактардын таасирин жок кылуу же азайтуу;

– суроолордун мазмуну, абалы (оозеки стили) окууга эсептелбестен сүйлөшүүгө берилген.

***Интервью алуунун түрлөрү*:**

– *Эркин интервью* (алдын-ала даярдалбаган суроолорсуз же плансыз эле өткөрүлөт, тема гана аныкталат; маектин багыты, анын логикалык түзүлүшү, суроолордун ырааттуулугу жана алардын түзүлүшү интервью жүргүзүүчүнүн жекече өзгөчөлүктөрүнө көз каранды болуп, алынган маалыматтар статистикалык иштетүүнү талап кылбайт, маалымат өзүнүн уникалдуулугу баалуу жана кызыктуу болуп саналат).

– *Багытталган интервью* (анын максаты конкреттүү жагдай тууралуу баалоону, пикирлерди чогултуу болуп саналат, суроолор алдын ала даярдалат, интервьюнун предмети менен катышуучуларды алдын-ала тааныштырышат, ал эми ар бир суроо милдеттүү, алардын ырааттуулугу ар кандай болушу мүмкүн).

– *Расмий интервью* (жөнгө салынган суроолор жана көрсөтмөлөрдү камтыйт).

– *Стандартташтырылган интервью* (жабык суроолор басымдуулук кылат).

– А*чык суроолор менен интервью* (изилдөөгө көбүрөөк убакыт талап кылат).

**Маектешүү методу.** Маалымат топтоонун эң кеңири таралган методу. Ал тараптардын түздөн-түз жигердүү катышуусуна жана маалыматты түзөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Маектешүү жекече жана коллективдүү болушу мүмкүн. Иликтөө метод катары маектешүү белгилүү даярдыкты талап кылат: так план түзүү, маектешүүнүн негизги максатын аныктоо жана сүйлөшүүнүн предмети менен объектисин терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк

бере турган ыкманы колдонуу зарыл. Маектешүүнүн максатка жетиши көбүнчө изилдөөчүнүн ишеним пайда кылгандыгына жараша болот.

Маектешүүдө педагог позитивдүү өз ара мамилелериндеги көпүрө сыяктуу, кесипкөйлүктүн алтын эрежесин эстеши керек: ата-энелер менен сүйлөшүүдө өспүрүм балдар менен иштөөнүн оор жактары жөнүндө сүйлөшүүгө болбойт. Ата-энелерде алардын баласын же кызын квалификациялуу педагогдор окутарына жана тарбия беререрине жана бул үчүн бардык керектүү шарттар даярдалгандыгына ишеним пайда болуу үчүн көрүнүштөрдү түзүү маанилүү. Ишти рационалдуу пландаштыруу максатында ар бир ата-энеге жекече мамиле кылууну белгилөө зарыл.

Жекече маектешүүдө төмөнкү башкы эрежени сактоо керек: анын мазмуну сүйлөшүп жаткандарга гана белгилүү болуш керек, ал башкаларга айтылбашы керек. Ата-энелердин өтүнүчүнө абдан көңүл коюу менен мамиле кылуу зарыл. Жекече маектешүү мугалимдин ата-энелерге таасир тийгизүү гана мүмкүнчүлүгүн бербестен, өз учурунда көпчүлүгүндө өспүрүм балага туура мамиле кылууну тандоого ага жардам берет.

**Фокус-топтук талкуулоо методу.** Аз убакыттын ичинде өспүрүм балдардын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү маанилүү экендигине тиешелүү карама-каршылыктарды пайда кылган суроолорду талкуулоодо жеке көз караштарын далилдүү мисалдарды топтоо максатында өткөрдүк.

**Анкеталык сурамжылоо** статистикалык материалдарды жыйноого мүмкүнчүлүк берди. Анкеталык сурамжылоо үч бөлүктөн туруп, негизги жана кеңейтилген суроолорду камтыды. Бул суроолор аркылуу мазмундуу маалымат чогултууга шарт түзүлдү. Анкетанын материалы, негизинен, процесстин динамикасын эмес, түпкү натыйжасын билүүгө багытталат. Анкеталык сурамжылоо методун пайдалануу адамдын руханий жана эрктик чөйрөсүн изилдөөдөн чектелген, себеби сезимдери жана каалоолору жөнүндө оозеки билдирүүлөр, эмоционалдык абалын билдирбейт. Изилдөөнүн ийгилиги үчүн изилденүүчүнүн өзүн жакшы сезүүсү, белгилүү кызыкчылыгы, изилдөөчүгө жакшы көз карашы жана ишеними абдан

маанилүү. Анкеталык сурамжылоону түзүүдө, анын мазмунун жана түрүн эске алуу маанилүү, ал мазмунунда конкреттүү гана маселени камтууга тийиш. Ар бир суроо сөзсүз эле айтуу каалоосу жөнүндө кошумча суроо менен коштолот. Кошумча суроолор «эмне үчүн?» сыяктуу суроолор менен коштолсо, мыкты болуп эсептелет. Бул, алынган маалыматтарды сандык гана эмес, сапаттык талдоого мүмкүнчүлүк берет.

Анкеталык сурамжылоону иштеп чыгууда колдонулуучу суроолордун түрлөрү:

– аң-сезим фактылары (пикирлерин ачуу, каалоолор, күтүүлөр, келечек пландар ж.б.); Бул учурда айтылган ар кандай пикирлер баалоочу корутунду болуп саналып, субъективдүү мүнөздө болот;

– жүрүм-туруму тууралуу маалыматтар (иш-аракеттер, иш-аракеттердин натыйжасы);

– социалдык-демографиялык мүнөздөгү маалыматтар (жынысы, курагы, улуту, билими, үй-бүлөлүк абалы, кесиби);

– билим деңгээлин аныктай турган маалыматтар (сынак-түрүндөгү суроолорду, тапшырмаларды камтыйт, эксперименттик же оюн кырдаалдары, аларды чечүү изилденүүчүдөн атайын билимдерин, көндүмдөрүн талап кылат).

Суроолор формасы боюнча: жабык (жооптордун толук топтому менен); ачык (жоопторду камтыбайт, ошондуктан ачык суроолор аркылуу бай мазмундуу маалымат чогултса болот); түз; кыйыр болушу мүмкүн.

**Мектеп документациясын талдоо** (мектептин стратегиялык пландары, отчеттор, жыйналыштардын протоколдору ж.б.) менен изилдөө ишибизге маанилүү болгон ар түрдүү документацияларды карадык. Алынган маалыматтар аркылуу өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлин жогорулатууга багытталган максаттуу иш-чараларга артыкчылык берилгенин же берилбегенин аныктадык.

**Алгачкы булактарды иликтөө методу** изилдөөнүн предметин ачыктоого жардам берди.

**Математикалык методдор** педагогикалык эксперименттин констатациялоочу жана текшерүүчү этабында сандык көрсөткүчтөрдү аныктоодо пайдаланылды.

**Педагогикалык эксперимент методу.** 2015-2019-жылдардын аралыгында педагогикалык эксперимент үч этапта өткөрүлүп, максатына, милдетине ылайык илимий методдор колдонулду. Педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабынын (2015-жыл) максаты – өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун алгачкы деңгээлин аныктоо. Констатациялоочу этаптын максатын ишке ашырууда диагностикалык методдор колдонулду, себеби окуу көндүмү калыптанбаган баланын бардык көйгөйүн чечүү көйгөйлөрдү диагностоо менен башталат, ал өзүнө маалыматты топтоо, талдоо жана системалаштыруу милдеттүү баскычтарын камтыйт, анын негизинде бул же тигил корутунду чыгарууга болот. Биз бул ишмердүүлүктү жүргүзүүдө байкоо жүргүзүү; анкеталык сурамжылоо; тестирлөө диагностикалык методдорун пайдаландык.

Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабынын максаты (2018-жыл) «Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү моделин» практикага киргизүү, педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун аныктоо болду.

Педагогикалык эксперименттин текшерүүчү этабынын максаты (2019-жыл) педагогикалык экспериментте коюлган милдеттерди текшерүү, колдонулган методдордун натыйжалуулугун аныктоо, жыйынтыктарды чыгаруу, сунуштарды иштеп чыгуу.

Ошентип, педагогикалык документтерди жана материалдарды изилдөө жана булактарды талдоо бизге кээ бир жалпы корутундуну чыгарууга мүмкүндүк берет.

Милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү илимий методдор колдонулду:

1) теориялык (изилдөө темасы боюнча ченемдик документтерди, педагогикалык, методикалык, психологиялык, лингвистикалык адабияттарды изилдөө жана талдоо);

2) практикалык (изилдөө темасы боюнча материалдарды тандоо, мектеп окуучуларын тестирлөө, окуу процессине байкоо жүргүзүү);

3) эксперименталдык (педагогикалык экспериментти жүргүзүү)

4) статистикалык (педагогикалык эксперименттин констатациялоочу, калыптандыруучу, текшерүүчү этаптарында алынган натыйжаларын талдоо, жыйынтык чыгаруу).

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жолдорун аныктаган илимий методдор, заманбап модели теориялык жактан негизделип, иштелип чыкты. Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталып, изилдөөдө коюлган милдеттерди чечүү илимий, практикалык методдордун комплексин тандап алууга негиз болду. Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында «Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү модели» практикага сунушталган. Ал бири-бирин толуктаган, өз ара байланышкан компоненттерден турат.

## 2.2. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык технология

Бүгүнкү күндөгү коомдогу өзгөрүүлөр окуучулардын таанып-билүү процессине кененирээк жана активдүүрөк катышуусуна жардам берген бир катар ырааттуу педагогикалык технологияларын, окутуу методдорун, ыкмаларын сунуш кылат. Өспүрүм курактагы окуучуларынынн окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн, аларга белгилүү деңгээлде өз алдынча болууга, чечимди кабыл алууга мүмкүн болгон шарт түзүлүшү зарыл экендигин белгилегибиз келип жатат.

Белгилүү педагог И.Бекбоевдин ойлору кызыгууну туудурат: «Билим берүүнү реформалоонун негизги мааниси кандай гана болбосун билим берүү мекемесиндеги окуу-тарбия процессине катышкан адамдын инсандыгы олуттуу орунда турушу керек, анткени кандай гана болбосун, билим берүү мекемесинен активдүү, өз алдынча чечим кабыл ала турган, ар дайым

өзгөрүлүп туруучу социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөдө максимум өз жолун таап кетүүчү адамдар чыгышы керек. Ушул типтеги адам гана жашоодогу каршылыктарга туруктуу боло алат жана аларды туура чечүүдө өзүнө жоопкерчилик ала алат. Жагдайлардын позитивдүү өзгөрүлүшүнө умтулуу менен, адам ар дайым өзү да тарбияланып турат. Так ушул адамдын өз алдынча өнүгүп-өсүшү болот» [14, 84-б.].

Окуу көндүмүнө ээ болуу жана тексттерди түшүнүү мектепти бүтүрүү учуруна окуучулардын башка бардык жөндөмдүүлүктөрүнүн арасынан эң маанилүүсү. Окууга гана тиешелүү тексттерди эмес, бардык тексттерди ылайыктуу түшүнүү жолуна үйрөтүү заманбап билим берүү кырдаалындагы актуалдуу педагогикалык милдеттердин бири болуп эсептелет. Азыр маалыматтын көлөмү кескин көбөйгөн шартта текстти түшүнүү көйгөйүнүн мааниси өзгөчө жогорулоодо. Бул көлөмдүн көбөйүшү маалыматты тез жана натыйжалуу кабыл алуу жана иштеп чыгуу билгичтигин талап кылат. Окуу көндүмдөрүн калыптандыруу – бул мектептин актуалдуу милдеттеринин бири.

Белгилүү эл аралык PISA изилдөөсүндө окуу сабаттуулугу (көндүмү) деп билдирүүлөрдөгү, ниеттердеги жана формалдык түзүлүштөрдөгү ар түрдүү тексттерди түшүнүү жөндөмдүүлүгүн, алардын байланышын кеңирирээк турмуштук контекстте көрө алуусун, коюлган максатка ылайык тексттен керектүү маалыматты бөлүп алуусун, темага ылайык ар кандай максаттар үчүн пайдалана алуусун түшүнүшөт. Бул изилдөөнүн концепциясы боюнча, тактап айтканда, окуу сабаттуулугу (көндүмү) – бул өз алдынча окуп-үйрөнүү жана заманбап маалыматтык цивилизациянын жашоосуна толук кандуу катышуу үчүн негизги (базалык) жөндөмдүүлүк болуп эсептелет. Ал тургай математикалык жөндөмдүүлүктү өздөштүрүү үчүн окуу көндүмү (компетенттүүлүк) негизги болуп эсептелет.

Тилекке каршы, окуганга болгон кызыгуунун төмөндөшү, жазуу жүзүндөгү тексттин ордун видео жана интернеттеги маалыматтар менен алмаштыруу, ойлонгон жана компетенттүү чечимдерди кабыл алууга

жөндөмдүү окуучулардын өнүгүүсү үчүн өтө курч көйгөйгө айланууда. Себеби, азыркы дүйнөдө маалымат агымынын саны жана маалыматтын өзүнүн көлөмү көбөйүүдө.

Билим берүүдө сынчыл ой жүгүртүүнү максаттуу өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө буга чейин эле айтылган. Мисалы, 20-кылымдын башында эле белгилүү педагогдор (Д.Дьюи, А.Нилл, В.А.Сухомлинский, Н.К.Крупская ж.б.) билим берүүнүн жакынкы милдети окуучуда жеке өз алдынча аң-сезимин ойготууга умтулуу, өз ойлоруна сын көз караш менен мамиле жасоого түртүү болушу керектигин жазышкан. Сынчыл ой жүгүртө алган окуучулар чечмелөөнүн жана маалыматтык билдирүүнү баалоонун ар кандай жолдоруна ээ болуп, суроолорго өз алдынча жооп таба алышат, тексттеги карама-каршылыктарды бөлүп көрсөтүшөт. Сынчыл ой жүгүртүү өспүрүм окуучуларга жеке күнүмдүк көйгөйлөрдү чечүүдө да жардам берет.

Адамдын акыл-эс ишмердүүлүгүнүн бир түрү – бул интеллектуалдык кабыл алуунун, түшүнүүнүн жана айлана-чөйрөдөгү маалымат талаасына объективдүү мамиленин жогорку деңгээли менен мүнөздөлгөн сынчыл ой жүгүртүү.

«Өзгөчө» ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү адамзаттын өмүрүнүн жүрүшүндө абдан маанилүү болгон. Азыр коом билим берүү уюмдарынын окуучуларынан кандай кырдаалда болбосун тез арада чечим табууну талап кылган учурда, бул сапат турмуштук мааниге ээ болууда. XXI кылымда адамдын инсандык сапатындагы алдыңкы орунду ойдун кеңдиги жана тең салмактуулугу, көз карандысыздык жана бей тараптуулук сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ. Ушундай инсанды калыптандыруу үчүн заманбап мугалимдерге класста жана класстан тышкаркы убакта сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн технологияларын колдонуу жардам берет.

Сынчыл ой жүгүртүү – Эл аралык окуу ассоциациясынын «Ачык коом жана координациялоо» институтунун каржылык колдоосу менен 1997-жылдан бери иштеп келе жаткан педагогикалык технология.

Сынчыл ой жүгүртүүнүн көптөгөн ар кандай аныктамалары бар. Америкалык философиялык ассоциация аны чечмелөө, талдоо, баалоо жана интерактивдүүлүк менен аяктаган максаттуу, өзүн-өзү жөнгө салган чечим катары аныктайт. Америкалык изилдөөчү Д. Эллис өзүнүн «Активдүү ойчул» аттуу монографиясында сынчыл ой жүгүрткөн окуучулар факт менен пикирдин айырмасын түшүнүшөт, суроолорду беришет, кызыктуу толук байкоо жүргүзүшөт» – деп жазат [14, 84].

Биз өз ишибизде Д. Халперндин сынчыл ой жүгүртүү жөнүндө аныктамасына таянабыз: «Сынчыл ой жүгүртүү – бул тең салмактуулугу, багыттуулугу объективдүүлүгү жана логикалуулугу менен айырмаланган багытталган ой жүгүртүү» [14, 84].

Д. Клустер сынчыл ой жүгүртүүнүн башка типтерден айырмалап турган беш аспектисин бөлүп көрсөтөт:

1) Сынчыл ой жүгүртүү – бул өз алдынча ой жүгүртүү.

2) Маалымат сынчыл ой жүгүртүүнүн акыркы чекити эмес, баштапкы чекити. Билим мотивацияны жаратат, ансыз адам сынчыл ой жүгүртө албайт.

3) Сынчыл ой жүгүртүү суроолорду берүүдөн жана чечилиши керек болгон көйгөйлөрдү тактоодон башталат.

4)Сынчыл ой жүгүртүү ишенимдүү далилдерге умтулат.

5) Сынчыл ой жүгүртүү – бул социалдык ой жүгүртүү [14, 84-б.].

Өспүрүм окуучуларда сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө болгон бир нече сапаттарды белгилеген изилдөөчү Даяна Халперндин айткандарына кошулабыз (№3-схеманы караңыз).

Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу билим берүү процессин куруунун негизги педагогикалык принциптеринин бири. Бул тенденцияцияны эске алуу менен, мугалим окуу жүктөмүн бөлүштүрөт, сабактын эң ыңгайлуу жүрүшүн жана окуучулардын эс алуу убактысын белгилейт. Ошондой эле, бул өзгөчөлүк окутуунун формаларын жана методдорун тандоого таасир этет.

Өспүрүмдүк курак ой жүгүртүү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүндөгү өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. Бул курактагы балдар объектилердин тышкы маалыматтары менен эле канааттанышпайт, аларда каралып жаткан нерсенин маңызына кызыгуу пайда болот. Окуучулар себеп-натыйжа байланышына байкоо жүргүзүүгө аракет кылышат, ушундан улам, аларда жаңы материалды үйрөнүүдө суроолор көп пайда болот. Орто баскычта сабакты даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө окутуу процессине проблемалык мүнөздү берүүгө көңүл буруу маанилүү, ал эми бул, бала татаал суроолорду өзү түзүшү керек, теориялык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгышы керек дегенди билдирет. Ошондой эле, өспүрүм курактагы окутуу процессинин маанилүү милдеттеринин бири өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өркүндөтүү, керектүү тапшырмаларды даярдоонун жүрүшүндө чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу болуп эсептелет. Белгилей кетүүчү нерсе, «өспүрүмдөрдүн күч-кубаты жана активдүүлүгү жогорулаган мезгилдер көп түйшүктү жаратат»[14, 84].

1. Пландаштырууга даяр болуу
- Ойлорду иретке келтирүү, ойдун ырааттуулугун түзүү маанилүү.

2) Ийкемдүүлүк
- Окуучу өз оюн айтуудан мурун, башкалардын пикирин жетиштүү деңгээлде кабыл алышы керек.

3) Туруктуулук.
- Көп учурда, оор тапшырмага туш болгондо, окуучу анын чечимин кийинкиге калтырат. Туруктуулук окутууда кыйла чоң натыйжаларга жетишүүгө мүмкүндүк берет.

4) Өз каталарын оңдоого даярдык.
- Сынчыл ой жүгүрткөн окуучу өзүнүн туура эмес чечимдерин актабайт, жыйынтык чыгарат, окутууну улантуу үчүн катасы менен колдонот.

5) Андап-түшүнүү.
- Ой жүгүртүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүү менен, акыл-эс ишмердүүлүк процессинде окуучунун өзүнө байкоо жүргүзүүсүнө мүмкүндүк берген сапат.

6) Компромисстик чечимдерди издөө.
- Чечимдерди башка адамдар кабыл алышы керек, антпесе алар билдирүүлөрдүн деңгээлинде калат.

**5-схема.**

Илимий адабияттарды талдоонун негизинде, окуп-үйрөнө алган окуучунун өнүгүүсүнө педагогикалык шарттарды түзүү окуу ишмердүүлүгүнүн бардык элементтерин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт деп айтууга болот, ал эми бул окуучулар чоң адамдар тарабынан таасир этүү объектиси гана болбостон, эң негизгиси билим берүү процессинин субъектилерине айланышат.

**9-таблица. – Өспүрүм окуучуларынын класстар боюнча мүнөздөмөсү**

| | Класс | Мүнөздөмө |
|---|---|---|
| . | 5-класс | 5-класста ишмердүүлүк класстык сааттар аркылуу ишке ашат. 5-класста, мазмун өзүнүн «Мен» менен таанышууга багытталган, басым:«Мен бармын» тастыктоосуна жасалат. |
| . | 6-класс | Окуучулар өзүлөрү жөнүндө жеке түшүнүктөрүн кеңейтүүнү, жекече жана типологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимин тереңдетишет. 6-класстын аягында өспүрүмдөрдө «Мен киммин?» физиологиялык, психологиялык, адеп-ахлактык жана башка инсандык өзгөчөлүктөрдөн турган «Мен» образы калыптанат. |
| . | 7-класс | Калыптанган «Мен» образынын негизинде 7-класста окуучуларга өзүн-өзү аныктоо жана өзүн-өзү таануу боюнча иштин формасы сунушталат, ал жерде окуучулар психолог менен биргеликте «Мен киммин?» – деген суроого активдүү жооп издешет. Ушул баскычтагы иштин мазмунун калыптанган «Мен» образын өзү кабыл алууга багытталган иш түзөт. |
| . | 8-класс | 8-класста негизги мазмун болуп өзүн-өзү кабыл алууда гана эмес, окуучулар өз мүнөздөмөлөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн, жеке сапаттарын башкаларга тааныштырууда жардам берүү болуп эсептелет. |
| . | 9-класс | 9-класста ушул багытта иш улантылат, ал эми басым өзүн-өзү кабыл алуудан жана өзүн-өзү көрсөтүүдөн өзүн-өзү аныктоого жана өзүн-өзү аныктоого өтүү менен, ушул курактын негизги муктаждыгы өзүн өзү аныктоо үчүн актуалдуу инсандык сапаттарды өркүндөтүү боюнча иштер жүрөт: өзүн өзү таанып-билүү, өзүн өзү талдоо, өзүн өзү өзгөртүү, өзүнө ишенүү, тандоого даярдык, жоопкерчилик, максатка умтулуу (максат коё алуу жана жетүү), өзүн өзү сындоо, өз алдынчалуулук, эмоционалдык жана жүрүм- |

| | | турум ийкемдүүлүк, эрк жана башка жөндөмдүүлүктөр». |
|---|---|---|

Мына ошентип, жогоруда айтылгандарга таянып, биз мындай деп айта алабыз: өспүрүм курак, биздин оюбузча, ишмердүүлүктүн өзүн-өзү жөнгө салуусунун өнүгүшүндөгү негизги учурлардын бири. Дал ушул учурда өспүрүм билим берүүчү өз ара аракеттенүүнүн жаңы түрлөрүнө даяр, ал мугалимдин тапшырмаларын аткарууга жана өзүнүн, өз алдынча ишин уюштуруунун формаларына кызыкдар. Бул фактылар өспүрүм балдарды окутууга даярдануу учурунда мугалим тарабынан эске алынышы керек.

Азыркы учурда жүргүзүлгөн педагогикалык изилдөөлөрдүн талдоосу өспүрүм курактагы окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү активдүү экендигин көрсөттү: «өспүрүм куракта (11-15 жаш) окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүнүн бардык компоненттери активдүү өнүгөт. Таанып-билүү компонентинин өнүгүүсү өспүрүмдүн жалпы интеллектуалдык өнүгүүсүнүн фонунда жүрөт, ошондой эле жигердүү социалдык ишмердүүлүк жана кесипкөйлүккө чейинки тандоо менен демилгеленет»[14, 84].

Эгер өспүрүм окуучу төмөнкү тизмедеги тастыктоолорду аткара алса, анда анын сынчыл ой жүгүртүү көндүмү өнүккөн деген тыянак чыгарсак болот:

– маалыматты талдоо (билдирүүнүн негизги идеясын, негизги ойлорун бөлүп көрсөтүү, алынган маалыматтарды мурун белгилүү болгон же кошумча табылган нерселер менен салыштыруу, көйгөйдү чечүү үчүн тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу);

– алынган маалыматты чечмелөө;

– ар кандай булактардан алынган маалыматтарды жалпылоо;

– маалыматты баалоо жана талкууланып жаткан маселени чечүү же чечүү үчүн тиешелүү негизделген тыянактарды чыгаруу.

Өспүрүм куракта сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы аркылуу окуу көндүмдөрүн жакшыртуунун эң маанилүү шарты болуп

тарбиялоо жана окутуу процессинде көйгөйлүү кырдаалдарды түзүү эсептелет. Дал ушул көйгөйлөрдү чечүү сынчыл ой жүгүртүүнүн принциптерин, стратегияларын жана жол-жоболорун өздөштүрүүнү камсыз кылат. Сынчыл ой жүгүртүүгө муктаждык, бизден дыкат ой жүгүртүүнү жана баа берүүнү талап кылган тандоо татаал кырдаалы менен кездешкен учурда пайда болот.

Сынчыл ой жүгүртүү технологиясынын алкагында өспүрүм окуучулардын кичи топтордо иштөөсүн демилгелейт. Кичи топтордогу иштерде окуучулар өз көз караштарын тезирээк жана кызыктуу түшүндүрүүгө аракет кылышат; ойлорун билдирүүгө, бири-бирин укканга жана өзүн укканды үйрөнүшөт. Окуу ишмердүүлүгүндө издөө-изилдөөгө басым жасалат. Ал эми «изилдөө ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү – ар кандай көз караштарды сынчыл салыштыруу, башкача айтканда, изилдөөчүнүн кесиптештери жана каршылаштары менен диалогу. Мындай диалог болбосо, изилдөө ишмердүүлүгү маанисин жоготот» [14, 84-б.]. Кичи топтордогу иште изилдөө ишмердүүлүгүн сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү каражаты катары кароо керек. «Ой жүгүртүүнүн бул түрүнүн мүнөздүү белгиси – ой жүгүртүү стандарттуу эмес, салттуу эмес процесс, анда чечимдин даяр модели жок. Демек, сынчыл ой жүгүртүү аркылуу окутуунун натыйжасы катары окуучунун инсандык өзгөрүүлөрү, б.а. алардын өнүгүүсү көрүнөт: алар тажрыйбаларын кайра курушат, жаңы билимди жана көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн жолдорун өздөштүрүшөт. Жөнөкөй баалоолордон жана далилдерден баштап, окуучулар ой жүгүртүүнүн жооптуу ыкмасына – көп вариативдүү талдоону ишке ашыруу билгичтигине өтүшөт »[14, 84-б.].

Сынчыл ой жүгүртүү технологиясында негизги шарт – бул проблемалуулук. Дал ушул проблемалуулук ишмердүүлүктүн ички мотивациясын камсыз кылат. Бирок бул диалогдук мамиленин шартында жана предметтик – мугалим менен окуучунун ортосундагы субъекттик кызматташтык жана өз ара аракеттенүү шартында гана мүмкүн болот.

Азыркы мезгилде көптөгөн мектеп окуучулары (алардын ичинен өспүрүмдөр дагы) көркөм китеп окууну сүйүктүү ишинин бири деп айтышпайт. Мультимедиялык маалымат булактарынын ар түрдүүлүгү, көрүүчүлөрдөн же угармандардан олуттуу ой жүгүртүүнү, сезимдеринин чыңалышын талап кылбаган жарнамалык жана көңүл ачуучу программалардын кеңири чөйрөсүнүн сунушталышы «жашоонун майрам» экендей сезилишин пайда кылат. Мындан тышкары, биз өткөргөн педагогикалык эксперименттин алкагында алынган анкеталардын жыйынтыгын алсак, өспүрүм окуучулардын китеп окуусунда эң чоң орунду массалык адабият ээлейт (фантастикалык чыгармалар, детективдик окуялар, фэнтези романдары ж.б.), алар заманбап мааниде мифтерди түзүү менен, жетиле элек балдардын акылын аны курчап турган дүйнөнүн чындыгынан алыстатат.

Башка жагынан алганда, кээ бир балдар үчүн чоң адамдар коомунун мыйзамдары жашыруун эмес, алар анын жагымсыз жактарын толугу менен башынан өткөрүшкөн. Ал эми мындай балдарга көркөм адабиятты психологиялык же физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу окуган кызыктуу эмес. Ошондуктан, көркөм тексттер көп окулган сабактар мындай мектеп окуучуларына кыйынчылыктарды жаратат.

Тилекке каршы, окуучуларда жана айрым ата-энелерде текстти окуп, кайра айтып берүү жетиштүү жана адабият боюнча билим алат деген жаңылыш түшүнүк бар. Каникулга арналган китептерди жоопкерчиликтүү окубаган балдар көбүнчө тигил же бул чыгарманын көйгөйлөрүн өз алдынча талдай алышпайт, анын каармандарына толук мүнөздөмө бере алышпайт, окулган чыгармадан алган таасирлерин, эмоционалдык, интеллектуалдык же идеялык жактан түшүндүрүп бере алышпайт.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы сабактардын алкагын кеңейтет, мугалим алган билимди өздөштүрүү, көйгөйлөрдү чечүү, тажрыйба топтоо өңдүү аспектилерине көңүл бурушу керек. Заманбап маалымат каражаттары менен болгон катаал атаандаштыкта болгон мугалимдер

окутуунун жаңы методикаларын туруктуу изденишет, педагогикалык илим сунуш кылган инновацияларды колдонуу менен чыгармачыл сабактарды пландаштырышат.

«Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» технологиясынын окутуу методдору (ыкмалары) универсалдуу жана бардык предметтерде ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн. Бул стратегиялардын тизмесине өспүрүм окуучулардын кайсыл көндүмдөрүн, компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана тарбиялоого багытталгандыгына жараша топтолгон. М. Эсенгулова жана Ж. Асекова төмөнкү топторду сунушташат:

1. Олуттуу окурманды тарбиялоого багытталган стратегиялар.
2. Чыгармачыл жазуучуну тарбиялоого багытталган стратегиялар.
3. Кабарлашып иштөө көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган стратегиялар.
4. Ойлорду графикалык системалаштыруу көндүмүн калыптандырууга багытталган стратегиялар.
5. Талаш-тартыш маданиятын калыптандырууга багытталган стратегиялар [14, 84-б.].

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясы өспүрүм окуучуларды кичи топтордо маалыматтын чоң көлөмү менен иштөөгө үйрөтөт, өзүнө жана айлана-чөйрөгө карата сын көз карашынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Анын жардамы менен сабактын жүрүшүндө мугалим лекцияны жана илимий окуяны окуучулардын активдүү катышуусу менен алмаштырат, ошону менен билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулайт.

Бул технологиянын бирден бир маанилүү максаты болуп маалымат булактарында багыт алуу, окуунун ар кандай стратегияларын колдонуу, окуган нерсени жетиштүү деңгээлде түшүнүү, маалыматты маанилүүлүгү боюнча иргеп алуу, экинчи даражадагы маалыматты «отоо чөптөрдөн арылтуу» жаңы билимге сынчыл баа берүү, жыйынтык жана жалпылоо жасоо

билгичтиктерин камтыган окуу маданиятын калыптандыруу эсептелет [14, 84-б.].

Ошентип, сабактарда сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын максаты – өспүрүмдөргө окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө гана эмес, турмушта дагы талап кыла турган ой жүгүртүү билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу болуп эсептелет.

Ар кандай илимий булактарды изилдөөнүн жана талдоонун негизинде биз сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын өзгөчөлүгү төмөнкүлөр деп белгилей алабыз:

1. ушул технологияны колдонууда мектептердеги билим берүү процесси инсан менен маалыматтын өз ара аракеттенүүсүнө негизделип курулат;

2. сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн технологиясы үч баскычты камтыйт: чакыруу, түшүнүү, ойлонуу, алар мугалим каалаган учурда окуу процессине кандайдыр бир жаңы жана адаттан тыш нерсени киргизе тургандай курулган;

3. технологияларды колдонуу кызматташтык принцибин колдонуу, бири-бирине толеранттуулукту жана сабырдуулукту көрсөтүү менен, көп убакыт боюу эки-экиден иштөөгө мүмкүндүк берет.

Технологиянын баскычтары жөнүндө кененирээк токтолуу маанилүү, анткени кийинчерээк ушул түшүнүктөр менен иштөө зарылдыгы пайда болот.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн технологиясынын биринчи баскычы «чакыруу» деп аталат, белгилүү окумуштуу-педагогдордун илимий изилдөөлөрүнүн негизинде биз бул терминге мүнөздөмө бере алабыз. «Чакыруу» – бул кызыктырууга багытталган жаңы теманы үйрөнүүгө чейин окуучулардын билимин актуалдаштыруу (бала үчүн изилденип жаткан теманын предметин жана турмуштук маанилүүлүгүн көрсөтүү)».

Бул баскыч класстагы ар бир окуучуга окуп-үйрөнүүнүн максаттарын-мотивдерин аныктоого мүмкүндүк берет, бул таанып-билүү

ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. **Чакыруу** баскычынын мааниси зор. Мугалим жаңы маалыматты берерден мурда, окуучулардан сабактын темасына байланыштуу эмне билерин же билем деп ойлорун, же болбосо алардын темага карата пайда болгон ассоциацияларына токтолушу зарыл. Ушуга байланыштуу окуучуларга чаржайыт ойлорун айтууга уруксат берилет. Окуучулар үчүн бул абдан баалуу нерсе, анткени 25 окуучунун бардыгынын оюн угуу, кабыл алып (оңдобой, «туура», «туура эмес» дебестен) доскага жазуусу чоң «революция», окуучуларда инсан катары сезим пайда болушуна өбөлгө түзүлөт.

Чаржайыт ойлорду системага келтирүү үчүн **түшүнүү** баскычы колдонулат. Окуучулардын чакыруу баскычында активдештирилген ой жүгүртүүсү түшүнүү баскычында андан ары арттырылат жана системалаштырылат. Түшүнүү баскычында окуучу жаңы маалымат менен өзү мугалим сунуш кылган кандайдыр бир жолдор менен таанышат.

Технологиянын кийинки баскычы – «түшүнүү баскычы», ал чакыруу баскычында коюлган милдетти чечүү үчүн маалымат издөө катары аныкталат. Башка сөз менен айтканда, ушул баскычта, окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды инсандын жекече түшүнүү жана кабыл алуу маселеси чечилет. Түшүнүү баскычы ар бир балага окуу предметинин татаалдыгынын өз деңгээлин аныктоого жана аны окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө андан ары колдонуу мүмкүндүгүн берет. Бул жерде биз ар бир окуучунун ишин «анын жакынкы өнүгүү зонасында» байкап жатабыз.

Үчүнчү баскыч – **ойлонуу же башкача айтканда, рефлексия**. Ал окуучулар койгон максаттарына жете алышкандыгын жана жаңы материалдар менен таанышуу учурунда келип чыккан көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды чече алышкандыгын талдай алышы үчүн керек. Бул деңгээлге өтүү учурунда окуучу жаңы материалды жана буга чейин алган билимин айкалыштырат, өзүнүн билим деңгээлин жана таанып-билүү ишмердүүлүк процессине баа берет. **Ойлонуу** баскычы, окуучулардын жаңы

маалыматты менчиктештирүү жана ушул маалыматка карата өз көз карашынын пайда болуу баскычы.

Ошентип, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн технологиясы үч баскычты камтыйт, алардын ар бири өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Бул технологиянын өзүнүн алгоритми, такталган түзүлүшү бар, анда көрсөтүлгөн ар бир баскыч ырааттуу жана технологиялуу деп корутунду чыгарсак болот.

Адатта, бул технология бир сабакты пландаштыруу үчүн колдонулат. Бирок, ушул технологиянын ар бир баскычынын негизги принциптерин эске алуу менен, окуу предметинин бардык темасын пландаштырууга болот.

Бул технология Мамлекеттик орто мектептик билим берүү стандартынын талаптарын ишке ашыруу үчүн колдонула турган окутуу методдорунун кеңири спектрин жана сабакты өткөрүүнүн методдорун сунуш кылат. Педагогикалык эксперимент учурунда өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында сунушталган жана активдүү колдонгон окутуу методдору (ыкмалары) менен №8-таблицадан таанышса болот. «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» технологиясынын окутуу методдорунун кадамдарын аныктоодо биз кыргызстандык окумуштуулар, педагогдор И.П.Валькова, И.А.Низовская, Т.М.Буйских, Н.П.Задорожная, М.М.Эсенгулова, Ж.Д. Асекованын эмгектерин талдоо менен колдоно алдык.

**10-таблица. – Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутуу методору (ыкмалары)**

| | **Баскыч** | **Мугалимдин ишмердүүлүгү** | **Окуучулардын ишмердүүлүгү** | **Мүмкүн болгон окутуу методдору (ыкмалары)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Чакыруу | Окуучулардын буга чейин окуп-үйрөнүп жаткан предмет боюнча бар болгон билимдерин чакырууга, алардын | Окуучу окуп-үйрөнүп жаткан суроо боюнча эмне билгилүү экендигин «эстейт» (божомолдорду айтат), жаңы материалды | «Белгилүү маалыматтардын» тизмесин түзүү, түйүндүү сөздөр боюнча окуяны болжолдоо; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана алардын кийинки ишине шыктандырууга багытталган. | окуп-үйрөнүүгө чейин маалыматтарды системалаштырат, жооп алгысы келген суроолорду берет. | материалды графикалык систематизациялоо: кластерлер, таблицалар; Т-схемасы, чаташкан логикалык чынжырчалар ж.б. |

Чакыруу баскычында алынган маалымат угулат, жазылат, талкууланат. Иш жекече, жупта же кичи топтордо аткарылат.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Т үшүнүү ба скычы | Жаңы маалыматтар менен түздөн-түз иштөөдө темага болгон кызыгууну сактоого багытталган, «эски» билимден «жаңыга» акырындык менен өтүү. | Окуучу мугалим сунуш кылган активдүү окуу ыкмаларын колдонуу менен текстти окуйт (угат), четине жазууларды жазат же жаңы маалыматты түшүнгөнүнө жараша жазып алат. | Окуунун активдүү ыкмалары: «V», «+», «_», «?» белгилерин колдонуу менен белгилөө (окуп жаткан сайын оң жактагы талаага коюшат), эки бөлүктүү күндөлүк, зигзаг, ББкБ, сабактын биринчи бөлүгүндө берилген суроолорго жооп издөө. |

Түшүнүү баскычында жаңы маалымат (текст, маалымдамалар, лекция, параграфтын материалдары) менен түз байланыш түзүлөт. Иш жекече же эки-экиден аткарылат.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | Ойл онуу (Рефлексия) | Мугалим окуучуларды баштапкы жазууларга божомолдорго кайтарышы керек, өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү, окуп-үйрөнгөн маалыматтын негизинде чыгармачыл, | Окуучулар түшүнүү баскычында алган билимдерин колдонуу менен, «жаңы» маалыматтарды «эски» менен байланыштырышат. | Маалымат блокторунун ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын табуу. Түйүндүү сөздөргө, чыныгы жана жалган билдирүүлөргө кайрылуу. Берилген суроолорго жооп берүү, чыгармачыл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | изилдөөчү же практикалык тапшырмаларды берүү. | | иштерди жазуу. |

Рефлексия баскычында, талдоо, чыгармачыл иштетүү жана изилденген маалыматты чечмелөө жүргүзүлөт. Жекече же кичи топтордо иштөө.

Билим берүү системасында «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» технологиясы боюнча окутуу методдорун алдыга жылдыруучу окутуучунун гана эмес, окуучунун дагы ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн жогорку деңгээли менен байланыштырышат.

Сынчыл ой жүгүрткөн өспүрүм окуучу маалыматтык билдирүүнү чечмелөөнүн жана баалоонун ар кандай ыкмаларына ээ, тексте (окуу китебинде, мугалимдин лекциясында, прозалык жана поэзиялык чыгармаларда ж.б.) карама-каршылыктарды бөлүп көрсөтүүгө жана өзүнүн көз карашын логикага таянуу менен гана далилдей алууга жөндөмдүү.

Мындай окуучу ар кандай түрдөгү маалымат менен иштөөдө өзүн ишенимдүү сезет, ар кандай ресурстарды натыйжалуу колдоно алат. Баалуулуктардын деңгээлинде сынчыл ой жүгүрткөн окуучу маалымат мейкиндиктери менен натыйжалуу өз ара аракеттене алат, курчап турган дүйнөнүн көп уюлдуулугун, жалпы адамзаттык баалуулуктардын чегинде ар кандай көз-караштардын бар болуу мүмкүнчүлүгүн кабыл алат.

Мына ошентип, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртууга түрткү болгон педагогикалык технология боюнча адабияттарды талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын өзгөчөлүгү биринчиден, окутуу процесси инсан менен маалыматтын өз ара аракеттенүүсүнүн илимий негизделген мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде курулат. Экинчиден, бул технологиянын баскычтары (чакыруу, түшүнүү, ойлонуу) ар бир окуп-үйрөнүү кырдаалында, ар бир убакта

мугалим мүмкүн болушунча ийкемдүү жана ачык боло алгыдай окутуу методдору (ыкмалары) менен камсыз болгон: сөз өспүрүм окуучулардын (биздин контекстте) ар түрдүү жанрдагы, формадагы, түрдөгү текст менен иштөөсү жөнүндө болуп жатат. Үчүнчүдөн, технологиянын окутуу методдору (ыкмалары) окуп-үйрөнүү процессин *кызматташуу, биргелешип пландаштыруу жана түшүнүү* принциптеринин негизинде уюштурууга мүмкүндүк берет.

Биздин контекстте «технология» терминин алгоритм менен механикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү катары эмес, тескерисинче, өз алдынча, сынчыл ой жүгүртүүчү адисти калыптандыруу процессин шарттаган ачык окутуу методдордун (ыкмалардын) системасын катары карадык.

## 2.3.«Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» педагогикалык технологиясынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган негизги окутуу методдору (ыкмалары)

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү сөздүн так маанисиндеги максат болбой калышы мүмкүн, бирок ал окуу методдору багытталган таяныч болушу мүмкүн. Биз, педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу баскычы учурунда практика жүзүндө окуу көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган методдорду тандоо менен, талдоо жүргүздүк жана аларды колдонуу максаты, чечмелениши, кадамдары менен тааныштыруу зарылчылыгы бар экендигин туура таптык.

Адистештирилген адабияттардан «жай окуу» терминин таба аласыз, анын сүрөттөлүшү жарым-жартылай ушул стратегиянын кадамдары менен дал келет. «Тыным менен окуу» сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн атайын иштелип чыккан окутуу методу болуп эсептелет. Бул окутуу методу окуучулардын окууга болгон кызыгуусун ойготуу, окучуларда окуу маданиятын калыптандыруу максатын көздөйт. Мугалим окутуу процессинде окуучулардын (биздин учурда өспүрүм курактагы) сынчыл ой жүгүртүү көндүмүнүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзө алат. Окуу ортосундагы «тынымдар» окуучуларда ички ой

жүгүртүүлөрүн активдештирип, талкууларды, эскертүүлөрдү, суроолорду, акыл-эсинде сын пикирлерди пайда кылат.

Ар бир окутуу методдорунун ишке ашыруу схемасы бар жана анын кадамдарынын так аткарылышы окуу процессин натыйжалуу кылат. Кайсы бир кадам аткарылбай калса, түшүнүү деңгээли терең болбой калат жана окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусу татаалдай баштайт. «Тыным менен окуу» методун ишке ашыруу схемасы төмөнкү 3 чоң кадамдардан турат:

**1. Окуучуларга ушул китеп (окуя, жомок, эпос ж.б.) менен болгон жеке тажрыйба жөнүндө айтып берүү.** Жеке тажрыйба менен бөлүшүү учурунда мугалим мүмкүн болушунча чынчыл болушу өтө маанилүү. Эгер мугалим бул чыгарманы (маалыматты) дароо кабыл албаса, ал тууралуу окуучуларга айтып бергени жакшы болот. Мугалим сөзүн өтө узун кылбай, болгону үч-төрт мүнөттүн ичинде бүтүрүшү керек. Эгерде мугалим өз сезимдерин билдирүүгө даяр эмес болсо, анда автор жөнүндө кыскача маалымат берүү менен чектелгени оң. Мугалимдин окуучулардын курактык өзгөчөлүгүн эске алышы маанилүү, себеби бардык эле адамдар сыяктуу, окуучулар дагы кимдир бирөөнүн өмүр баянындагы болгон учурларды өзүнүн жашоосу менен салыштырууга оңой болгон нерселерди көбүрөөк эстеп калышат.

**2. Чыгарманын аталышын талкуулоо.** Мугалим бир нече багыттоочу суроолорду берсе болот: «Эмне үчүн чыгарма ушундай аталат?», «Ушундай аталыштагы окуяда эмне болушу мүмкүн деп ойлошот?» Мындай суроолорго жооп издөө менен, окуучулар ар түрдүү жоопторун сунушташат. Мисалы, талдоо учурунда кээ бир окуучулар ушул эле автордун башка чыгармалары менен байланыштырууга аракет кылышат, кимдир бирөө фольклордук тексттер менен окшоштурат, ал эми кимдир бирөө – өз турмушундагы окуялар менен салыштырышат, ошону менен класста көп түрдүү ой угулган чөйрө түзүлөт. Ошондой эле окуучуларда божомолдоо, салыштыруу, байланыштарды табуу компетенттүүлүктөрү калыптанат.

**3. Эки же үч тынымды алдын-ала тандап алуу.** Мугалим текст менен болгон ушул диалогдун модератору катары тексттин көлөмүнө жараша тексттеги

эки же үч тынымды алдын-ала тандап алат (тексттин көлөмү беш-жети беттен ашпашы керек). Ушул тыныгууларда окуучуларды сынчыл ой жүгүртүүгө түрткөн суроолорду берет (суроолор алдын ала даярдалат). Тарбиялык максаттарды унутпаш керек экени түшүнүктүү: түшүнүксүз сөздөрдү талкуулоо, көркөм сөз каражаттарын талдоо керек, жогорку деңгээлдеги маселелерге токтолсо болот, мисалы: «Баатыр эмне үчүн ушундай жолду тандады?», «Окуялар мындан ары кандай өнүгөт?», «Тексттин бул үзүндүсү кандай сезимдерди ойготту?» жана башкалар. Биринчи же экинчи тынымдан кийин, «Божомолдоо багы» ыкмасын колдонсо болот.

**4. Текст менен иштөөнү аяктагандан кийин** мугалим окуучуларга мазмунуна байланыштуу текст жана сюжетти чечмелөөгө ар кандай мамилелерди чагылдырган эки же төрт цитатаны (же макал-лакаптарды, жалпы сөз айкаштарын) тандоону сунуш кылат. Окуучулар алардын оюу боюнча маанилүү болгон бирөөнү тандашат жана тандоону негиздеген чакан эссе (кыска дил баян) жазышат. Убакытка жараша бул тапшырманы класс ичинде же үйдөн аткарышса болот. Кээ бир дил баяндар окуучулардын каалоосу менен класстын бардыгына окулат. Окутуу процессинде өспүрүм курактагы окуучулардын тигил же бул предметти окуп-үйрөнүүдөгү өнүгүүсү тууралуу маалымат кенен болушу максатында мугалимдер портфолио түзүшөт. Ар бир предмет боюнча портфолио өзгөчөлөнүп, ар башкача болушу мүмкүн, бирок жалпы бөлүктөр окшош болот. Мисалы, окуучулардын класстык иштери, сүрөттөрү, жактырган каармандарынын сүрөттөрү ж.б.

Окуучуларга тексттин өзүнө же кагазга жазуу менен окуганга үйрөтүү керектигин баары билишет, бирок белгилөө процесси табигый жана түшүнүктүү болушуна кантип үйрөтүү керектигин көпчүлүгү билишпейт. Окуу процессинде маалымат менен дыкат иштөө, аны сынчыл ой жүгүртүү көз карашынан кароо, түшүнүү, талдоо көндүмүн өнүктүрүү маселеси абдан актуалдуу. Ушул максатты ишке ашырууда биз педагогикалык эксперимент учурунда ИНСЕРТ окутуу методун колдондук.

Бул окутуу методу Л.Л.Вогэн жана Т.Х.Эстес тарабынан иштелип чыккан. INSERT аббревиатурасы англис тилиндеги I.N.S.E.R.T. «калькасы», болжол менен «текстти натыйжалуу окуу үчүн инновациялык белгилөө системасы» деп которсо болот. «Инновациялык» деген сөз бул окутуу методу менен иштөө процессинде жаңы билим жарала тургандыгын билдирет. Мугалим ИНСЕРТ стратегиясы үчүн текстке коюлган белгилүү талаптарды эске алуу менен, алдын ала тандашы керек.

Тексттерге болгон талаптар:

а) география, тарых, биология ж.б. илимдери менен байланышкан маалыматка бай тексттер ылайыктуу;

б) философиялык, идеологиялык жүгү бар тексттер болбошу керек;

в) тексттин көлөмү эки бapактан жети баракка чейин болушу мүмкүн;

г) окуучулардын маалымат менен таанышканга чейин априордук билими бар экендигин аныктоо маанилүү. Мисалы, география сабагы боюнча «Канаданын аба-ырайы» же «Таш бакалар» деген темада зоология сабагын өткөрүү керек болсо, анда мугалим окуучулардын бардык алгачкы билимдерин алып чыгуу үчүн «акыл чабуул» өткөрсө болот.

ИНСЕРТ окутуу методу «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» технологиясынын бардык баскычын камтыйт. Класстагы окуучулардын даярдыгына, жетишкендиктерине жараша бул метод колдонууга пландаштырылат. Төмөнкү кадамдар сакталса, биз өспүрүм окуучулардын окууга болгон шыктануусунун жогорулашын, класстагы өзгөчө чөйрө түзүлгөндүгүн байкай алабыз.

Окуучулардын командалар менен кичи топтордо иштөөсү окутуунун принципиалдуу жаңы формасы болуп эсептелбейт. XIX кылымдын башында эле билим берүү практикасында Белль-Ланкастер деп аталган система пайда болгон, ал азыркы учурда мугалимдер колдонуп жаткан кичи топтордогу жана эки-экиден (жуп боюнча) формаларынын прототипинин бир түрү.

**11-таблица. – «ИНСЕРТ» окутуу методун колдонуудагы кадамдар**

**1-кадам:**

- мугалимдин тема жөнүндө кыскача кириш сөзү;
- окуучулардын берилген тема боюнча бар болгон билимдерин актуалдаштыруу (окуучуларга суроо берилет: Эмнени билесиңер же же билем деп ойлойсуңар?);
- андан кийин, окуучулар эки-экиден болуп талкуулоо, бүткөндөн кий жалпы топто жазган ойлору менен бөлүшүүнү сурануу.

**2-кадам:**

- мугалимдин жаңы маалыматты сунуштоосу, белгилерди түшүндүрүү;
- белгилерди окуучулар менен талкуулоо:

«V» – мага тааныш маалымат;

«+» – мен үчүн толугу менен жаңы маалымат;

«-» – мен кабыл албайм, менде далил бар, мен буга сын көз караш менен карайм;

«?» – менде суроолор пайда болду, ушул темада көбүрөөк маалымат алууну каалайм.

**3-кадам:**

- тестти (маалыматты, китепти, лекцияны ж.б.) окугандан кийин, окуучуларды талкууга чакыруу;
- талкуулоону ар бир белгиге токтолуу менен өткөрүү;
- айтылган ойлорду кыскача тактага алдын ала даярдап, илинген таблицага түшүрүү.

| | |
|---|---|
| **«V»** | |
| **«+»** | |
| **«-»** | |
| **«?»** | |

**4-кадам:**

- таблицаны толтуруу, суроолорго же карама-каршы ойлорго ким жо бере алса, жалпы топто оюн угуу;
- эң биринчи айтылган ойлорго кайрылуу, өзгөртүүлөрдү белгилөө.

**5-кадам:**

- мугалим үй тапшырма катары «?» тилкесине кирген суроолорго жо табууну берсе болот;
- эгерде суроолор көп болсо, окуучуларды кичи топторго бөлүштүрү суроолорду бириктирип берсе болот.

Сабактагы окуучуларды кичи топторго бөлүү, тапшырма берүү сыяктуу аракеттер тышынан жөнөкөй көрүнгөнү менен, мугалимдер тарабынан топтук иш формалары сейрек колдонулат, анткени алардын өзгөчөлөнгөн көп аспекттери бар, алар эске алынбай калса эле, максатка жетишүү кыйыныраак болуп калат.Өспүрүм курактагы окуучулардын окуу

көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында уюштурулган билим берүү процессинде класстагы эки-экиден же кичи топтордогу иштөө формалары эң татаал болуп эсептелет. Себеби, өспүрүм курактагы окуучуларга гана эмес, мугалимдерге (чоң адамдар) дагы башка адам менен биргеликте иш алып баруу дайыма эле оңой боло бербейт (мисал келтирсек, алар тапшырманы аткарган учурда, башка бирөөнүн сөзүн уга алышпайт; же аларга чейин эмне айтылса, ошону гана кайталап коюшу мүмкүн); бардык эле мектеп окуучулары өз алдынча (кичи топтордогу иштөөдө ролдорду өз алдынча бөлүштүрүү, биргелешкен иштерди пландаштыруу, күчтү жана убакытты эске алуу) ишин уюштура алышпайт. Ушундан улам кээ бир окуучулар иштин негизги максатынан алагды болушат.

Өспүрүм курактагы окуучулардын биргелешип ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган дагы бир окутуу методу болуп «Зигзаг» ат менен белгилүү метод эсептелет.

Кээ бир булактарда аны «Мозаика» катары которсо, кимдир бирөө анын авторунун аты боюнча Роберт Славин «Р. Славиндин ыкмасы» деп колдонушат. Көпчүлүк өлкөлөрдө (Россия, Украина, Литва, Таджикистан, Грузия ж.б.) бул методду колдонуу кадамдары менен таанышып көрүп, биз кайсы бир кадамдардан гана айырмачылыктар бар экендигин аныктадык. Ошого карабастан «Зигзаг» окутуу методунун түзүлүшү жана өзгөчөлүктөрү бар. «Зигзаг» – маалымат менен иштөөнүн сызыктуу эмес, зигзаг сыяктуу мүнөзүн ачык көрсөтө алат.

Эң негизгиси бул окутуу методун колдонуу өспүрүм курактагы окуучуларында төмөнкү окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган:

1. текстти (маалыматты, лекцияны, фильмди, китепти, чыгарманы, макаланы) башка адамдар менен биргелешип талдоо;

2. топто изилдөө иштерин жүргүзүү;

3. маалыматты башка адамга жеткиликтүү сунуштоо;

4. топтун кызыкчылыгын эске алуу менен кандайдыр бир предметти окуп-үйрөнүү багытын өз алдынча аныктоо;

5. биргелешкен сынчыл талдоо жүргүзүү;

6. ар кандай көндүмдөрдүн бүтүндөй спектрин көрсөтүшү керек: көп деңгээлдүү суроолорду берүү; өзүңүздүн да, маектешиңиздин дагы айткандарын тактоо; өз сезимдерин жана ойлорун башкаларга түшүнүктүү түрдө билдирүү;

7. топто идеяларды жаратуу (түзүү).

Ушул максаттарды аткаруу үчүн «Зигзаг» окутуу методу колдонулат.

**12-таблица. – «Зигзаг» окутуу методун колдонуудагы кадамдар**

| |
|---|
| **1-кадам: Топтоштуруу жана муз жаргыч.**<br>Класска киргенде, окуучуларды дароо жумушчу топторго бөлүнүшү керек, мисалы, жашыл, сары, көк, сары кызыл түстүү белгилер менен бөлсө болот. «Жашылдар» биринчи топко отурушат; «Көктөр» – экинчисинде; «Сары» – үчүнчүсүндө, ал эми «сары кызыл» – төртүнчүсүндө. Мугалим маалыматка жараша топторду түзө алат. Тема жарыяланганга чейин, түзүлгөн топторду бириктирүүгө багытталган муз жаргыч өткөрсө болот. Окуучуларга бир мүнөт убакыт берип, тобунун аталышын жана ураанын ойлоп таап, талкуулап сунуштоону сунуштаса болот. Бул тапшырма дагы өспүрүм окуучулардын өзүлөрүн бирдиктүү топ катары ачык кабыл алышы үчүн өткөрүлөт. Бул түзүлгөн топтор *–кооперативдик топ* деп аталат.<br>**2-кадам: Актуалдаштыруу.**<br>Мугалим сабактын темасын жарыялайт, андан кийин окуучуларды кичи топтордо 3-5 мүнөткө чейин кооперативдик топторунда биргелешип иштөөнү жана ушул тема боюнча эмне билсе бардыгын жалпылап айтуу тапшырмасын берет. Убакыт бүткөндөн кийин ар бир топтон чыккан спикер иштин жыйынтыгын окуйт, ал эми мугалим жоопторун тактага жазат. Мисалы, «Көчмөндөрдүн тарыхы» деген тема болсо, анда мугалим кичи топтордо ушул тема боюнча буга чейин массалык-маалымат каражаттарынан, ата-энелеринин айткандарынан, китептерден билгендери жөнүндө ой бөлүшүүсүн суранса болот.<br>**3-кадам. Келечектеги текст.**<br>Мугалим окуучуларга кантип иштей тургандыгы жөнүндө жана окуп-үйрөнүп жаткан темага арналган чакан текст түзүү нускама берет. Окуучуларга бир нече жанр сунушталат, алардын ичинен бирөөсүн тандаш керек. Дал ушул жанрда алар аягында бир топко бир тема боюнча бирдиктүү текст түзүшү керек болот.<br>Жанрлар, мисалы:<br>•Досума кат.<br>•Очерктер.<br>•Ата-энелерге айтып берүү. |

•Балдар журналындагы жазуу.

•Мектептик дубал газетага макала ж.б.

Эң башкысы, жалпы текст чакан болушу керек, анткени анын үстүнөн иштөө сабакта көп убакытты талап кылат.

Андан кийин, сиз алдын-ала план сыяктуу келечектеги тексттин *негизги идеяларын* аныктоо керек.

Мисалы, кайсы бир теманы окуп-үйрөнүүдө кооперативдик топтордун бири «Досума кат» жанрын тандашса, өзүлөрүнө суроо берүү менен талдоо жүргүзүшүп, негизги идеяларды аныктай алышат: «жашоодогу кызыктуу

кырдаалдар; көйгөйлөр; үй-бүлөлүк турмуш; алгачкы поэтикалык ырлар... ». Ар бир тема жана ар бир жанр ой жүгүртүү үчүн белгилүү бир багытты белгилейт, ал өз кезегинде келечектеги тексттин өзөктүү учурларын аныктайт.

Бул баскычта окуучулардын теманы окуп-үйрөнүүдөгү багыттарды аныктоо милдети ишке ашырылат. Ошентип, кооперативдик топтордун сабактын аягында берилген жанрдагы жана алдын-ала пландын негизинде текст түзүү милдети аларга айкын болгондон кийин, алар эксперттик топтордо иштеши керек.

**4-кадам. Кайра топтоштуруу.** Эксперттик топтор теманын айрым аспектилерин изилдөө үчүн, кийинчерээк кооперативдик топторго кайтып келгенден кийин окуучулар өзүлөрүнүн жетишкендиктери менен бөлүшө алышуу (башкача айтканда, теманын бардык аспектилерин бири-биринен билүү) жана бирдиктүү текст түзүү үчүн убактылуу түзүлөт. Технологиялык жагын карасак ал мындай кадамдарды камтыйт: а) мугалим окуучуларга жаңы, *4 эксперттик топторду* түзүү үчүн азыркы *кооперативдик* топторун алмаштыруу мезгили келгенин айтат; б) ар бир топ өзүлөрүнүн темасынын бир гана бөлүгүн изилдешет (тексттин үзүндүсү), кийин кооперативдик топко кайрадан келген учурда, текстти ирети менен тааныштырышат жана бир бүтүн маалыматты чогултушат; в) эксперттик топтун милдети – алардын текстти үзүндүсүн окуп чыгып, андагы эң негизги ойлорду бөлүп көрсөтүү жана бул текстти (үзүндүсүн) окубаган кооперативдик топтогу окуучулар тексттин башкы жобосун жакшы түшүнүү үчүн бериле турган үч суроону ойлоп табуу. Тапшырма ачык түшүндүрүлгөндөн кийин окуучулар эксперттик топтордо иштей башташат. Мугалим биринчи кезекте акыркы текстти түзүүдө кооперативдик топто кереги тийе турган маалыматка көңүл топтоо маанилүү экендигин өтүнөт.

**5-кадам: Текст менен иштөө.** Окуучулар текстти өз алдынча окушат, эң маанилүү ойлорду, фактыларды, идеяларды жазышат. 5-7 мүнөттөн кийин бул иш токтойт, ар бир эксперттик топ эркин режимде текстке суроолорду түзүшөт. Суроолор материалды көчүрүп алуу менен гана эмес, ошондой эле ой жүгүртүүгө түртүшү үчүн, мугалим Бенджамин Блумдун суроолорунун типологиясын колдонууну сунуш кылып, ар бир эксперттик топко типологиясын колдонууну сунуш кылып, ар бир эксперттик топко мүмкүн болгон суроолордун варианттарын бере алат (6-схема).

Эгерде мугалим бул тапшырманы татаалдатууну кааласа, анда ал жогорку деңгээлдеги суроолорду (талдоо, синтез, баалоо) түзүүнү суранса болот. Ошентип, эксперттик топтордо: 1) окуучулар он мүнөт иштешет; 2) кайсы үзүндүсү келсе, тексттерди эң маанилүү нерсени белгилеп, жазышат; 3) материалды жакшы өздөштүрүүгө багытталган 2-3 суроону түзүшөт.




**6-схема. Бенджамин Блумдун суроолорунун типологиясы.**

Окуучулардын эксперттик топтордо иштөө процессине мугалим байкоо жүргүзөт, алардын түшүнбөгөн суроолору болсо, биргелешип иштөө менен

жардам берет. Эксперттик топтордо иштөөдө сабактын экинчи түшүнүү баскычы ишке ашырылат, окуучулар маалымат менен жолугушат, иштешет.

Эксперттик топтор үчүн тексттерди тандоодо мугалим төмөнкү талаптарды эске алуу менен даярдайт:

1. Ар бир эксперттик топ теманын белгилүү бир жагын чагылдырган өзүнө берилген тексттен үзүндүнү изилдейт. Ар бир эксперттик топ үчүн тексттер мазмундуу болушу керек, алардын мазмуну бири-бирине дал келбеши керек, башкача айтканда, биринчи эксперттик топтун текстиндеги маалыматтар экинчи эксперттик топтун текстинде камтылбашы керек. Тексттер окуу китебиндеги параграфтар же бир эле теманын ар кандай аспектилерин сүрөттөгөн айрым макалалар болушу мүмкүн.

2. Ар бир тексттин нускаларынын саны ар бир эксперттик топтого окуучулардын санына дал келүүсү маанилүү. Мисалы, музыка сабагында «Улуттук аспаптар» темасы өтүлүп жатса, анда бир эксперттик топ «Азыркы дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө улуттук аспаптарга карата мамиле», экинчиси – «Улуттук аспаптардын тарыхы», үчүнчүсү – «Көркөм чыгармалардагы улуттук аспаптардын колдонулушу», төртүнчүсү –«Улуттук аспаптарды сактап калууга карата көз караштар». Мына ошентип, эгерде ар бир эксперттик топто 5-7 адам болсо, ошончо нускадагы текст даярдалышы зарыл.

3. Тандалган тексттер абстрактуу терминдер менен ашыкча жүктөлбөшү керек жана алардын көлөмү өспүрүм окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана аларды окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн убакытка туура келиши керек.

4. Мугалим убакыттык маселеге маани бериши керек. Сабактын 45 мүнөтүнүн ичинен окуучулардын эксперттик топтордо иштөөсүнө 10-15 мүнөт гана убакыт берилет. Ошондуктан 5-6-класстын окуучуларына бериле турган тексттин көлөмү жарым беттен, ал эми жогорку класстын окуучулары үчүн 1-2 беттен ашпашы керек.

**6-кадам: Кайрылып келүү.** Окуучулар өзүлөрүнүн мурунку кооперативдик топторуна кайрылып келүүсү. Мугалим окуучулар өз жазууларын гана колдонушу үчүн, берген тексттерин чогултуп алат. Окуучулар кооперативдик топторуна кайтып келишет, мугалим кийинки иштин максатын жана кадамдарын түшүндүрөт:

1. Эксперттик топтордо иштегенге чейин кооперативдик топто тандаган жанрда чакан текст түзүү керек.
2. Алгач, ар бир эксперт тексттердин үзүндүлөрдөн алган негизги ойлор, маалыматтар жөнүндө ирети менен (№1, №2,№3,№4) айтып беришет. Ар бир топтон келген өкүл үчүн түшүндүрүүгө 3-5 мүнөт убакыт берилет. Ошентип, бардык өкүлдөр түшүндүргөндөн кийин жалпы ырааттуу текст түзүлөт.
3. Түшүндүрүп жаткан окуучу, тексттин негизги мазмунун айтып бүткөндөн кийин, топто угуп отурган окуучулардын материалды үйрөнгөндүгүн текшерүү үчүн даярдаган 2-3 суроону берет.
4. Ушул учурда чыгармачыл процесске жооптуу адам келечектеги текстти жакшы чагылдыруу үчүн бир нече эскертүүлөрдү жазып турат.
5. Мугалим тактага ар бир топтон бирден окуучунун атын жазып коет. Бардык топтор түшүндүрүп бүткөндөн кийин ал окуучулар доскага чыгышат. Мугалим тексттин ар бир бөлүгү боюнча алдын ала даярдалган суроолорду берет. Эгер кайсы бир топтун өкүлү жооп бере албай калса, топ жардамга келсе болот.

**7-кадам. Өзүңүздүн текст.** Суроо-жооп аяктагандан кийин, жалпы текст жаратуу процесси башталат. Текстти жаратууга бардыгы катышышат. Окуучулар өзүлөрү кичи топтордо ролдорду бөлүштүрүп алышса, процесс натыйжалуу жүрөт, убакыт рационалдуу пайдаланылат. Мисалы, жазуучу окуучу – текстти жазат, идеялардын генератору – ойлоп чыгарат, алып баруучу – талкууну жана кантип жазуу керектигин уюштурат, ал эми баяндамачы (презентатор) сөзгө даярданат.

Ушундай кичи топтордо (кооперативдик) иштөө менен ойлонуу баскычын ишке ашырууга болот: окуучулар алган билимдерин өз алдынча системалаштырышат, «менчиктештиришет».

Мугалимдин позициясы фасилитациялоо болот, башкача айтканда, консультация берүү, суроолорго жооп берүү, көмөктөшүү. Убакыт жетиштүү болсо, жазуучунун ролун аткарган окуучу текст гана жазбастан, сүрөттөрдү жана схемаларды да тартса болот. Адатта, текстти түзүүгө 10-15 мүнөт кетет. Баяндамачынын (презентатор) даярдануусуна 2 мүнөт берсе болот.

**8-кадам. Презентация.** Ар бир топтон чыккан баяндамачылар (презентаторлор) жаратылган тексттерин жалпы топко сунуш кылышат. Башка окуучулар жана мугалим суроолорду беришет. Суроолор тактоочу гана суроо болушу керек. Ар бир презентация үчүн топтон бирден суроо деген эрежени колдонсо болот. Окуп-үйрөнүү милдеттерине жараша, мугалим баяндоонун (презентациянын) айрым жактарына басым жасашы мүмкүн. Ошентип, окуучулар текстти окуу аркылуу ар кандай деңгээлдерде иштешет (кайра айтып берүү, колдонуу, анализ, синтез, баа берүү) жана өз окуп-үйрөнүүсүнүн натыйжаларын сунушташат.

**9-кадам. Акыркы баскыч.** Бул баскычта мугалим окуучулар менен окуп-үйрөнүп жаткан материалдын (тексттин, маалыматтын) талаш жараткан жана түшүнүксүз жерлерин талкуулай алат, бул суроолорду андан ары өнүктүрүүгө, кошумча булактарды изилдөөгө байланыштуу тапшырмаларды сунуштай алат. Жалпысынан алганда, бул окутуу методунун кадамдары ушул иш менен бүтөт, бирок дагы бир маанилүү баскыч бар – бул окуучулардын өзүнө өзү баа берүүсү. «Зигзаг» окутуу методун колдонуунун максаты – топто маалымат менен иштөө билгичтигин калыптандыруу болгондуктан, окуучулар өзүлөрү басып өткөн кадамдарды, кылган иштерин түшүнүшү маанилүү. Бул үчүн өзүнө өзү баа берүү баракчасы колдонулат.

**10-кадам. Өзүнө өзү баа берүү.** Ар бир окуучу кичи топтордогу (кооперативдик, эксперттик) ишке катышуусунун өзүнө-өзү баа берүүсүнүн толтурулган баракчасын мугалимге тапшырат. Ал өз ишинин ар бир

мүнөздөмөсүн беш упайдык шкала боюнча баалоосу керек. Ушундай өзүнө өзү баа берүүнүн натыйжаларынын негизинде окуучу кайсы багытта андан ары өнүгүүсү керектигин түшүнө алат. Ал эми мугалим окуучунун топтук иштөөгө өзүнүн катышуусун кандайча кабыл ала тургандыгын түшүнөт.

Бул окутуу методун колдонууда мугалим класста топтук ишти уюштурууга байланыштуу бир нече көрсөтмөлөрдү эске алуусу керек.

**13-таблица. – Өзүнө өзү баа берүү баракчасы**

| № | Тастыктоолор | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мен текстти жаратуу боюнча идеяларды сунуш кылдым. | | | | | |
| 2. | Мен тактоочу суроолорду бердим. | | | | | |
| 3. | Мен топтун бардык мүчөлөрүн кунт коюп уктум. | | | | | |

Топтук ишти уюштурууга байланыштуу тажрыйбаны жана ар кандай көз-караштарды жалпылоо менен, уюштуруучулук башаламандык колдонулган окутуу методунун маанисин жокко чыгарбашы үчүн, мугалимдер төмөнкү эрежелерди кармануусу маанилүү.

1. Окуучуларды топторго кандайча отургуза тургандыгыңарды так элестетип көргүлө (канча топ болот; аларга орун алмаштырууну кантип айтасың; орун алмаштырууга канча убакыт талап кылынат; топто канча адам болот жана алар кандай мүнөздө болушат – жок дегенде болжол менен; топтогу окуучулардын бардыгы сизди карап отурушу үчүн, кантип отургузуу керек).

2. Биринчи кезекте, топтогу ролдорду бөлүштүрүү керек. Жогоруда айтылган окуучулардын ролдорунан тышкары, башка дагы ролдорду окуучулар же мугалим сунуштаса болот: кунт койгон (мугалимдин жана классташтарынын айткандарынын бардыгын угат, башка топтордогу баяндамачылардын (презентаторлордун) сүйлөгөн сөздөрүн, топтогу идеяларды жазат, б.а. жалпы топтун көңүлүн топтоо үчүн жооп берет),

дизайнерлер (сүрөт тартышат, жазышат, чапташат, кесишет ж.б.), сынчы, жардамчы, кеңешчи, билерман, талашуучу, унчукпас ж.б. Ролдорду бөлүштүргөндөн кийин, ар бир окуучу өз ролун түшүнгөндүгүн текшерүү керек.

3. Кээде топту бириктирүүгө бир катар тапшырмаларды берүү пайдалуу болот (мугалим топко ат ойлоп табуу менен чектелсе болот, же ураан, ураан чакыруу, символ, желек, герб, валюта ж.б. ойлоп табууну сурансаңыз болот). Топтун аталышы тактага бекитилип, айрым упайлар (жылдыздар, желектер ж.б.) кошулуп же алынып салынышы мүмкүн. Мунун бардыгы, көпчүлүк учурда, топту бириктирет.

4. Нускамалар окуучуларга мүмкүн болушунча так жана кыскача берилиши керек – *эмнени* аткарыш керек, *эмне үчүн* аткаруу керек, ишти *качан* бүтүрүш керек жана ал *кантип* бааланат.

5. Топтук иштөө учурунда мугалим топторду аралап жүрөт (нускамаларды тактайт, жакныкы милдеттерди тактоого жардам берет, ролдор, убакыт жөнүндө эскертет; тактоочу суроолорду берет; бир нерсе үчүн мактайт ж.б.).

6. Топтук иштин аягында (бардык топтор бир эле мезгилде жумушту бүтүрүшүн камсыз кылуу керек), мугалим *команданын лидерлери* тартипке байкоо жүргүзүп турарын, ал эми *кунт коюп уккандар* классташтары, башка топтун өкүлдөрү айткандарын кунт коюп көзөмөлдөөсүн эске салуу менен, жыйынтыктоочу ой бөлүшүүнү уюштурат. Ар бир презентациядан кийин кол чабуулар жаңырып турганы жакшы – физикалык тыным сыяктуу.

7. Корутундулар чыгарылат (абдан кыска, анткени алар топтордун презентациялары менен жыйынтыкталды).

8. Топтук иштин бүтүшү сабактын аягы болсо, жакшы болот, анткени кээде фронталдык жумушка кайтып келүү ыңгайсыз.

Окуу көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган, текст менен дагы, лекциялык материал менен иштөөдө дагы колдонулган окутуу методу – «Билем, билгим келет, билдим». Бул окутуу методун Чикаго университетинин профессору

Донна Огл тарабынан 1986-жылы иштелип чыккан жана «Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» технологиясында билим берүү процесси курулган: үч баскычты камтыйт: чакыруу, түшүнүү жана ойлонуу (рефлексия).

Бул окутуу методун биз изилдөөнүн жүрүшүндө өспүрүм курактагы окуучулардын окуу аркылуу изилдөө иштерин жүргүзүүгө үйрөтүү максатын көздөйт, ошондой эле «Б-Бк- Б» таблицасын колдонуу менен иштөө (класста, үйдө) окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн күчөтөт. Өспүрүм окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, мугалим сабакка киришүү бөлүгүндө темага байланыштуу балдардын жашоосунан кандайдыр бир кырдаалдарды, окуяларды эстеп айтып берүүсүн өтүнүүдөн же кыска аңгеме айтып берүү менен баштоосун пландаштыруусу маанилүү. Бул өспүрүм окуучулардын өз оюн айтууга, класста жагымдуу чөйрө түзүүгө түрткү болот.

**14-таблица. – «Б-Бк-Б» окутуу методун колдонуудагы кадамдар**

| |
|---|
| **1-кадам.** Окуучуларга 3 тилкеден турган таблица сунушталынат.<br>**2-кадам.** Окуучулар билген ойлорун, идеяларын, ассоциацияларын биринчи «Билем» тилкесине жазышат.<br>**3-кадам.** Эмнени билгиси келген суроолорду экинчи «Билгим келет» тилкесине түзүшөт жана жазышат.<br>**4-кадам.** Мугалим тарабынан текст сунушталынат, окуучулар текстти окушат, талдашат жана түзүлгөн суроолордун маңдайына үчүнчү «Билдим» тилкесине булактарды, ошондой эле жаңы ойлорду жана алардын булактарын көрсөтүү менен жоопторду жазышат.<br>**5-кадам.** Окуучулар кайрадан пайда болгон суроолорду мурун түзүлгөндөрдүн астына жазышат. Окуучулар жаңы пайда болгон суроолорго кошумча адабияттар, эксперттер менен сүйлөшүүдө жоопторду табуунун үстүнөн иштешет. |

Окуучулардын өз алдынча иштөөсү үчүн убакытты пландаштырган учурда, мугалимдер окуучулардын курагын, сабактын максатын жана ага бөлүнгөн убакытты эске алуу менен ар кандай болушу мүмкүн экендигин эстен чыгарбашы керек. Мугалим бул окутуу методун колдонууда жетекчинин эмес, тактоочу суроо берүүчү ролду аткарат.

Окуучулар тизмедеги нерселерди топтоштурушу үчүн, тактоочу суроолорду берет. Окуучулардын айрым ойлору так эмес, түшүнүксүз айтылышы мүмкүн. Алардын алгачкы ойлору түшүнүктүк түзүлүштөргө калыптанышы үчүн, мугалим жазууларды жеке таблицалардан жалпыга өткөрүп гана койбостон, окуучулар менен талкуулап, алардын түшүнүктүк ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн үстүнөн иш алып барышы керек.

«Билгим келет» тилкесине жазылган ойлорду талкуулоонун жүрүшүндө, мугалим сөзсүз түрдө окуучулардан жекече иштөөнү жана алардын жеке кызыкчылыктарын чагылдырган сөз айкаштары менен өз жазууларын толуктоону суранат. Мүмкүн, кимдир бирөө мисалы, уялчаактыгынан улам, бүтүндөй класска билдирүүгө үлгүрбөй калышы мүмкүн. Мугалим оригиналдуу ойлорду (автор баланын макулдашуусу менен) окуучуларга жазып алууну сунуш кылып турушу маанилүү.

Түшүнүктүк ой жүгүртүү – кубулуштарды жана фактыларды талдоодо түшүнүктөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусу көпкө чейин созулат. Бул жөндөмдүүлүк жогорку класстарда ачык байкалганы белгилүү.

«Билем-билгим келет-билдим» таблицасынын сол тилкеси окуучулардын түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүү билгичтигинин өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Алгач бул окутуу методун колдонгондо мугалим ролу абдан маанилүү: ал окуучуларда окуу көндүмүнүн өнүктүрүүгө жогорку деңгээлдеги ишти сунуштайт, ал эми окуучулар кабыл алышып, аткарышат. Бирок, белгилеп кетүүчү нерсе, бул метод менен иштөө бир гана жолу, ачык сабак үчүн гана болбошу керек эмес, мына ошондо окуучулардын өз алдынча иштөө көндүмү ийгиликтүү калыптанат.

Бул окутуу методунун дагы бир маанилүү аспектиси окуучулардын таанып-билүүчүлүк муктаждыктарын канааттандыруусу. Сабакта сунуш кылынган маалымат (текст) өспүрүм курактагы мектеп окуучуларына басма түрүндө дагы, лекция түрүндө дагы берилиши күтүлөт. Эң башкысы окуучуларга тексттеги көп нерселер кызыктуу жана жагымдуу болушу керек. Ал үчүн алар маалыматты (текстти) так түшүнүүсү зарыл. Мугалим

артыкчылыктуу суроолорго көңүл топтоого багыт берет, башкача айтканда алар «Билгим келет» тилкесине эмнени жазышса, дл ошол гана нерсени изилдөөсү шарт. Окуучулар текстти окушуп (мугалимдин лекциясын угушуп) «Билдим» тилкесин толтурушат.

Окуучулар текст менен иштешкенден кийин же мугалимдин лекциясын уккандан кийин, кошуна балдар менен ой бөлүшүшөт, аларга керектүү деп тапкан учурларда классташтарынын «табылгаларын» өз жазууларына толуктап, кошушат. Окуучулар айткан ойлордун бардыгы «Билдим» тилкесине түшүрүлөт, бул кайсы суроого жооп табылды, кайсы суроо ачык бойдон калды деген кичинекей мониторинг үчүн пайдалуу. Бул окутуу методун колдонууда мугалим кайрадан эле убакыт маселесин ойлонууга туура келет, эгерде убакыт мүмкүнчүлүк берсе, анда өз алдынча-экиден болуп иштөө-жалпы топто талкуулоо схемасын толугу менен колдоно алат, эгер убакыт жетпесе, башка ийкемдүү схемаларды ойлонушу зарыл. Өз алдынча иштөөнүн, кошуна менен ой бөлүшүүнүн, жалпы топто талкуулоонун педагогикалык, тарбиялык мааниси чоң экендигин кыргызстандык (И.Низовская, М.Эсенгулова, Ж.Асекова) жана россиялык (С.Загашев, С.Заир-Бек) окумуштуулар белгилешет.

Маалымат булактары аттуу тилкени окуучулар керектүү маалыматты алуунун мүмкүн болгон жолдорун аныктоону үйрөнүшү үчүн толтурушат. Ал үчүн мугалим окуучуларды класста эле издөө ишмердүүлүктөрү менен алектенүүнү пландаштырса, анда ал класстык бөлмөдөгү чөйрөнү билим берүү мейкиндигин маалыматтык китептер жана сөздүктөр, мезгилдүү басылмалар жана видеолор камтылгандай кылып уюштурушу керек. Албетте, мындай ишмердүүлүктү жүргүзүү түздөн түз мектептин дагы материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат.

Эгерде окуучуларга өз алдынча коюлган суроолорго жооп табуу үчүн керектүү маалыматты издөө тапшырмасы берилсе, анда мугалим маалымат булактарын кантип колдонууну тактап, түшүндүрөт. Белгилеп кетүүчү нерсе булак катары бир гана басылып чыккан басылмалар, интернет кызмат

кылбайт, адистерден консультация алуу, коомдук пикирди изилдөө, туугандар менен сүйлөшүү дагы маанилүү тажрыйба болот.

Кийинки сабак үчүн мугалим окуучулардан жооп табылбай калган суроонун бирөөсүн тандап алып, изилдөөлөрдү жүргүзүү тапшырмасын берет. Кээ бир сабакта көбүрөөк көлөмдүү суроолор пайда болушу мүмкүн, аларды жакынкы келечекте карап чыгуу кыйынга турса, анда мугалим суроолорду изилдөөнү бир нече убакытка пландаштыра алат. Мисалы, класста, туруктуу көрсөтмөлүүлүк катары, баракча жайгаштырылат, аны шарттуу түрдө «аялдама» деп аталат, анткени дал ушул «аялдамада» окуучулардын идеялары, көйгөйлөрү, ойлору өз кезегин күтүп турат, аларга учурда ар кандай себептерден улам жооп берүү мүмкүн болбой жатат. Бул жерде окуучуларга алардын идеялары «кумга кетпей», белгилүү бир убакытка чейин актуалдуу болуп турарын билүү маанилүү.

Бул окутуу методунун таанып-билүүчүлүк кызыгууну ойготуу артыкчылыктарын белгилеп кетүү маанилүү. Биринчиден, теманы киргизүүдө мугалим когнитивдик кызыгууну ойготуу үчүн көйгөйлүү кырдаалды же эмоционалдык жактан бай текстти колдонот; экинчиден, «Биз билгибиз келет» деген тилкени толтуруп, окуучулар өзүлөрүнүн таанып-билүүчүлүк муктаждыктарын калыптандырышат, бул болсо канааттанууга түрткү берет. Үчүнчүдөн, алардын ишинин натыйжаларын талкуулоо классташтар аны окуучу үчүн жеке мааниге ээ кылат. Топтук иштин өзү эле адамдын активдүүлүгүн жогорулатат.

«Билем, билгим келет, билдим» окутуу методун колдонууда өспүрүм курактагы окуучулар кандай пайда алышат:

– материалды системалаштырууну колдонууга жардам берет;

– «Б-Бк-Б» таблицасынын өзү окуучу менен мугалимдин ортосундагы мындан аркы баарлашуусун күчөтөт;

– окуучуларга өз изилдөө иштерин пландаштырууга жардам берет;

– изилдөөгө чейин, тема менен байланыштуу түшүнүктүк аппаратты

аныктоо билгичтигин өнүктүрөт;

– маалымат менен иштөө процессин көрсөтмөлүү чагылдырат жана мугалим үчүн жакшы кайтарым байланыш болуп эсептелет;

– окуучулар теманы үйрөнүүнүн негизги түшүнүктөрүн жана багыттарын өз алдынча аныкташат, алардын изилдөө максаттарын түзүүнү жана аларды негиздөөнү үйрөнүшү абдан маанилүү;

– маалыматты активдүү кабыл алуу. Лекцияны угуп жатканда же текстти окуп жатканда, окуучулар таанып-билүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн керектүү маалыматтарды тандап алышат. Бул материалды кабыл алуу окуучуларды активдүүлүккө алып келет;

– окуучулар жаңы жана эски билимдерди салыштырууга, материал менен иштөөгө, өз алдынча жалпылоого, системалаштырууга, айрым маалыматтарды түзөтүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Мына ошентип, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртууга түрткү болгон педагогикалык технология боюнча адабияттарды талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Практика жүзүндө окуу көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методдорун талдоонун натыйжасында бул методдорду колдонуу максаты, чечмелениши, кадамдары менен тааныштыруу зарылчылыгы бар экендигин туура таптык.

Ар бир окутуу методдорунун ишке ашыруу схемасы бар жана анын кадамдарынын так аткарылышы окуу процессин натыйжалуу кылат. Кайсы бир кадам аткарылбай калса, түшүнүү деңгээли терең болбой калат жана окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусу татаалдай баштайт. Сынчыл ой жүгүртүү методу интерактивдүү болуп, биргелешкен окутууга артыкчылык берет. Аны «ИНСЕРТ», «Зигзаг», «Билем-билгим келет-билдим» окутуу методдорунун ачыкталышы менен көрсөтүлдү. Ар бир окутуу методунун максаты – окуучуларды даяр жоопторду берүү үчүн эмес, жеке өзүнүн оюн калыптандырууга, изденүүгө түрткү берүү. Ушундай

процессте, чөйрөдө окуучу маалыматты жаттоого жана аны кайра айтып берүүгө көңүлүн топтобой, өз оюн негиздеп, өз алдынча жыйынтык чыгарууга үйрөнөт.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методдорун колдонуу аркылуу сабактарды уюштурганда мугалимдин милдети окуучуларга башкалардын пикирин укканды, ар бир ой баалуу, аны сыйлоо керектигине тарбиялоо. Мугалим ушундай чөйрөнү түзгөндө окуучулар өз идеяларын талдаганга жана тактаганга, жеке турмуштук тажрыйбасы менен өз билиминен жаралган ойлордун системасын түзгөнгө үйрөнүшөт. Бул ишмердүүлүк өспүрүм курактагы окуучулар үчүн сунушталып жаткандыгы маанилүү, анткени окуп-үйрөнүү процессинде окуу көндүмүн калыптандырууга шыктануу (мотивация) кеңири орун ала баштайт.

## Экинчи бап боюнча корутунду

Педагогикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган илимий методдордун чөйрөсү бир кыйла кеңири экендиги белгилүү. Биздин изилдөө ишибиздин объект жана предметине жараша теориялык жана эмпирикалык методдордун арасынан кээ бир методдорду бири-бирин толуктоо менен колдондук.

Теориялык методдордун арасынан биз моделдөө методун ийгиликтүү колдоно алдык. Бул метод өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн идеалдуу абалынын моделин куруу менен байланышта болду. Моделдештирүү түздөн-түз кабыл алуу мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берет.

Орто мектептеги өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү моделин түзүүдөгү башкы максатыбыз, биздин оюбузча, ар түрдүү методдорду биримдикте жана бүтүндүктө пайдалануу менен, моделдин ийкемдүүлүгүн камсыз кылуудан, анын тез реакция жасашынан жана ар дайым өзгөрүлүп турган шарттарга ылайыкташуусунан турат. Биз сунуш кылган моделдин компоненттери өспүрүм курактагы

окуучуларнын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү процессинин ички уюштурулушун – максатын, милдеттерин, негизги идеялардын мазмунун, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берет жана ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүнүн туруктуу кайра жаралуусуна жооп берет.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында «Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү модели» практикага сунушталган. Ал бири-бирин толуктаган, өз ара байланышкан компоненттерден турат.

Биздин контекстте «технология» терминин алгоритм менен механикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү катары эмес, тескерисинче, өз алдынча, сынчыл ой жүгүртүүчү адисти калыптандыруу процессин шарттаган ачык окутуу методдордун (ыкмалардын) системасын катары карадык.

Ар бир окутуу методдорунун ишке ашыруу схемасы бар жана анын кадамдарынын так аткарылышы окуу процессин натыйжалуу кылат. Кайсы бир кадам аткарылбай калса, түшүнүү деңгээли терең болбой калат жана окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусу татаалдай баштайт. Сынчыл ой жүгүртүү методу интерактивдүү болуп, биргелешкен окутууга артыкчылык берет. Аны «ИНСЕРТ», «Зигзаг», «Билем-билгим келет-билдим» окутуу методдорунун ачыкталышы менен көрсөтүлдү.

# III БАП. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруу

Педагогикалык эксперименттин максаты – өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүгө түрткү болгон иштелип чыккан моделди окутуу процессине киргизүү жана аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун негиздөө жана текшерүү.

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер аныкталды:

1. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдеринин өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча тажрыйбасын изилдөө максатында моделди практикага киргизүү жана педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабын өткөрүү.

2. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык шарттарды апробациялоо максатында калыптандыруучу эксперименттин программасын иштеп чыгуу жана өткөрүү.

3. Өткөрүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы боюнча эксперименттик жана текшерүүчү топтордун натыйжаларын салыштырмалуу талдоо.

Жогоруда коюлган милдеттерге ылайык, педагогикалык эксперимент 3 этапта жүргүзүлдү.

**Биринчи констатациялоочу этабында (2014-2015-жж.)** жалпы билим берүү орто уюмдарынын иш тажрыйбасында изилденип жаткан маселенин абалына мугалимдер, мектептин китепканачылары, ата-энелер, өспүрүм окуучуларынан анкеталык сурамжылоо алынып, анын талдоосу жүргүзүлдү; педагогикалык эксперименттин программасы иштелип чыкты; констатациялоочу этапта өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээлин аныктоо максатында ТТ (текшерүүчү топ), ошондой эле эксперименттик топ (ЭТ) уюштурулду.

**Экинчи, калыптандыруучу этабында (2016-2018-жж.)** өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү болгон педагогикалык шарттарды апробациялоо боюнча эксперименттик иш ишке ашырылды.

**Үчүнчү, текшерүүчү этабында (2019)** педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында алынган маалыматтарды талдоо, кайрадан иштеп чыгуу, жалпылоо жана изилдөө натыйжаларын систематизациялоо жүргүзүлдү. Бул этапта изилдөөнүн жыйынтыктары теориялык жактан чечмеленип, жыйынтыктары формалдаштырылып, корутундулар жазылды.

Педагогикалык эксперимент Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы мектеп-гимназиясы, №38 Барпы атындагы мектеп-гимназиясы жана Чоң-Алай районунда Жоомарт Боконбаев атындагы орто мектепте өткөрүлдү.

Бул мектептерди тандоодо биз төмөнкү чен-өлчөмдөргө таяндык:

а) материалдык-техникалык камсыздоо боюнча бирдей шартта;

б) мугалимдер инновациялык методдорду билишет;

в) окуучулардын курамы, жетишкендиктери боюнча бирдей.

Педагогикалык экспериментке катышкан үч мектепти шарттуу «А» мектеби, «Б» мектеби, «В» мектеби деп, ал эми окуучуларын төмөнкүдөй кылып бөлүштүрдүк:

| **«А» мектеп** | | **«Б» мектеп** | | **«Б» мектеп** | |
|---|---|---|---|---|---|
| №18 А.Навои атындагы мектеп | | №38 Барпы атындагы мектеп-гимназиясы | | Жоомарт Боконбаев атындагы орто мектепте | |
| ТТ | ЭТ | ТТ | ЭТ | ТТ | ЭТ |
| 7 А | 7Б | 7 А | 7Б | 7 А | 7Б |
| 8 А | 8Б | 8 А | 8Б | 8 А | 8Б |
| 9А | 9Б | 9А | 9Б | 9А | 9Б |
| 81 окуучу | 81 окуучу | 78 окуучу | 78 окуучу | 60 окуучу | 60 окуучу |

Мындан тышкары, аталган билим берүү уюмдарынын ата-энелери (ар бири 223 адам) жана мугалимдер (үч мектептен 36 мугалим жана 6

методикалык бирикменин жетекчилери), мектептин китепканачылары (3) катышты.

Педагогикалык эксперименттин бул этабында эксперименттик топтордо (ЭТ) 2 окуу жылынын ичинде (7-класстан 9-класска чейин) билим берүү процессинин бардык катышуучуларын: мугалимдерди, өспүрүм окуучуларды жана алардын ата-энелерин, мектептин китепканачыларын камтыган окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү программасын ишке ашырдык.

Текшерүүчү тобундагы (ТТ) окуучулар педагогикалык эксперименттин программасы боюнча иш-чараларга катышышкан жок. Программа ишке ашырылгандан кийин эки топтун катышуучулары ошол эле методикалар боюнча кайталанган изилдөөдөн өтүштү. Алынган сандык жана сапаттык маалыматтар талданды, алынган фактылардын түшүндүрмөсү жазылды, тыянактар түзүлдү.

Педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабында, биздин изилдөөбүздүн биринчи бөлүмүндө баяндалган теориялык жоболорду иш жүзүндө текшерүү үчүн, биз изилдөө методикасын иштеп чыктык. Илимий методдор теориялык жана эмпирикалык методдордун комплексинен турду, анын айкалышы биздин изилдөөнүн көйгөйүн, анын аспектилери менен параметрлерин ар тараптуу жана ишенимдүү изилдөөгө мүмкүндүк берди (Изилдөөнүн методологиясы изилдөөнүн 2.1. параграфында кенен берилген).

Констатациялоочу этап төмөнкү багыттар боюнча өткөрүлдү:

1. өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн мугалимдердин жана окуучулардын ата-энелеринин мотивациясын изилдөө;

2. өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүү деңгээлин изилдөө.

Мугалимдердин, ата-энелердин өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүгө мотивациясын аныктоо максатында фокус-топтук талкуулоо өткөрдүк. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн мугалимдердин мотивациясын жана даярдыгын аныктоо

үчүн фокус-топтордогу талкуулоонун суроолорду төмөнкү таблицадан көрсө болот (№1, №2-тиркеме).

| |
|---|
| 1. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнү милдеттүү деп эсептейсизби?<br>2. Сиз бул ишти системалуу жүргүзөсүзбү?<br>3. Сизге өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча кошумча кандай квалификацияны жогорулатуу курстары керек?<br>4. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүүсү үчүн кандай сунуштарыңыз жана тажрыйбаңыз менен бөлүшө аласыз? |

Мугалимдер, методикалык бирикменин жетекчилери арасында жүргүзүлгөн фокус-топтук талкуулоонун натыйжалары көрсөтмөлүү болуп чыкты. Белгилеп кетүүчү нерсе, текшерүүчү жана эксперименттик топтогу мугалимдер үчүн фокус-топтук талкуулоо өзүнчө өткөрүлдү. Катышуучулардын саны тең болду, башкача айтканда, биздин тандап алган фокустук предметтерибиз «Биология» жана «Кыргызстандын тарыхы» боюнча 7-8-9-класстарда сабак берген мугалимдердин жана методикалык бирикменин жетекчилеринин саны жалпы 21 болду. Текшерүүчү топтун мугалимдердин 100% жана эксперименттик топтун 100% өздөрү үчүн милдеттүү деп эсептешет. Өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча иштерди мугалимдердин текшерүү тобунун 38% жана эксперименттик тобунун 57% системалуу түрдө жүргүзүшөт; кээде (үзгүлтүктүү) текшерүү тобунда – 42% жана эксперименттик топто – 61%. Текшерүү топтогу мугалимдеринин 28% жана эксперименттик тобунун 66% өзүлөрүн өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүгө жетиштүү деңгээлде даярбыз деп эсептешет; текшерүү тобундагы мугалимдердин 62% жана эксперименттик топтун 43% кошумча курстарга муктаж.

Мугалимдер окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча, өз тажрыйбаларын бөлүшүү менен төмөнкү сунуштарды беришти:

• бул маселе боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарын, методикалык изилдөөлөрдү, лекцияларды, окуу семинарларын мектептин практикасына киргизүү;

• инновациялык режимде иштеген мугалимдердин иш тажрыйбасы менен таанышуу;

• өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн технологияларды колдонуу менен сабактарды көрсөтүү;

• атайын кыргызча окуу-усулдук адабияттар менен камсыз кылуу;

• өспүрүм окуучуларды кызыктыруу багытындагы предметтик ийримдерди, секцияларды, клубдарды уюштуруу.

Фокус-топтун жыйынтыгын талдоо мугалимдердин өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча ишмердүүлүккө жетиштүү деңгээлде даяр эместигин жана алардын ишинде ыраатуулук жок экендигин көрсөттү.




**1-диаграмма. Мугалимдер менен өткөрүлгөн фокус-топтук талкуулоонун жыйынтыгы.**

Педагогикалык эксперименттин бул этабында өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүүсү үчүн алардын ата-энелеринин мотивациясын

жана даярдыгын аныктоо максатында окуучулардын ата-энелери менен анкеталык сурамжылоо өткөрдүк.

| АНКЕТА |
|---|
| 1. Балаңыздын окуу көндүмүн өнүктүрүү милдеттүү деп эсептейсизби?<br>2. Балаңыздын кызыгуусун жана каалоосун билесизби?<br>3. Үйдө окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча ишмердүүлүктү алып барасызбы? |

Ата-энелердин мектеп менен кызматташуусу азыркы күндө чоң көйгөй экендиги бардыгыбызга белгилүү. Биз ата-энелер менен фокустук-топтук талкуулоо өткөрүү милдетибиз ишке ашпай калчудай болгондуктан, биз аларга фокус-топтук суроолорду анкеталык суроого алмаштыруу менен сурамжылоо өткөрдүк. Педагогикалык экспериментке катышкан окуучулардын жалпы саны 438, ал эми ата-энелердин 51% гана биздин изилдөөбүзгө катышышты.

| **«А» мектеп** | | **«Б» мектеп** | | **«Б» мектеп** | |
|---|---|---|---|---|---|
| №18 А.Навои атындагы мектеп | | №38 Барпы атындагы мектеп-гимназиясы | | Жоомарт Боконбаев атындагы орто мектепте | |
| ТТ | ЭТ | ТТ | ЭТ | ТТ | ЭТ |
| 27/19 | 27/20 | 26/20 | 26/17 | 20/17 | 20/19 |
| 27/16 | 27/18 | 26/18 | 26/13 | 20/15 | 20/14 |
| 27/14 | 27/15 | 26/16 | 26/14 | 20/17 | 20/17 |
| 81/49 | 81/53 | 78/54 | 78/44 | 60/49 | 60/50 |

Ата-энелердин текшерүү тобундагы 100% жана эксперименттик топтогу 100% өз баласынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнү милдеттүү деп эсептешет. Баланын кызыкчылыгын жана каалоосун билүү керектигин 68% текшерүү тобунун жана 76% эксперименттик тобунун ата-энелери белгилешкен. Билбейм – текшерүү топтогу ата-энелердин 3% жана эксперименттик топтун 2%. Текшерүү топтогу ата-энелердин 2% жана

эксперименттик топтогу 8% баланын окуу көндүмүн өнүктүрүп, үйдө окууну билишет; текшерүү тобундагы ата-энелердин 80% жана эксперименттик топтогу 64% бала менен сабак өткөрүүгө убакыт жок; текшерүү топтогу ата-энелердин 92% жана эксперименттик топтогу 74%; окуу көндүмүн өнүктүрүү менен бир гана адистер алектениши керек деп эсептешет.




**2-диаграмма. Ата-энелер менен өткөрүлгөн фокус-топтук талкуулоонун жыйынтыгы.**

Алынган анкетанын жыйынтыгын талдоо текшерүү дагы, эксперименттик топтун дагы ата-энелеринин мотивациясынын жетишсиздигин, ошондой эле өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн кантип өнүктүрүү керектиги жөнүндө билим алуу зарылдыгын көрсөттү.

Алынган маалыматтарды талдап, жалпылап, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыктык. Бул программа төмөнкү багыттарды камтыды:

1. өспүрүм окуучулар үчүн элективдүү курстун программасын иштеп чыгуу жана окуу-тарбиялоо процессине киргизүү («Мен олуттуу окуганга үйрөнүп жатам» (3-тиркеме));

2. ата-энелер менен кызматташуу жолугушуулары («Ата-энелердин клубу»)(4-тиркеме);

3. мугалимдер менен кызматташуу жолугушуулары («Академиялык аянтча») (5-тиркеме);

Изилдөөнүн кийинки багыты биз аныктаган чен-өлчөмдөрдүн жана көрсөткүчтөрдүн негизинде өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүнүн өнүгүүсүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо болду.

Окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн төмөнкү чен-өлчөмдөрүн жана көрсөткүчтөрүн аныктадык:

- шар окуусу;
- окуганын түшүнүүсү;
- көркөм окуй алуусу.

Окуучулардын шар окуу, окуганын түшүнүү, көркөм окуй алуу изилдөө үчүн биз тапшырмалардын түрлөрүн иштеп чыгып, сунуштадык.

Текстти түшүнүүнүн ар кандай деңгээлин аныктоо үчүн ар бир окуучуга өз алдынча аткаруу үчүн төмөнкүдөй тапшырма сунушталды.

**1-тапшырма.** Окуганын түшүнүүсүн текшерүү.

Берилген тапшырманын максаты: илимий текст («Биология» предметинен) боюнча суроолордун жардамы менен окуганын түшүнүүсүн аныктоо.

**Иштин уюштурулушу:**

1.Окуучулар мазмуну боюнча жеңил илимий текстти окушат. Сунушталган текст №6-тиркемеде келтирилген.

2. Окуган текстти түшүнгөндүгүн текшерүү үчүн, окуучулар мугалим тарабынан алдын ала тактага жазып даярдаган суроолорго жооп беришет. Суроолор Б. Блумдун таксономиясына ылайык түзүлөт.

1)Тексттин темасын аныктаңыз.

2) Эмне үчүн автор ушул аталышты өзүнүн макаласы үчүн тандап алды деп ойлойсуз? Кантип бул текстке башкача аталыш бере аласыз?

3) Сөздөрдүн маанисин кандайча түшүнгөнүңүздү түшүндүрүңүз:

4) Сизге макала эмнеси менен жакты/жаккан жок? Далилдер менен түшүндүрүп бериңиз.

5) Сизге кайсы ой өзгөчө жакты? Эмне үчүн?

Окуганын түшүнүү деңгээлин баалоодо төрт деңгээл колдонулат. Төртүнчүсү эң жогору, биринчиси эң төмөн. Бул деңгээлдер төмөндө, 15-таблицада көрсөтүлгөн.

**15-таблица. – Окуганын түшүнүүнү баалоо чен-өлчөмдөрү**

| Чен-өлчөмдөр | Деңгээлдин көрсөткүчтөрү | Деңгээл (упай менен) |
|---|---|---|
| Окуганын түшүнүү деңгээли | Окулган тексттин негизги идеясын билдирген ысымдарды өз алдынча ойлоп табуу; Текстке байланыштуу 16 суроонун ичинен 12 туура жооп. | Бийик деңгээл (4 упай) |
| | Окуучу бир нече сүйлөмдүн ичинен тексттин так аталышын тандайт, 7 суроого жооп берет. | Ортодон жогору деңгээл (3 упай) |
| | Кырдаалдын маанисинин бир аз өзгөрүшү же үзүндүсү. 4-6 суроого жооп берет. | Орто деңгээл (2 упай) |
| | Текстти түшүнбөй калуу же тексттин маанисин одоно бурмалоо. 4 суроодон аз жооп берди же жооп бербей койду. | Төмөнкү деңгээл (1 упай) |

Окуганын түшүнүүсүн аныктоого берилген тапшырманы аткаргандан кийин, алынган маалыматтар педагогикалык эксперимент учурунда мугалимдердин атайын ачкан ведомостко катталып турду. Алынган натыйжанын пайыздык көрсөткүчтөрүн №1 диаграммадан көрсө болот.

**2-тапшырма.** Көркөм окуу деңгээлин изилдөөгө тапшырмалар.

Көркөм окуунун ар бир чен-өлчөмдөрү үчүн, анын деңгээлин аныктай турган айрым тапшырмаларды тандап алдык.

*Окуучулардын логикалык (мазмундук) басымды коюу билгичтигин аныктоого багытталган №1-тапшырма.*

Констатациялоочу этаптын ушул бөлүгү үчүн биз «Кыргызстандын тарыхы» предмети боюнча текстти пайдаландык, сунушталган текст №7-тиркемеде келтирилген.

**Иштин уюштурулушу:**

Логикалык күчтүү басым _____,алсыз ------- менен көрсөтүлөт.

Тексттен үзүндү окугула, «Заводдо бир кары киши бар болчу ... » деген сөздөрдөн баштап, «Ал оң буту менен тээп койгон жерин көргүм келет» деген сүйлөм менен аяктайт.

*Окуучулардын логикалык тынымдырды жасоо билгичтигин аныктоого багытталган №2-тапшырма.*

**Иштин уюштурулушу:**

Бул тапшырмаларды аткаруудан мурун, тактага алдын-ала тынымдын маанисин тиркеп коюңуз же ар бир бала үчүн тынымдын мааниси менен таблицаларды даярдап коюңуз.

**Тапшырма 2.1.** Берилген тектти окугула жана грамматикалык тынымдарды койгула.

Бул тапшырманын алдында окуучуларга тыныш белгилери жок тексттен үзүндү таркатма материал таратылат. Окуучулардын милдети – керектүү тыныш белгилерин коюу.

**Тапшырма 2.2.** Логикалык (мазмундук тынымдарды) койгула.

Мугалим окуучуларга ошол эле үзүндүнү сунуштайт, бир гана тапшырма өзгөрөт, алар логикалык тынымдарды коюулары керек. Айтып кете турган нерсе, грамматикалык тынымдар бар болгон жерде – ар дайым логикалык тыным пайда болот. Бирок, ар бир логикалык тыным тыныш белгиси менен көрсөтүлбөгөнү белгилүү.

*Окуучулардын суроо, өтүнүч интонациясын жеткирүү, ошондой эле өз сөзүңүзгө наразычылык, кыжырдануу, суктануу интонациясын берүү билгичтигин аныктоого багытталган №3 тапшырма.*

Бул тапшырманы аткарууда окуучулардын каармандарга мүнөздүү ар кандай үндөрдү жеткире билүү мүмкүнчүлүгүн, үндү көтөрүү же төмөндөтүү жолу менен интонацияны калыбына келтирүү үчүн өтүнүч, суроо, үндөө интонациясы эске алынды.

Сүйлөмдөр сунушталган «Кыргызстандын тарыхы» предметиндеги

тексттен алынды:

1. Анын жашоосу жаман.

2. Бул Григорьеванын белегиби?

3. Ал биздин үйгө балалайканын ордуна болот.

Тапшырманы аткаруу учурунда окуучуларга көркөм окууну мүнөздөгөн үндүн бардык сапаттарын бир эле мезгилде чагылдыруу кыйынга турат.

Текстти көркөм окуунун деңгээлин баалоодо негизги көрсөткүчтөр катары төмөнкүлөрдү карадык:

1) Логикалык басымдын туура коюлушу – логикалык басымды үн менен аныктоо билгичтиги жана күчтүү басымды (___) жана алсыз (----) басымды белгилөө.

2) Тынымдарды туура коюу – кыска, орто, узак тыным коюу билгичтиги.

3) Кептин методикасын сактоо – кепте ар кандай аспекттерди (обондуулук, жумшактык, назиктик, оройлук) бере алуу, сүйлөмдү окуп жаткан учурда үндү көтөрүү же түшүрүү, өз сезимдерин жеткире билүү, суроонун интонациясын жөндөө, шыктандыруу билгичтиги.

Ошентип, көркөм окуунун жогорку, орто жана төмөнкү деңгээлин аныктоого болот. Бул учурда, төртүнчү эң бийик деңгээл, биринчиси эң төмөнкү.

Педагогикалык экспериментке катышкан өспүрүм окуучуларынын көркөм окуусунун натыйжаларын сапаттуу иштетүү үчүн төмөнкү схема колдонулду.

**16-таблица. – Көркөм окууну баалоо чен-өлчөмдөрү**

| **Чен-өлчөмдөр** | **Деңгээлдин көрсөткүчтөрү** | **Деңгээл (упай менен)** |
|---|---|---|
| 1.Логикалык басымды коюу мүнөздөмөсү | Маанисин түшүнүү үчүн маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтөт. | Бийик деңгээл (3 упай) |
| | 1-2 ката кетирет. | Орто деңгээл (2 упай) |
| | Маанисин түшүнүү үчүн маанилүү сөздөрдү бөлүп көрсөтпөйт. | Төмөнкү деңгээл (1 упай) |
| 2.Тынымдарды коюунун мүнөздөмөлөрү | Бардык тынымдарды коюшат. | Бийик деңгээл (3 упай) |
| | 1-2 ката кетирет | Орто деңгээл (2 упай) |
| | Тынымдарды коюшкан жок же аларды туура эмес коюшту. | Төмөнкү деңгээл (1 упай) |
| 4.Үндүн мелодикасынын мүнөздөмөлөрү | Текстти окууда ар түрдүү интонацияны билдире алышат, ошондой эле эмоционалдык абалды жеткире алышат. | Бийик деңгээл (3 упай) |
| | Интонацияны билдирүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушат, ошондой эле эмоционалдык абалды толук билдире алышпайт. | Орто деңгээл (2 упай) |
| | Сүйлөмдөрдү бир өңдүү үн менен окуйт; ар түрдүү интонацияны, эмоционалдык абалды билдире албайт. | Төмөнкү деңгээл (1 упай) |

Ар бир чен-өлчөмдөрдүн өзгөчөлүктөрүнө таянып, эксперименттик топко катышкан окуучулардын көркөм окуу көндүмүнүн калыптанышынын жалпы деңгээлин аныктадык:

1. Бийик деңгээл – 7-9 упай.

2. Орто деңгээл – 4-6 упай.

3. Төмөнкү деңгээл – 3 упайдан төмөн.

Көркөм окуу көндүмүн аныктоого берилген тапшырманы аткаргандан кийин, алынган маалыматтар педагогикалык эксперимент учурунда мугалимдердин атайын ачкан ведомостунда катталып турду. Алынган натыйжанын пайыздык көрсөткүчтөрүн №2 диаграммадан көрсө болот.

Окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин билүү максатында, биз окуганын түшүнүү менен көркөм окуу боюнча тапшырмаларын аткаруунун натыйжаларынын деңгээлдерин бириктиргенде, төмөнкүдөй упайларды ала алдык:

1. Бийик деңгээл – 14-18 упай.

2. Орто деңгээл – 9-13 упай.

3. Төмөнкү деңгээл – 8 упайдан же андан аз.

Бириктирүүдөн төмөнкүдөй жыйынтыктарды ала алдык:

Экспериментке катышкан «А», «Б», «В» мектептеринин 86 окуучуларынын ичинен 26 окуучусунун окуу көндүмдөрүн калыптандыруу деңгээли жогору, демек, окуучулар тонун жана үнүнүн күчүн көтөрүп, төмөндөтө алышат, алардын сүйлөөсү эмоционалдык түстө болот. Кырдаалга жараша, алар өз үнү менен туура интонация жасап окуй алышат.

Он беш окуучу орто деңгээлди көрсөтүштү. Мындай учурда, сүйлөө ар дайым түстүү боло бербейт, балдар интонацияда кичине ката кетириши мүмкүн, кырдаалга жараша сүйлөө темпин башкарууда кыйынчылыктар болот.

Демек, калган 45 өспүрүм окуучулардын окуу көндүмүн калыптандыруу деңгээли төмөн болгон. Мындай балдардын окуганы бир өңчөй, окуу ылдамдыгын көзөмөлдөө кыйын.

Педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабын натыйжаларын талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1) мугалимдердин көпчүлүгү окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жетиштүү көнүл бурушпайт, окутуу процессинде басым окуганын кайра кайталап айтуу, жаттоого жасалат;

2) ата-энелер балдарынын окуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча кошумча билимдерге муктаж, көпчүлүк ата-энелер бул маселеге маани беришпейт;

3) окуучулардын көпчүлүгү окуу көндүмүнүн орто жана төмөнкү деңгээлде калыптануусун көрсөтүштү.

Констатациялоочу этаптын натыйжаларын талдап, биз экинчи, педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу баскычына өттүк. Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу баскычында эксперименттик топту окутуу процессине өспүрүм окуучуларынын теориялык жактан негизделген окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары киргизилген:

1. өспүрүм окуучулар үчүн элективдүү курстун программасын иштеп чыгуу жана окуу-тарбиялоо процессине киргизүү («Мен олуттуу окуганга үйрөнүп жатам» (3-тиркеме);

2. ата-энелерди балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, алардын өнүгүүсүнүн социалдык ийгилик, окуучулардын жеке жана интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн маанилүүлүгүн түшүнүүгө даярдоо максатында ата-энелер менен бардыгы 12 жолугушууну чагылдырган «Ата-энелердин клубунда» кызматташуу (4-тиркеме);

3. өспүрүм окуучуларынын сабакта жана класстан тышкаркы иш-чараларында окуу көндүмүн өнүктүрүүдө мугалимдердин компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында «Академиялык аянтча» клубунда жолугушуулар (бардыгы 12 жолугушуу), окутуу семинарлары, усулдук бирикмелеринин жыйналыштары, мугалимдер кеңештеринде талкуулар, жеке кеңеш берүү, өзүн-өзү аныктоо өткөрүлдү (5-тиркеме).

Педагогикалык шарттар киргизилгенден кийин эки топтун текшерүү (ТТ) жана эксперименттик (ЭТ) катышуучулары бирдей илимий методдорду колдонуу менен экинчи жолу изилдөөдөн өтүштү.

Мына ошентип, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртууга түрткү болгон педагогикалык эксперименттин этаптары боюнча иш-чаралар бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Белгиленген изилдөө мугалимдердин жана окуучулардын ата-энелеринин балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шыктандыруусун жана даярдыгын изилдөө менен башталды. Текшерүү жана эксперименттик топтордун мугалимдеринин жооптору бири-бирине окшош болду: көпчүлүк мугалимдер өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жетиштүү даярдык көрүшпөйт. Ата-энелер баланын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө байланыштуу билимдерге муктаж, бирок көпчүлүк ата-энелер бул суроого маани беришпейт.

Биз белгилеген педагогикалык шарттарды практикалык жактан текшерүү максатында педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабында программаларды иштеп чыгып, практикага киргиздик.

Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабынын натыйжалары өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсү сунушталган педагогикалык шарттар эске алынса, ишке ашырыла тургандыгы тастыкталды.

Эксперименттик топту окутуу процессине окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү аныктаган педагогикалык шарттары киргизген педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабынан кийин биз жыйынтыктоочу баскыч – текшерүү этабына өттүк.

### 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо

Үчүнчү – текшерүү этабында педагогикалык эксперименттик иштин натыйжалары талданып, системалаштырылып, изилдөөнүн натыйжалары чыгарылды.

Педагогикалык экспериментти өткөрүүнүн жүрүшүндө байкоо жүргүзүүнүн, мугалимдерди, ата-энелерди сурамжылоонун, өспүрүмдөрдүн

тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин аткаруунун сапатына талдоо жүргүзүүнүн негизинде өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн бардык көрсөткүчтөрү боюнча керектүү маалыматтар топтолду.

Алынган маалыматтарды талдоо өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү оң динамиканы белгилөөгө мүмкүндүк берди:

1) окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү экендигине позитивдүү көз караштa болгон өспүрүмдөрдүн саны 42% дан 58% жогорулады;

2) өз алдынча жогорку деңгээлдеги тапшырмаларды аткара алган, маселелерди кичи топтордо чече алган өспүрүмдөрдүн саны 41% дан 59% га көбөйдү;

3) мугалимдер, ата-энелер жана теңтуштар менен биргеликте коомдук иш-чараларга катышкан, демилгелүү өспүрүмдөрдүн саны 44% дан 56%га өстү.

Өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык экспериментте мугалимдердин ишмердүүлүгүндө бир нече өзгөрүүлөр киргизилди: а) эксперименттин башталышында мугалимерге «борттук журнал» ачуу сунушталды; б) «борттук журналга» мугалимдер эксперименттик топтун өспүрүм окуучуларына байкоо жүргүзүүлөрүн каттап турушту; в) алардын канчалык көп суроолорду беришкендигин, бул суроолордун табияты кандай экендигин талдоо менен; г) өспүрүмдөр өзүлөрүнүн кыйынчылыктарын аныктоону, баалоону жана жоюну каалашабы; д) иш учурунда жана натыйжасында алардын сезимдеринин мүнөзү кандай.




**3-диаграмма. Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдөгү динамика.**

Мугалимдер талдоо жүргүзүү учурунда мындай кырдаалдарды белгилеп жатышты:

1. Окуучулар тапшырмаларды аткаруу эч кандай кадамдарды жасабаган учурда, алардын сезимдери терс болсо, окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата терс динамика катталган.

2. Эгерде иштөө процессинин, байкоо жүргүзүүнүн жана сүйлөшүүлөрдүн натыйжаларында окуучу тапшырмаларды аткарууга болгон аракетин көрсөткөн болсо, анын эмоциясы оң болуп, оң натыйжага жетүүгө умтулса, анда позитивдүү динамика деп катталган.

3. Эгерде өспүрүм окуучунун аракети, ийгилиги жана оң мамилелер үзгүлтүктүү мүнөздө (айрым темаларды үйрөнүүдө, айрым класстарда, кээ бир тапшырмаларды аткарууда гана) байкалса, анда окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата туруксуз мамиле катталган.

Педагогикалык экспериментин аягында өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата мамилесин баалоо үчүн сурамжылоо жүргүзүлдү (№8-тиркеме).

Берилген суроолорго төмөнкү жооптор алынды. Алардын өз алдынча тапшырмаларды аткарууга болгон кызыгуусу жөнүндө суроого жооп берип жатып, өспүрүмдөрдүн 76 гана (21%) аларды аткарууга анчалык деле кызыгышпагандыгын белгилешти.

Эксперименттик топтогу 172 өспүрүм окуучулар (47%) тапшырмаларды аткарууга мезгил-мезгили менен кызыгып турушканын айтышкан; Ал эми 44 өспүрүм окуучу б.а. 12% тапшырмаларды аткаруу алар үчүн кызыктуу болгонун белгилешти; 36 өспүрүм (10%) өз алдынча тапшырмаларды аткарууга болгон кызыгуу жогору экендигин көрсөткөн.




**4-диаграмма. Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө карата мамилесин баалоо.**

Эксперименттин жыйынтыгында өспүрүмдөр өз алдынча ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды аткаруунун таасирин белгилешти: алар тапшырмалардын темасы менен байланыштуу адабий булактарды өз алдынча изилдей башташты; тапшырманын темасына арналган илимий тасмаларга жана программаларга кызыгуу пайда болгонун белгилешти.

60% өспүрүм окуучулар олуттуу жана системалуу иштегенге, каалаган натыйжага жетишүүгө үйрөнүшкөнүн белгилешти.

Ал эми 80% өспүрүмдөр ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмалардын аткарууда көйгөйлөрдү чечүү алардын активдүү интеллектуалдык ишмердүүлүгүнө жана берилген ишти аягына чыгарууга болгон каалоосунун калыптануусуна оң таасирин тийгизгенин белгилешти.




Байкоо жүргүзүү («борттук журнал» аркылуу), окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүн талдоо (дептерлер, долбоорлор, электрондук ресурстар менен иштөө), маектешүүлөр, сурамжылоолор жана башка илимий методдорду колдонуунун натыйжасында өзүнүн окуп-үйрөнүү максатын аныктай алган өспүрүмдөрдүн саны 40%дан 80%га жогорулагандыгы аныкталды. Таанып-билүү тапшырмаларынын тексти менен иштей алуу көндүмдөрү калыптанган өспүрүмдөрдүн саны 20% дан 40% га чейин өстү.




**5-диаграмма. Эксперименттин жыйынтыгын салыштыруу.**

Бул көндүмдөргө дагы башка таанып-билүүчүлүк көндүмдөр кирет, алардын өнүгүүсү да салыштырмалуу ийгиликтүү болгон:

1. өспүрүмдөрдүн 45% тексттин негизги идеясын так аныктай алышат;

2. 47% булактын мазмунуна карата өз көз карашын колдогон ишенимдүү далилдерди келтире алышат;

3. өспүрүмдөрдүн 32% булактын мазмунуна кеңири талдоо жасай алышат;

4. 33% өспүрүмдөр булактын мазмунуна карата так көз карашын билдире алышат;

5. окуучулардын жарымынан көбү толук жана объективдүү маалымат бере алган 5тен ашык булактарды таба алышат;




**6-диаграмма. Өспүрүмдөрдүн таанып-билүүчүлүк көндүмдөрүнүн, алардын өнүгүүсү.**

6. тапшырманы аткаруунун жолдорун өз алдынча аныктай алган өспүрүмдөрдүн саны 55% дан 75% га чейин өскөн;

7. өзүлөрүнүн ишмердүүлүгү боюнча өз алдынча ой жүгүртө алган өспүрүмдөрдүн саны 35% дан 60% га чейин өскөн;

8. тапшырманы аткаруунун натыйжаларын өз алдынча көрсөтө алган өспүрүмдөрдүн саны 25% дан 45% га чейин өскөн;

9. Өспүрүмдөрдүн 60% башка бирөөнүн жардамын колдонбогон деңгээлин жогорулатышкан (эксперименттин башында 36% болчу). Алар өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүнүн максаттарын түзүп гана тим болбостон, аны жүзөгө ашыруунун ар кандай баскычтарын пландаштырып, ошондой эле мугалимден жана классташтарынан жардам сурабай, мүмкүн болгон натыйжаны жана анын иш жүзүндө актуалдуулугун болжолдой башташты.

10. 55% өспүрүмдөр үй тапшырмаларын аткарууда алган көндүмдөрүн, сабак тапшырмаларын чечүүдө жана тескерисинче ийгиликтүү колдонушкандыгы белгиленген: сабакта үйрөнүлгөн көндүмдөр үйдө жана класстан тышкаркы иш-чараларда ийгиликтүү бекемделди; класстан тышкаркы иштерде алынган көндүмдөр үйдө жана класста ийгиликтүү колдонулган. Экспериментке чейин бул көрсөткүч 31% ды түзгөн.




**6.1.-диаграмма. Өспүрүмдөрдүн таанып-билүүчүлүк көндүмдөрүнүн, алардын өнүгүүсү (уландысы).**

Алынган натыйжалар педагогикалык эксперимент негизделген педагогикалык шарттар туура тандалып, уюштурулган деп ырастоого мүмкүндүк берет. Педагогикалык эксперименттин текшерүү этабы төмөнкүлөргө мүмкүндүк берди:

– өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү класста, үйдө жана сабактан тышкары иш чараларда системалык ишмердүүлүктө жүргүзүү;

– окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө карата болгон мамилени олуттуу өзгөртүүгө таасир этүү;

– өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүн калыптандыруу тажрыйбасын ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды берүү аркылуу көйгөйдүү чечүү көндүмү менен байытуу;

– өспүрүмдөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн, жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн эске алуу менен, алардын окуу көнүдүмдөрүн өнүктүрүүдө ар түрдүү окуу стилдерин эске алган мамилени ишке ашыруу;

– педагогикалык экспериментке катышкан класстардын мугалимдерине жана ата-энелерине өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган биргелешкен иш-чаралардын зарылдыгына жана мүмкүнчүлүгүнө багыт берүү.

Мына ошентип, изилдөөнүн натыйжалары эксперименттик класстардагы өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүндөгү оң динамиканы көрсөттү. Биринчи «А» тобундагы мектептин өспүрүмдөрдүн окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мамилеси башка топторго салыштырмалуу бир аз өзгөрдү. Бул алардын экспериментке чейин жеткиликтүү бийик мотивациясы жана таанып-билүү кызыгуусу болгонуна байланыштуу болушу мүмкүн. Үчүнчү «В» тобунда ушул көрсөткүчкө ылайык, экспериментте сунушталган тапшырмаларды аткаруу процессинде күчтүү жактарын текшерүү идеясына берилген өспүрүмдөрдүн арасында мыкты динамика белгиленди; алар күчтүү эрктүүлүктү көрсөтүп, өзүлөрүнө болгон ишенимди арттырган натыйжаларга жетише алышты. Экинчи «Б» тобунда олуттуу өзгөрүүлөр болду. Алгач, бул окуучулардын дарамети үчүнчү «В» тобунун окуучуларына караганда жогору болгон, бирок алар өзүлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кантип колдонууну түшүнүшкөн эмес, өзүлөрүнө болгон ишеним жана өз алдынча тапшырмаларды аткарып, презентация даярдоо

ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө жетиштүү тажрыйба болгон эмес. Мунун бардыгы ушул топтогу өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү тарабынан педагогикалык эксперимент ишинин жүрүшүндө калыптанган.

Бардык эксперименттик топтордогу өспүрүмдөр арасында ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды аткара билүү билгичтигинин позитивдүү тенденциясы катталды.

Биринчи «А» тобундагы окуучулар экспериментке чейин бул параметр боюнча жогорку көрсөткүчтөргө ээ болушкан, ошондуктан алардын ийгилиги экинчи «Б» тобундагы өспүрүмдөрдүн ийгилигине салыштырмалуу анчалык орчундуу эмес. Экинчи «Б» тобундагы мыкты динамиканын байкалышы ушул топтогу өспүрүмдөрүнүн окуу көндүмдөрүнүн өнүктүрүүгө багытталган ишмердүүлүктү ишке ашырууга болгон мамилесин кыйла өзгөрткөндүгү менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Оң динамиканын байкалышын, окуучулардын ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды аткаруу үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды кантип табуу жана колдонууну жакшыраак түшүнө башташы менен түшүндүрө алабыз. Мындан тышкары, өспүрүм окуучуларынын калыптанган командада иштөө көндүмдөрү жеке иштин жакшырышына өбөлгө түздү. үчүнчү «В», тобунда бул параметр боюнча олуттуу оң өзгөрүүлөргө жетишилди.

Бул топтогу өспүрүмдөр үчүн өзүн-өзү баалоону жана өзүнө ишенүү сезимин жогорулатуу өтө маанилүү болду. Бул топтун окуучулары үчүн тапшырмалар алгач башкаларга караганда бир аз жеңилирээк болгон жана алардын аткарылышы ийгиликтүү кырдаалга шарт түзгөн. Бара-бара тапшырмалардын деңгээли жогорулап, эң татаал тапшырмалар башка топтун окуучулары үчүн татаал тапшырмалар менен бирдей болуп, үчүнчү «В» тобундагы айрым өспүрүмдөр аларды жеңил аткара алышты.

Окуучулардын мугалимдердин жана теңтуштарынын жардамынын азайуу деңгээли кыйла жогорулаган. Бул тенденция биринчи «А» тобунун өспүрүмдөрүндө анчалык байкалган эмес, анткени алардын өз алдынчалуулук деңгээли башка топтордун өкүлдөрүнө караганда

экспериментке чейин көбүрөөк байкалган. Экинчи «Б» жана үчүнчү «В» тобундагы өспүрүмдөр башка өспүрүмдөрдөн жана мугалимден жардам сурабай калышты. Бул алардын мотивациясы өзгөргөндүктөн, ар кандай багыттагы жана кыйынчылыктын ар кандай деңгээлиндеги тапшырмаларды кантип чечүү керектигин, ошондой эле өзүлөрүнө ишенимдүү болуп калгандыгы менен байланыштуу болду деп ойлойбуз.

Окуу көндүмүн өнүктүрүү максатында иштелип чыккан тапшырмалардын пакети универсалдуу болуп саналат, анткени ал өспүрүмдүн үйдө, класста жана сабактан кийинки интеллектуалдык активдүүлүгүн демилгелейт. Тапшырмалар беш багытты камтыды:

1) сабакта окуп-үйрөнүп жаткан теманын мазмунун ачуу;

2) окуу китебинен сырткары кошумча булактарды изилдөө менен кызыккан тармактарды ачуу;

3) түшүнө албаган, кенен билгиси келген сроолорду изилдөө;

4) биргелешкен (кабарлашып) окуп-үйрөнүү;

5) практикада колдонуу.

Тапшырмалар конкреттүү окуучулардын көйгөйлөрүн эске алат жана алардын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Көйгөйлөрдү чечүү процессинде өспүрүмдөр жөнөкөйдөн татаалга, формуладан чыгармачылыкка өтүшөт. Өспүрүм курактагы окуучулардын өз алдынча таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул тапшырманын терең ойлонулган түзүлүшү.

Контролдук этап өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмүн өнүктүрүү процесси системалуу болуп, ал сабаттуу уюштурулуп, керектүү ресурстар менен камсыз кылынышы керектигин тастыктады. Мындай учурда, бул ишмердүүлүк эң натыйжалуу болот жана анын натыйжасы мүмкүн болушунча узак мөөнөттүү болот.

Мугалимдер, ата-энелер бул көйгөйдү чечүүдө бири-бири менен өз ара аракеттенишүүгө болгон каалоосун жана даярдыгын көрсөтүштү. Алар көпчүлүк өспүрүм курактагы окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү

чөйрөсүндө кыйынчылыктар бар экендигин кабыл алышат жана алардын көпчүлүгү кырдаалды оңдоодо активдүүлүктү көрсөтө алышты. Жыйынтыктоочу тегерек отурумду уюштурганыбызда, алар төмөнкүдөй сунуштарды бизге бере алышты.

**Тегерек отурумдун жыйынтыгы боюнча иштеп чыккан сунуштар:**

– баа берүүнүн жыйынтыктарын эске алуу менен окуу боюнча бар болгон стандарттарга ылайык келген өспүрүм курактагы окуучуларында окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык материалдарды иштеп чыгуу;

– окуу боюнча талаптар жана стандарттар, программалар жана окуу китептерин жакшыртуу жана баалоо изилдөөсүнүн жыйынтыктарын өз учурунда эске алуу максатында дайыма ревизия жүргүзүү;

– сөз байлыгын кеңейтүү жана тааныш эмес сөздөрдү окуу көндүмүн жакшыртуу максатында ар түрдүү тексттерди (илимий – популярдуу, маалыматтык, көркөм ж.б.) окуу үчүн хрестоматияларга жана окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо;

– мугалимдер үчүн методикалык колдонмого жана окуу китебине тапшырмалардын ар түрдүү типтерин жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө басым жасалган суроолорду киргизүү;

– окуу көндүмдөрүн жакшыртуу үчүн окутуу-тарбиялоо процессинде калыптандыруучу баалоону пайдалануу;

– өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө арналган сабактан тышкаркы иш чараларга катышуу активдүүлүгүн демилгелөө үчүн мектепте окуучулардын кызыгуу багытына ылайык предметтик ийримдерди, секцияларды, клубдарды уюштуруу;

– ата-энелерди окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча иш-чараларга, класстагы китепкананы түзүүгө тартуу, ата-энелерге окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү жөнүндө, дайыма үй-бүлөдө окуу боюнча отчет берүү.

Биз педагогикалык эксперименттин натыйжасында бардык үч топто тең мугалимдерде, өспүрүм окуучуларында жана алардын ата-энелеринде окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө кызыгуунун жана шыктануунун оң динамикасын белгилей алабыз.

Мына ошентип, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы боюнча талдоо бизге кээ бир жалпы жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

Илимий изилдөө ишибиздин максаты менен божомолуна карата алынган милдеттерди аткарып, белгилүү натыйжа алынды. Ата-энелер менен кызматташууну, мугалимдерге окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө арналган педагогикалык усулдарды өркүндөтүү керектиги тастыкталды. Өспүрүм курактагы окуучулардын кабыл алуу түрлөрүн аныктоо менен, ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмалардын топтомун пайдалануу менен сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган окутуунун методдорун колдонуу оң динамиканы байкоого өбөлгө түздү.

## Үчүнчү бап боюнча жыйынтык

Өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун жана өнүктүрүүнүн педагогикалык, психологиялык негиздерине таянып, окуу маданиятынын жаңы мазмунун, максат – милдеттери менен натыйжалуу (таасирдүү) методдорун сунуш кылуу педагогикалык эксперименттин башкы багыттардын бири болду.

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун натыйжалуулугу алардын окуу материалды кабыл алуу түрлөрүнөн, окуучулардын курагына жараша алынган окуу тапшырмаларынын түрлөрүнүн мазмунунан, мугалимдердин, балдардын ата-энелеринин окуу көндүмүн өнүктүрүүгө болгон көз караштары менен пикирлеринен көз каранды экендиги тастыкталды.

Педагогикалык эксперимент өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүдө аныкталган педагогикалык шарттарды тандалып алынган мектептердин окутуу-тарбиялык процессине киргизүүдөн натыйжалуулугун аныктоо максатын көздөп, үч этапты (констатациялоочу, калыптандыруучу, текшерүүчү) пландаштырып, алардын милдеттери аныкталып, программалары иштелип чыгып, алынган жыйынтыктар талданды.

1) Педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабында өспүрүм окуучулардын окуу көндүмүнүн алгачкы деңгээли аныкталды.

2) Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу калыптандыруучу этабында тандалган эксперименттик 3 топтун окуучуларына сунуштай турган ар түрдүү деңгээлдер боюнча тапшырмалардын комплексин иштеп чыктык. Бул тапшырмалардын комплекси кылдаттык менен иштелип чыгып, эң маанилүүсү өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлине дал келген.

3) Педагогикалык эксперименттин текшерүү этабында биз иштеп чыккан тапшырмалардын комплексин кайрадан сунуш кылдык. Атайын иштелип чыккан тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдеринин комплекси менен таанышкан жана алектенген эксперттик топтогу окуучулардан башка контролдук топко караганда оң динамиканы белгилей алдык. Статистикалык талдоо жүргүзгөндөн кийин, эксперименттик топто окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээли жогорулагандыгын аныктадык.

Ошентип, биздин тапшырмалардын комплекси ийгиликтүү сыналып, жакшы натыйжаларды көрсөттү жана окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө сынчыл ой жүгүртүү технологиясы негиз болду гипотезасын тастыктады деп эсептейбиз.

# КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгү башка маанилүү ишмердүүлүктөрдүн ичинен айрыкча орунду ээлейт. Окуу-репродуктивдүү ишмердүүлүк болгону менен, окуучу окуу аркылуу дүйнөнү кабыл алат, чөйрөнү таанып-билүүсү өсөт, тарбиялык маанилүү маалыматтарды алат, сөдүк кору байыйт, сөз байлыгы артат, сөз маанисин түшүнөт, логикасы кенейет, ой жүгүртүүсү калыптанат, сүйлөө ишмердүүлүгүнө багыт алат. Педагогикалык булактар баланын окуу ишмердүүлүгү анын сүйлөө ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышта өнүгөт жана андан ары уланат деп белгилешет. Өспүрүм окуучуларынын курагына жараша ар түрдүү тексттерди окуу жана түшүнүү билгичтиги бардык башка предметтер боюнча ийгиликтүү окутуунун негизинде жатат. Математика боюнча маселенин шартын түшүнбөгөн бала, аны чече албайт; табият таануу боюнча текстти түшүнбөй – суроолорго жооп бере албайт.

Педагогикалык булактар жана адабияттарда курактык мезгилге бөлүштүрүү – бул маанилүү экендиги белгиленет. Өспүрүмдүн психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү менен таанышып чыгып, өспүрүм курагы – баланын өнүгүүсүндөгү өзгөчө мезгил, ал көп жагынан чечүүчү мүнөзгө ээ, ушул учурда ага өнүгүп жаткан чөйрөнү туура түзүү керектигин аныктай алдык. Ошондой эле өспүрүмдүн психологиялык абалына өзгөчө көңүл буруу керектигин, өзүн-өзү түшүнүүдө олуттуу өзгөрүүлөр бар экендигин изилдөөлөрдүн жыйынтыктары тастыктайт.

Өспүрүмдүн инсандык касиетинин маанилүү өзгөчөлүгү – бул өзүн-өзү тастыктоого умтулуу, ал көз-караштардын, ойлордун, чечимдердин өз алдынчалыгына, коомдо өз ордун ээлөөгө умтулуусунда жана эң алгач, теңтуштарынын арасында чагылдырылат. Өспүрүмдөрдө коллективизм, жолдошчулук, милдет жана ар-намыс сезимдери ачык көрсөтүлөт. Алар теңтуштарынын коллективинде кабыл алынган адеп-ахлак нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин тез үйрөнүшөт, жолдошторунун коомдук пикирин жогору баалашат.

Өспүрүмдүк куракта окуучуларынын турмуштук мамилелер системасынын бардыгы кайра курулат жана ал жаңы талаптарды канчалык ийгиликтүү аткара алгандынан көпчүлүгүндө аныкталат.

Окуу – өспүрүмдүк куракгагы окуучунун алдынкы ишмердүүлүгү, ал баланын өнүгүүсүндө болуп жаткан маанилүү өзгөрүүлөрдү аныктайт. Системалуу окуу, балдардын жаңы билим жана билгичтиктерди өздөштүрүүсү, курчаган чөйрөгө активдүү кызыгуусу, жаңы таанып билүү муктаждыктарынын өнүгүүсү үчүн шарт түзөт. Бул тууралуу белгилүү окумуштуулар, педагогдор өзүлөрүнүн эмгектеринде тастыкташат.

Д.Б. Эльконин окуу деген эмне экендигин биринчи жолу аныктаган. Ал окуганга алгачкы үйрөтүүнү ишмердүүлүк теориясынын айрыкча, кеп ишмердүүлүгүнүн теориясы жана акыл-эс аракеттери көз карашынан баалаган.

Педагогикада «окуу көндүмү» термини басма текстин үн чыгарып окуу боюнча автоматташтырылган билгичтиги катары мүнөздөлөт. Бул учурда, текст тууралыгы менен аныкталат (катасыз, ийкемдүү окуу); шар окуу (окуу ылдамдыгы); түшүнүүсү (тексттин чыныгы мазмунун жана автордун ниетин түшүнүү) жана көркөмдүүлүгү (окуганда интонацияны сактоо). Алгачкы эки сапат (туура жана шар окуу) окуу ыкмасы менен айкалышууда (тамга боюнча, муундап, бүтүндөй сөз менен, аралаш) окуу техникасы деп аталат

Калыптанбаган окуу көндүмү бардык сабактар боюнча ийгиликтүү окууга тоскоол болот, анткени окуу – жалпы окуп-үйрөнүү көндүмү. Ар кандай мамилелерди колдонсо дагы, көпчүлүгүндө мугалим менен ата-энеге балага окугандарын түшүнүүгө үйрөтүү, окууга болгон туруктуу кызыгуусун жана өз алдынча окууга болгон муктаждыгын калыптандыруу өтө кыйынга турат. Ал эми чечилбеген көйгөй – бул мектептеги ийгиликсиздикке жана жалпы эле ийгиликсиздикке түз жол. «Окуу көндүмү» термини менен катар «окуу техникасы» деген түшүнүк колдонулат. Окуу техникасы – бул окуу ыкмасы, темпи жана анын тууралыгы.

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин талдап, биз аныкталган маселени натыйжалуу чечүү педагогикалык шарттардын белгилүү системасын түзүү жана ишке ашыруу менен мүмкүн болот деген тыянакка келдик. Мына ошондуктан, өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн биз педагогикалык шарттардын жыйындысын комплексттүү киргизүүгө маани берилип, төмөнкү педагогикалык шарттарды аныктоого мүмкүндүк берди: **о**кутуу процессинде окуучунун маалыматты кабыл алуусунун түрлөрүн эске алуу; ата-энелер менен балдарынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү иш-чараларын даярдоо жана өткөрүү; тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдерин сунуштоо.

Ар бир педагогикалык шарттардын өзгөчөлүктөрүнө токтолуу, алардын маңызын, ишке ашыруусун, ордун түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталган. Педагогикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө колдонулган илимий методдордун чөйрөсү бир кыйла кеңири экендиги белгилүү. Биздин изилдөө ишибиздин объект жана предметине жараша теориялык жана эмпирикалык методдордун арасынан кээ бир методдорду бири-бирин толуктоо менен колдондук.

Теориялык методдордун арасынан биз моделдөө методун ийгиликтүү колдоно алдык. Бул метод өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн идеалдуу абалынын моделин куруу менен байланышта болду. Моделдештирүү түздөн-түз кабыл алуу мүмкүн болбогон объектилерди жана процесстерди элестетүүгө жардам берет.

Орто мектептеги өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү моделин түзүүдөгү башкы максатыбыз, биздин оюбузча, ар түрдүү методдорду биримдикте жана бүтүндүктө пайдалануу менен, моделдин ийкемдүүлүгүн камсыз кылуудан, анын тез реакция жасашынан жана ар дайым өзгөрүлүп турган шарттарга ылайыкташуусунан турат. Биз сунуш кылган моделдин компоненттери өспүрүм курактагы

окуучуларнын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү процессинин ички уюштурулушун – максатын, милдеттерин, негизги идеялардын мазмунун, уюштуруу формаларын жана методдорун ачып берет жана ушул процесстин элементтеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүсүнүн туруктуу кайра жаралуусуна жооп берет.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында «Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү модели» практикага сунушталган. Ал бири-бирин толуктаган, өз ара байланышкан компоненттерден турат.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү технологиясынын өзгөчөлүгү биринчиден, окутуу процесси инсан менен маалыматтын өз ара аракеттенүүсүнүн илимий негизделген мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн негизинде курулат. Экинчиден, бул технологиянын баскычтары (чакыруу, түшүнүү, ойлонуу) ар бир окуп-үйрөнүү кырдаалында, ар бир убакта мугалим мүмкүн болушунча ийкемдүү жана ачык боло алгыдай окутуу методдору (ыкмалары) менен камсыз болгон: сөз өспүрүм окуучулардын (биздин контекстте) ар түрдүү жанрдагы, формадагы, түрдөгү текст менен иштөөсү жөнүндө болуп жатат. Үчүнчүдөн, технологиянын окутуу методдору (ыкмалары) окуп-үйрөнүү процессин *кызматташуу, биргелешип пландаштыруу жана түшүнүү* принциптеринин негизинде уюштурууга мүмкүндүк берет.

Биздин контекстте «технология» терминин алгоритм менен механикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү катары эмес, тескерисинче, өз алдынча, сынчыл ой жүгүртүүчү адисти калыптандыруу процессин шарттаган ачык окутуу методдордун (ыкмалардын) системасын катары карадык.

Практика жүзүндө окуу көндүмүн өнүктүрүүгө багытталган сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методдорун талдоонун натыйжасында бул методдорду колдонуу максаты, чечмелениши, кадамдары менен тааныштыруу зарылчылыгы бар экендигин туура таптык.

Ар бир окутуу методдорунун ишке ашыруу схемасы бар жана анын кадамдарынын так аткарылышы окуу процессин натыйжалуу кылат. Кайсы бир кадам аткарылбай калса, түшүнүү деңгээли терең болбой калат жана окуучулардын окуу көндүмүнүн калыптануусу татаалдай баштайт. Сынчыл ой жүгүртүү методу интерактивдүү болуп, биргелешкен окутууга артыкчылык берет. Аны «ИНСЕРТ», «Зигзаг», «Билем-билгим келет-билдим» окутуу методдорунун ачыкталышы менен көрсөтүлдү. Ар бир окутуу методунун максаты – окуучуларды даяр жоопторду берүү үчүн эмес, жеке өзүнүн оюн калыптандырууга, изденүүгө түрткү берүү. Ушундай процессте, чөйрөдө окуучу маалыматты жаттоого жана аны кайра айтып берүүгө көңүлүн топтобой, өз оюн негиздеп, өз алдынча жыйынтык чыгарууга үйрөнөт.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методдорун колдонуу аркылуу сабактарды уюштурганда мугалимдин милдети окуучуларга башкалардын пикирин укканды, ар бир ой баалуу, аны сыйлоо керектигине тарбиялоо. Мугалим ушундай чөйрөнү түзгөндө окуучулар өз идеяларын талдаганга жана тактаганга, жеке турмуштук тажрыйбасы менен өз билиминен жаралган ойлордун системасын түзгөнгө үйрөнүшөт. Бул ишмердүүлүк өспүрүм курактагы окуучулар үчүн сунушталып жаткандыгы маанилүү, анткени окуп-үйрөнүү процессинде окуу көндүмүн калыптандырууга шыктануу (мотивация) кеңири орун ала баштайт.

Өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун жана өнүктүрүүнүн педагогикалык, психологиялык негиздерине таянып, окуу маданиятынын жаңы мазмунун, максат – милдеттери менен натыйжалуу (таасирдүү) методдорун сунуш кылуу педагогикалык эксперименттин башкы багыттардын бири болду.

Өспүрүм курактагы окуучуларынын окуу көндүмдөрүнүн калыптануусунун натыйжалуулугу алардын окуу материалды кабыл алуу түрлөрүнөн, окуучулардын курагына жараша алынган окуу тапшырмаларынын түрлөрүнүн мазмунунан, мугалимдердин, балдардын ата-

энелеринин окуу көндүмүн өнүктүрүүгө болгон көз караштары менен пикирлеринен көз каранды экендиги тастыкталды.

Педагогикалык эксперимент өспүрүм окуучуларынын окуу көндүмүн өнүктүрүүдө аныкталган педагогикалык шарттарды тандалып алынган мектептердин окутуу-тарбиялык процессине киргизүүдөн натыйжалуулугун аныктоо максатын көздөп, үч этапты (констатациялоочу, калыптандыруучу, текшерүүчү) пландаштырып, алардын милдеттери аныкталып, программалары иштелип чыгып, алынган жыйынтыктар талданды.

1) Педагогикалык эксперименттин констатациялоочу этабында өспүрүм окуучулардын окуу көндүмүнүн алгачкы деңгээли аныкталды.

2) Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабында тандалган эксперименттик 3 топтун окуучуларына сунуштай турган ар түрдүү деңгээлдер боюнча тапшырмалардын комплексин иштеп чыктык. Бул тапшырмалардын комплекси кылдаттык менен иштелип чыгып, эң маанилүүсү өспүрүм окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн деңгээлине дал келген.

3) Педагогикалык эксперименттин текшерүүчү этабында биз иштеп чыккан тапшырмалардын комплексин кайрадан сунуш кылдык. Атайын иштелип чыккан тапшырмалардын ар түрдүү деңгээлдеринин комплекси менен таанышкан жана алектенген эксперттик топтогу окуучулардан башка контролдук топко караганда оң динамиканы белгилей алдык. Статистикалык талдоо жүргүзгөндөн кийин, эксперименттик топто окуу көндүмдөрүнүн өнүгүү деңгээли жогорулагандыгын аныктадык.

Биз педагогикалык эксперименттин натыйжасында бардык үч топто тең мугалимдерде, өспүрүм окуучуларында жана алардын ата-энелеринде окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө кызыгуунун жана шыктануунун оң динамикасын белгилей алабыз.

## ПАЙДАЛАНГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Абдухамидова, Б. Кыргыз балдарынын окурмандык көндүмдөрүн өркүндөтүү маселелери [Текст] / Б. Абдухамидова. – Хабаршы. – 2014. – 45-48-бб.
2. Адлер, М. Как читать книги [Текст]: руководство по чтению великих произведений / М. Адлер. – Киев: Манн, 2019.
3. Авдулова, Т.П. Подростки в информационном пространстве [Текст] / Т.П. Авдулова // Психология обучения. – 2010. – №4. – С. 28-38.
4. Авдулова, Т.П. Психология подросткового возраста [Текст] / Т.П. Авдулова. – М.: Академия, 2012. – 240 с.
5. Акбашева, А.С. Уроки внеклассного чтения как средство педагогического воздействия на самостоятельное чтение школьника подростка [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / А.С. Акбашева. – Л., 1975.
6. Алимбеков, А. Окутуунун жалпы методдору [Текст] / А. Алимбеков. – Бишкек, 2004. – 52 б.
7. Аликова, А.М. ЖОЖдогу инсанга багытталган окутуу [Текст] / А.М. Аликова, Ж.Д. Асекова. – Бишкек, 2012.
8. Амонашвили, Ш.А. Педагогическая симфония [Текст] / Ш.А. Амонашвили. – М.: МЦР, 2002. – 577 с.
9. Амонашвили, Ш.А. Здравствуйте дети! [Текст]: пособие для учителя / Ш.А. Амонашвили. – М.: Просвещение, 1983. – 208 с.
10. Амонашвили, Ш.А. Личностно-гуманная основа педагогического процесса [Текст] / Ш.А. Амонашвили. – Минск, 1990. – 559 с
11. Андреев, В.И. Педагогика [Текст]: учебный курс для творческого саморазвития / В.И. Андреев. – 3-е изд. – Казань: Центр инновационных технологий, 2003. – 608 с.

12. Андреева, И.В. Книга и библиотека в самосознании старших подростков (как читателей художественной литературы) [Текст]: дис. … канд. пед. наук / И.В. Андреева. – СПб, 1997.
13. Ананьев, Б.Г. Анализ трудностей в процессе овладения детьми чтением и письмом [Текст] / Б.Г. Ананьев // Известия АПН РСФСР. – 1950. – Вып. 70.
14. Асипова, Н.А. Социально-педагогические факторы развития и становления подростка [Текст] / Н.А. Асипова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – Бишкек, 2004. – С. 6.
15. Асипова, Н.А. Успешная социализация школьников как фактор повышения успеваемости [Текст] / Н.А. Асипова // Известия ВУЗов. – Бишкек, 2004. – №6.
16. Асмолов, А.Г. Формирование универсальных учебных действий в основной школе: от действия к мысли [Текст]: пособие для учителя / А.Г. Асмолов, Г.В. Бурменская, И.А. Володарская. – М.: Просвещение, 2010. – 159 с.
17. Бабанский, Ю.К. Методы обучения в современной общеобразовательной школе [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М., 1985. – 183 с.
18. Бабанский, Ю.К. Оптимизация процесса обучения [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М.: Педагогика, 1977. – 254 с.
19. Байгазиев, С.О. Окутуунун интерактивдик методу [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 2004. – 25 б.
20. Балдар аянтындагы улуулардын мыйзамы // Мектеп-школа. – Бишкек, 2010. – №1. – 82-б.
